**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Кол жазма укугунда

УДК 37:37.3:37.04

**АЛИЕВА КАНЫШАЙ УЛАРОВНА**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН ҮЙ-БҮЛӨДӨ РУХАНИЙ-АДЕПТИК ТАРБИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

**13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы**

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**

педагогика илимдеринин доктору,

профессор А.Т. Калдыбаева

**Ош – 2021**

## МАЗМУНУ


**КИРИШҮҮ**......................................................................................3

**БИРИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН ҮЙ-БҮЛӨДӨ РУХАНИЙ-АДЕПТИК ЖАКТАН ТАРБИЯЛООНУН ТЕОРИЯЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ**

1.1. Башталгыч класстын окуучуларына үй-бүлөдө руханий-адептик тарбия берүүнүн педагогикалык маселеси..................................................9

1.2. Инсанды руханий-адептик тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу...........28

1.3. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды тарбиялоо проблемасынын кыргыз этнопедагогикасында изилдениши жана методологиялык таянычтары........................................................................................48

Биринчи бап боюнча корутунду...................................................58

**ЭКИНЧИ БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары, методдору жана теориялык модели......................................................................................61

2.2. Башталгыч класстын окуучуларына үй-бүлөдө руханий-адептик тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары......................................75

Экинчи бап боюнча корутунду.....................................................85

**ҮЧҮНЧҮ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН ҮЙ-БҮЛӨДӨ РУХАНИЙ-АДЕПТИК ТАРБИЯЛООНУ ЭКСПЕРИМЕНТ АРКЫЛУУ ТЕКШЕРҮҮ**

3.1. Башталгыч класстын окуучуларына руханий-адептик тарбиялоодо үй-бүлөлүк чөйрөнү түзүү .....................................................87

3.2. Окуучуларга үй-бүлөдө руханий-адептик тарбия берүү багытындагы иштерди пландаштыруу жана өткөрүү ...........................110

3.3. Үй-бүлөдө окуучуларга руханий-адептик тарбия берүү боюнча эксперименттик иштердин жыйынтыгы ..........................................125

Үчүнчү бап боюнча корутунду..................................................150

**КОРУТУНДУ** ...............................................................154

**ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР**.........................................156

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**............158

**ТИРКЕМЕЛЕР**

# КИРИШҮҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** XXI кылымда кыргыз коомунун бардык таалим-тарбия институттары анын ичинде үй-бүлө балдарды руханий-адептик жактан тарбиялоо жаатында кризистерге туш болгону ачык байкалууда. Бул тенденция үй-бүлөдө нарктуу муунду тарбиялоонун өзөктүү ориентири катары кызмат кылып келген *эл, ата мекен, мекенчилдик, эне тил, туулган жер, кең пейилдик, атуулдук, ак эмгек, мээнет менен жашоо кечирүү* сыяктуу салттык баалуулуктардын таасири тайыздап, аларды сактоо, өнүктүрүүгө багытталган долбоорлорду системдүү ишке киризүү мехнизимдеринин жеткиликтүү иштелип чыкпагандыгы, алардын натыйжасында балдар жана жаштардын руханий адептик дүйнөсүндө бөтөн маданий кыртышта жаралган массалык маданияттын элементтеринин тамыр жайышынан көрүнүүдө. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Президенти С. Жапаровдун “Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсүн жана дене тарбиясын камсыз кылуу жөнүндө” Жарлыгын [83] жана аны жүзөгө ашырууга багытталган концепциянынын добоорун [102] түзүлгөн кырдаалга карата коомдун, мамлекеттин, илимий педагогикалык институттардын рефлекциясы катары кабылдоого болот.

Салттуу кыргыз үй-бүлөсүндө «Максатыбыз эле балдарды бутуна тургузуу», “балдар биздин келечегибиз”, “балдарга ыйман берсин», “бактынын башаты балдарда”, “балдарыбыз эл керегине жараса экен» -деген күнүмдүк турмуш агымында жыш учураган сөздөр бир эле мезгилде ата-энелердин педагогикалык ой санаасынын максатын жана натыйжасын туюнткан.

Кыргыз үй-бүлөсүндөгү мындай акыйкаттардын айрым аспектилери түрдүү илимдерде анын ичинде этнографияда Аплетаев М.Н. [25], А. Акматалиев [5], философияда Р. Ачылованын [33] эмгектеринде чагылдырылган.

Изилдөөбүздө биз кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды руханий адептик жактан тарбиялоо маселелерин борборго койдук. Кыргыз педагогикасында

бул маселенин жалпы этнопедагогикалык негиздерин А. Э. Измайлов [84], К. Кыдыралиев [100], А. Алимбеков [12, 13, 14, 15], А. Калдыбаева [87, 88], С. Рысбаев [152], А. Акматалиев [5, 6], С. Иптаровдор [86] изилдешкен. Мектеп окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоо маселелерине К. Акматовдун [7, 8, 9, 10, 11] эмгектери арналган. Ал эми үй-бүлөнүн тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү, ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү проблемалары чет элдик педагогикалык адабияттарда А. Адлер [4], Б.Ш. Алиева [20, 288], ата мекендик педагогикада Т.А. Умурбекова [165], Г. Мадаминовдордун [108] изилдөөлөрүндө чыгылдырылган.

Социалдык-педагогикалык тажрыйбалардын жана илимий-педагогикалык адабияттардын анализи башталгыч класстын окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик тарбиялоодогу төмөнкүдөй карама-каршылыктарды белгилөөгө мүмкүнчүлүк берди:

– балдарды руханий–адептик жактан тарбиялоо боюнча коомдук талаптар менен үй-бүлө тарбиясынын ал талаптарга толук шайкеш келбей жаткандыгы;

– элдик педагогикалык жана заманбап илимий педагогикалык билимдер фондунда башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоо боюнча ориентирлер бар экендиги жана алардын үй-бүлө тарбиясында жетишээрлик жетекчиликке алынбай колдонулбай келе жаткандыгынын ортосундагы ажырым;

– педагогикалык практикада башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоонунун шарттары боюнча илимий билимдерге муктаждык бар экендиги менен мындай билимдердин жетишээрлик деңгээлде иштелип чыга электигинин ортосундагы карама-каршылык.

Таалим-тарбия практикасы менен педагогикалык илимге таандык мындай кем өксүктөр изилдөөнүн проблемасын “Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоо кандай шарттар

аркылуу жүзөгө ашат? – деп формулдоого негиз болду.

Белгиленген проблеманын педагогикалык теория жана практика үчүн актуалдуулугу, теорялык жана практикалык жактан жетиштүү иштелип чыга электиги бизге «Башталгыч класстын окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик тарбиялоонун педагогикалык шарттары” – деген темада изилдөө жүргүзүүгө түрткү болду.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Изилдөөнүн темасы Ош мамлекеттик университетинин “Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы, психологиясы” кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты:** башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялонун моделин, педагогикалык шарттарын теориялык жактан негиздөө, апробациялоо, практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоо ишин теориялык-методологиялык негизде уюштурууга өбөлгө болуучу руханий-адептик тарбиянын маңызы, мааниси, балдарды адепке тарбялоодогу үй-бүлөнүн детерминанттык ролу тууралуу илимдеги концептуалдуу жоболорду системалаштыруу, жалпылоо, тактоо.

2. Башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоонун максаттык, мазмундук, технологиялык, жыйынтыктарды баалоо деңгээлиндеги структуралык-функционалдык моделин иштеп чыгуу.

3. Ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүү аркылуу үй-бүлөдө бакубат руханий –педагогикалык чөйрө жаратуу, ата-энелердин балдарды руханий-адептик жактан тарбиялоо иш аракетин уюштурууга багытталган педагогикалык шарттарын аныктоо

4. Айкындалган шарттардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын негизинде илимий-

методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоонун өзөктүү түшүнүктөрүнө таандык методологиялык жоболор, теориялык көз караштар Кыргызстандын социалдык маданий мейкиндигинин контекстинде ачылып көрсөтүлдү жана такталды.

2. Башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоонун максаты, мазмуну, компоненттери, критерийлери, автордук программалык, технолологиялык каражаттары, натыйжаларды өлчөө, баалоо инструменттери өз ара көз карандылыктагы структуралык–функционалдык модель катары теориялык жактан негизделди жана иштелип чыкты.

3. Ата-энелерди башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоо чөйрөсүндөгү билимдерге жана бул процессти уюштуруу боюнча көндүмдөргө ээ кылууну программалык жана процессуалдык жактан камсыз кылуучу педагогикалык шарттары айкындалды.

4. Башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоонун модели жана педагогикалык шарттары эксперимент аркылуу текшерилип илимий-практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Башталгыч класс окуучуларынын руханий-адептик жактан тарбиялангандыгынын мазмуну, негизги көрсөткүчтөрү, өлчөө жана баалоо критерийлери, диагностикалык инстурментарийлери башка изилдөөлөрдө колдонулушу мүмкүн. «Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик жактан тарбиялоонун ресурстарын активдештирүү», "Үй-бүлөдө руханий-адептик тарбиялоо" пакет программалары жана аларды коштогон методдордун системасы ата-энелердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү системасында ошондой эле, ЖОЖдордо болочок мугалимдерди ата-энелер менен иштөөгө даярдоо үчүн атайын курстарды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Азыркы илимий адабияттардагы жоболорду корутундулоо руханий-

адептик тарбияны коомдо кабыл алынган адептик баалуулуктар менен жүрүм турум эрежелерин муундан муунга улантып кайра өнүктүрүү ишмердүүлүгү катары мүнөздөөгө негиз берет. Максаты балдарда адамдарга, мекенге, коомго, табиятка, эмгекке карата адамгерчиликтүү мамилелердин системасын калыптандырууга багытталып, анын натыйжалуулугу өзгөчө башталгыч класс окуучуларынын куректык өзгөчөлүктөрүнөн улам үй-бүлөнүн максаттуу иш аракетинен көбүрөөк көз каранды болот.

2. Башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоонун системасы катары негизделген структуралык функционалдык модель бул процесстин максаты, мазмуну, ишке ашыруу принциптери, каражаттары, натыйжаларын баалоо критерийлери сыяктуу компоненттердин өз ара көз карандылыктагы тутумунан турат.

3. Башталгыч класс окуучуларынын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоонун натыйжалуулугу ата-энелердин педагогикалык билимдерин жана тарбиялык ишмердүүлүгүн активдештирүүгө, өнүктүрүүгө багытталган программалык материалдардын пакетин жана педагогикалык шарттардын системасын иштеп чыгып үй-бүлө чөйрөсүндө колдонуу аркылуу өнүгөт.

4. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары долбоорлонгон теориялык жана практикалык иш-чаралардын реалдуулугун жана натыйжалуулугун тастыктайт.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:** диссертациялык ишке коюлган проблеманын илимий-педагогикалык идеясы, максат-милдеттери, педагогикалык процесстеги структуралык функционалдык модели автордун өзү тарабынан иштелип чыкты. Башталгыч класс окуучуларынын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоонун теориялык-прикладдык жолдору айкындалды, натыйжада, педагогикалык эксперимент өткөрүлүп, анын илимий-практикалык жыйынтыктары чыгарылды.

**Изилдөөнүн натыйжаларын тастыктоо жана жыйынтык кортундуларын практикада колдонуу, ишке киргизүү төмөнкүчө жүзөгө ашты:**

– изилдөөнүн негизги концепциялары, натыйжалары Ош мамлекеттик университетинин “Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы, психологиясы” кафедрасынын отурумдарында талкууланып такталып турду;

– диссертант тарабынан ата-энелердин башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоо ишмердүүлүгүн активдештирүүгө багытталган программалык материалдардын пакети өзүнүн катышуусу менен сыноодон өттү;

– диссертациялык изилдөөнүн материалдарынын негизинде эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда билдирүүлөр жасалып, жарыяланып турду.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн багыты боюнча 12 макала, 1 илимий-усулдук колдонмодо чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, жалпы корутундудан, адабияттар тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациялык иштин толук көлөмү – 157 бет, таблицанын саны – 9, сүрөттөр – 16, тиркеме – 5.

# БИРИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНА ҮЙ-БҮЛӨДӨ РУХАНИЙ-АДЕПТИК ТАРБИЯ БЕРҮҮНҮН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДОЛОГИЯЛЫК ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

## 1.1.Башталгыч класстын окуучуларына үй-бүлөдө руханий-адептик тарбия берүүнүн педагогикалык маселеси

Азыркы учурда жалпы цивилизациялык статуска ээ болгон XXI кылымдын адамы тынымсыз өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Интеллектуалдык деңгээлдеги талаптардын мындай тынымсыз өсүүсү, негизги көңүлдү маалымдуулукка, социалдык жана кесиптик компетенттүүлүккө алып келди. Бул учурда бир катар салттуу баалуулуктар актуалдуулугун жоготуп, экинчи деңгээлдеги, б.а. жашоодо экинчи же үчүнчү планга жылдырылган артыкчылыктардын бирине айланды.

Адамдын жашоо ишмердик процессиндеги руханий-адептик баалуулуктар олуттуу тарбиялык потенциал экендигине карабастан, аны изилдөө узак убакыттар бою кыргызстандык жана чет элдик окумуштуулардын изилдөөсүнүн обьектисине айланбай келди. Бирок, бүгүнкү күндө бул кырдаал акырындык менен өзгөрүүдө .

Адамзат тарыхы – бул белгилүү өлчөмдө адамдык мамилелердеги ак менен каранын, жакшы менен жамандын айрымачылыгын таануу аркылуу өзүнүн тукумун жакшыртууга умтулуунун тарыхы экендиги уламыш, мифтерден, азыркы илимий изилдөөлөргө чейин белгиленип келет. Анын негизинде түптөлгөн түшүнүктөр, баалуулуктар ар качан илимий талкуунун предмети болуп келген.

Руханият, адеп маселелери тууралуу ой жорумдар байыркы батыш маданиятында Пифагор, Платон, Аристотель, Сократ, Августин, Диоген сыяктуу ойчулдардын эмгектеринен башат алса, чыгышта анын ичинде Борбордук Азияда энциклопедист ойчулдар Аль-Фараби, Абу Али Ибн Сина, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари, Ахмет Ясеви, Мевлана, Юнус Емре, Ахмед Жугнаки, Низами Гянджевилердин эмгектеринде өнүккөн. Түрдүү

тарыхый социалдык кырдаалдарга, коомдук баалуулуктарга ылайык анын мазмуну бирде нукура дин менен бирде адамдын өзүнүн активдүүлүгүнө басым жасаган коомдук реалдуу баалуулуктар менен алака катышта өнүгүп келген. Мындай көп кырдуу кубулуштардын изи классикалык педагогикада (Я.А. Коменский, И.Г. Песталоцци, Ж.-Ж. Руссо, К.Д. Ушинский А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский) да даана байкалат.

Биздин изилдөөбүздүн методологиялык өңүтү азыркы философиялык, психологиялык-педагогикалык эмгектерге таянуу менен руханий адептик тарбиянын негизин түзгөн *“рухaният” (духовность), “мораль”, “адеп”* түшүнүктөрүн тактап алуу зарылдыгын жаратты.

Сөздүктөрдө “Руханият – жан дүйнө абалы”, “адамдын денеден бөлөк акыл-эс жана моралдык күчтөрүнө, эркине таандык бардык нерселери” (В.И. Даль) анын акыйкатка, жакшылыкка, асылдыкка карата ишенимдери, умтулуулары катары сыпатталат (Н.А. Бердяев). Мындай ишенимдер менен баалуулуктар түрдүү диндерде, элдерде, маданияттарда бөтөнчө аңдалып бөтөнчө аталган менен айкөлдүк, адилеттик, адамгерчилик, достук, топуктуулук, каниеттүүлүк, кечиримдүүлүк, сабырдуулук сыяктуу дүйнө элдерине текши таандык руханий дөөлөттөр бар. Мораль (лат. moralis, mores moralitas) түшүнүгү тике которгондо коомдо кабыл алынган жүрүш-туруш норма, эрежелеринин тутуму. Ал инсандын жорук жосунун жөнгө салып, көзөмөлдөп туруучу уникалдуулугу менен айырмаланат. Мындай көзөмөлдөө процессинде атайын мекемелер эмес, коомдук пикир, элдин назары, каада салттар мааниге ээ. Психологиялык-педагогикалык адабияттардагы мораль түшүнүгүнүн ачыктамалары аны руханий адептик тарбиянын когнитивдик компоненти катары кабылдоого негиз болот.

Илимий адабияттарды анализдөөнүн негизинде руханият, мораль, адеп тарбиясын адамдын насилин түзгөн өз ара тутумдаш мүнөздөмөлөрү катары тыянак жасоого мүмкүнчүлүк берет. Руханият – бул адамдын тандалган максаттарга умтулуусу, аң-сезимдин баалуулуктары.

Мораль – бул адамдардын бири-бирине жана коомго карата жүрүм-турумунун жалпы принциптеринин тутуму. Руханият менен адеп адамдын асылдыктыктарга умтулусунун өзүн-өзү тарбиялоо, өзүн-өзү өнүктүрүүсүнүн векторунун милдетин аткаргандыктан алардын купуя баалоочу аксиологиялык мүнөзгө ээ. Педагогикалык чөйрөдө руханият менен адеп "адамдагы адамгерчиликтин" көрүнүшү деп айтууга толук негиз бар.

Педагогика илиминде калыптанган салтка ылайык руханий-адептик тарбия адамды туура жана жаңылыш адептик түшүнүктөрдү айырмалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ кылуучу жана анын жорук-жосунун өрнөктүү абалга алып келүүчү ишмердүүлүктүн бири. Руханий-адептик тарбия коомдо адептик баалуулуктарды муундан муунга улантып кайра өнүктүрүүнүн бирден бир шарты. Руханий адептик тарбиянын табиятын, мазмунун таанып билүүдө Л.И. Божович [48], Л. А. Выготский [66], А. Алимбеков [16], С. Иптаров [86], И.С. Марьенко [115], Л.М. Смирнов [159], В.А. Сухомлинский [162], С.М. Рубинштейн [148], өзгөчөгө мааниге ээ. Алардын эмгектерине таянуу менен адеп тарбиясын окуучуларда адамдарга, мекенге, коомго, табиятка, эмгекке карата моралдык мамилелердин системасын калыптандыруу процесси катары карайбыз. Руханий-адептик тарбиянын мазмуну адептик билим, ишеним, ынанымдар сезимдер, жүрүм-турум, руханий адепдик рефлекция сыяктуу төрт компоненттен турат. Адептик билимдер инсандын өзү тутунган руханий-адептик баалулуктардын маңыз мааниси тууралуу түшүнүктөр, көз караштар сферасы. Адептик ынанымдар адептүүлүктүн эрежелери жана принциптери менен жөнгө салынуучу жорук-жосундарга жана иш-аракеттерге карата ички түйшөлүү, эмоционалдык сезимдер аркылуу калыптанган тутуктуу көз караш. Руханий-адептик жактан тарбиялоонун натыйжасы инсандын өзүнүн жүрүм-турумунун жалпы кабыл алынган моралдык сапаттарга, нормаларга, эрежелерге дал келишинен көрүнөт. Руханий-адептик рефлекция – өзүнүн дүйнө таанымы, өзүнүн жүрүм турумуна карата өздүк баасы, өзүн өзү өнүктүрүү тууралуу ой санаасы. Адептик тарбиянын натыйжалуулугу курактык өзгөчөлүктөрдөн көз

карандылыгы ошондой эле башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү Р.Ф. Яковлева [172] ж.б. эмгектеринде каралган.

Кыргызстандын таалим-тарбия мейкиндигинде мектеп окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоо маселелери Н.А. Асипова [30, 31], С.Иптаров [86], К.К. Акматовдордун [11] эмгектеринде изилденген. Ал эми башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик маданиятын калыптандыруунун түрдүү аспекттери И. Даминова, Г.Ж Карагозуева, К.М. Миталипов, С.Э. Иманкулова ж.б. диссертациялык изилдөөлөрүнүн предмети болгон. Бул эмгектерди жана өзүбүз тарабынан катталган эмпирикалык материалдардын анализдөөнүн негизинде адамдын руханий-адептик касиеттеринин башаттары өзгөчө башталгыч класста түптөлө баштай тургандыгы, балдарда эл, жер, ата журт, эне тил, ата-эне сыяктуу башкы баалуулуктар жөнүндөгү туура түшүнүктөр канчалык эрте калыптанса ошончолук бекем болоорун белгилейбиз. Экинчиден, башталгыч класс окуучуларына ата-энелердин таасири али күчтүү болгондуктан руханий-адептик жактан тарбиялоо аларды жакындан курчап турган “социалдык-маданий чөйрө” үй-бүлө менен интеграциялык байланыштан көз каранды. Бул маселенин теориялык аспекттери П.Ф. Лесгафт, В.Г. Вахтеров, П.Ф. Каптерев, Е.В. Бондаревская, Л.О. Володина, З.И. Равкин, И.Ф. Свадковский, В.А. Сластёнин ж.б. эмгектеринде кеңири талкууланган.

Кыргыз эл педагогикасындагы үй-бүлө тарбиясынын баалуулуктары түрдүү жанрдык фольклордук булактар, эмпирикалык маалыматтардын негизинде А. Акматалиев [5,6], А.А. Алимбеков [15], Н.А. Асипова [27], А. Муратов [122], С. Байгазиев [39], А.Э. Измайлов [84], С. Иптаров [86], А.Т. Калдыбаева [87, 88], К. Кыдыралиев [100] сыяктуу ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде талдоого алынган. Кыргыздардын салттык маданиятында үй-бүлө улуттун жана келечек муундун руханий-адептик маданиятынын бакыбаттыгынын пайдубалы катары каралган. Нарктуу үй-бүлө болуу сыймыгы ыйманы бекем урпактарды тарбиялоодон көз каранды болгон.

Кыргыз маданиятына таандык мындай чен-өлчөм Ч. Айтматов тарабынан «...адамдын башкаларга кылаар эң чоң жакшылыгы эле үйүнөн Адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү...» , – деп таамай туюнтулган.

Кыргыз үй-бүлө чөйрөсүнүн баарынан мурда ата-энелердин жана жашы улуу балдардын үлгү, нуска болуу жоопкерчиликтери «Көргөн көргөнүн жасайт, көсөө түрткөнүн жасайт», «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат», «Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт», "Мурунку көч кайда барса, кийинки көч да ошол жакка барат" сыяктуу макалдарда салттык педагогикалык кубулуштардын мыйзамы катары ырасталган.

Биз изилдөөбүздүн биринчи милдетинин алкагында үй-бүлө менен коомдук тарбиянын алака катышына байланыштуу илимде калыптанган көз караштарга кайрылдык. Бул маселенин методологиялык өңүтүнө арналган А.С. Макаренко [113], В.А. Сухомлинский [162], И.В. Гребенников [70] эмгектеринде үй-бүлө менен мектептин өз ара бирдиктүү аракетисиз тарбиялоо процессинин натыйжалуулугу азаярын белгилешкен. Кыргызстанда бул проблема А.И. Акулова, Д.Ж. Аманалиев, Н.А. Асипова, Ч.М. Эрмекова, Ж.К. Каныметов, Н.К. Сартбекова жана башкалардын эмгектеринде изилденген.

Бүгүнкү коомдук маданий өнүгүштүн талаптары кыргыз үй-бүлөсүнүн руханий-адептик баалуулуктарын ааламдашуунун алкагындагы жаңы социалдык-маданиятка трансформацияланышын шарттап турат. Ошондуктан, "Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясынын" (2021*)* азыркы кыргыз коомунун улуттук тарбия идеалынын базалык баалуулуктары нукура улуттук нарктар менен азыркы доордун адамына коюлган талаптардын синтезинен туруусу шарт" - деп белгиленген.

Арийне, диссертацияда талдоого алынган илимий теориялык булактар менен документтердеги рационалдуу ой тыянактар жана көрсөтмөлөр башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоонун мазмундук жана процессуалдык жактан долбоорлоо

өркүндөтүүгө өбөлгө боло алат.

Жогоруда саналып өткөн көптөгөн окумуштуулардын изилдөөлөрүндө «руханийлик» түшүнүгүнүн «адептүүлүк», «мораль», «жан дүйнө», «жакшы ниеттүүлүк» ж.б. түшүнүктөр менен маанилеш айкалыштыгы баса белгиленген.

Калыптанып калган философиялык түшүнүккө ылайык, руханийлик - адамдардын жашоонун коомдук-тарыхый процессине аң-сезимдүү мамилеси жана анын чыгармачыл жаңылануусуна жана өнүгүүсүнө катышуусу таанылат. Алсак, К.А. Абульханова-Славская руханийликти адамгерчиликтин, бийиктиктин, гармониянын (шайкештиктин) принциптерине жооп берүүчү инсандык психикалык уюштуруу ыкмасы катары аныктайт. В.В. Знаков инсандын руханий чөйрөсүн интеллектуалдык, акыл ишмердигинин гана призмасынан кароо жетишсиз деп эсептеп субъекттин руханий маданиятын жана дүйнөлүк көз карашын эске алуу менен түшүнүүгө болот дейт. Н.А. Коваль руханийликти чындыкты, жакшылыкты, сулуулукту издөөнүн психикалык бир бүтүн көрүнүшү катары карайт.

Инсандын руханий өнүгүүсүнүн ар кыл аспектилерин изилдөө философиялык, социологиялык, маданият таануу илимдеринин көңүл чордонунда болуп келген. Анын негизи катары адам турмушунда өзгөчө роль ойноочу руханий керектөөлөрдүн пайда болуусу эсептелээри белгиленет. Руханий керектөөлөр керектөөлөрдүн иерархиясында эң жогорку баскычта турары белгилүү. Булардын катарына инсандын өзүнүн жеке руханий-адептик эрежелерин түзүүгө жана бекемдөөгө, интеллектуалдык өзүн өнүктүрүүгө, туруктуулуктун, бекемдиктин жана адептүү руханийликтин, интеллектуалдуулуктун, даанышмандыктын жана аң-сезимдин креативдүүлүгүнүн, сезимдердин көзөмөлдөлүүсү жана гумандуулугунун негизинде ички сезимдердин ойгонуусу катары кароого болот.

С.Б. Кавериндин концепциясында адептүү жана эстетикалуу инсан болуу муктаждыгы, жашоонун маңызын издөөдө, келечектеги жашоого

даярдык жана эмгекке болгон муктаждык сыяктуу руханий керектөөлөр катары каралат. Ошол эле мезгилде инсан болуу муктаждыгы А.В. Петровскийдин [133], адептик жана эстетикалык муктаждыктар Н.А. Ковальдын, жашоонун маңызы тууралуу муктаждыктар А. Маслоунун, В. Франклдын, даярдык жана кыйынчылыктарды жеңүүгө болгон муктаждык П.В. Симоновдун, чыгармачыл эмгекке болгон муктаждык И.Т. Фроловдун, Г.Д. Смирновдун, С.Б. Кавериндин, В.Д. Шадриковдун эмгектеринде каралып, булардын баары биригип процесстин маңызын түзөт, А. Маслоу айткандай, өзүн-өзү актуалдаштырууга болгон муктаждык болуп саналат.

Аталган мүнөздөмөлөргө адамдын ээ болуусу андагы руханий маданияттын калыптангандыгынан кабар берет.

Руханийликтин эң маанилүү өлчөмү катары адептүүлүк эсептелип, ал адам тарабынан адептик баалуулуктарды даражасы катары каралат. Адам адамзаттык коомдун жогорку адептик баалуулуктарына ылайык аракеттенүүсүнө, ишмердигине жараша анын руханийлик деңгээли аныкталат. Коомдук жана жалпы адамзаттык талаптардын адамдын мотивациясы менен дал келүүсү анын адептик эркиндигинин чөйрөсүн түзөт.

Психологиялык батыштык мектептердин жана багыттардын алкагында адептик өнүгүү маселелери боюнча бай теориялык жана эмпирикалык материал топтолгон, анын айрым аспектилери белгиленген эмгектеринде, негизги факторлору жана механизмдери аныкталган, адептик ой жүгүртүүлөрдүн өнүгүү стадияларынын ырааттуулугунун сапаттык өзгөчөлүгү ачылып берилген. Ошону менен бирге чет элдик психологияда адептик чөйрө системалуу билим берүү катары дээрлик каралбайт, айрым учурларда анын жөнгө салуучу функциялары да четке кагылат, ал эми анын механизмдерин жана кыймылдаткыч күчтөрүн ачып берүүдө социалдык таасирлерди абсолютташтыруу, же болбосо, жеке инсандык факторду эске алуу байкалат.

Адептик керектөө коомдун же таптын моралдык баалуулуктарына карата субъективдүү мамиле катары адам алдына койгон, ага умтулган

максаттардан көрүнөт. Мындай мүнөздүк сапатка ээ болууда ал адам жетиштүү деңгээлде турмушунда динамикалуу өнүгүүгө дуушар болот.

Инсандын адептик өнүгүү процессинин маңызын ачып берүү аракети чет элдик бир катар окумуштуу-педагогдор Ж. Пиаженин [136], Л. Колбергдин, Г.А. Урунтаеванын, Л.М. Аболиндин, В.П. Зинченконун ж.б. концепцияларында көрсөтүлгөн.

Л.М. Аболиндин, В.П. Зинченконун ж.б. көз карашында инсандын руханий-адептик өнүгүүсү балдардын адептүүлүгү ишмердиктин айрым компоненттери гана эмес, бүтүндөй параметрлерин аныктаган интегративдик системдик сапат бийик руханийлик, адептүүлүк – бул айрым жеке сапаттардын, психикалык процесстердин эмес, ишмердиктин бардык тутумдук бөлүктөрүнүн өнүгүүсү интегралдык системдик позициясынан каралат.

Адептүүлүктүн өнүгүү динамикасы жогоруда белгиленгендей ар кыл мамилелерде, парз жана ыйман рефлексиясында, баалуулук багытын эркин максат коюу мотивациясында, маңызды адептен издөөдө, аракеттерди тандоодо, долбоорлоодо, өз ара карым-катышууда, кызматташууда, жүрүм-турумду жөнгө салуудан көрүнөт.

Коомдогу адептик нормалардын натыйжасы катары инсандагы эң маанилүү жаңылануу болуп адептик аң-сезим жана өзүн-өзү аңдоо болуп эсептелет.

Окумуштуулар С.Л. Рубинштейндин [148] ишмердиктик мамилелер өңүтүндө, Б.Г. Ананьевдин [22, 23, 24] жана башкалардын системдик мамилелеринде аталган категорияларды дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүнүн элементи катары кароонун методологиялык негиздери берилген.

Азыркы учурда адептик аң-сезим деп адамга объективдүү дүйнөнү түшүнүүгө, баалоого, өзүнүн жеке турмушун адептик нормалардын позициясынан кароого мүмкүндүк берүүчү чындыктын бүтүндөй образы катары кабылданат, ага ылайык, кабылданган нерселердин баары адептик маңызга ээ болот. Анын мазмунуна адептик билим, түшүнүү, акыл

аракеттери жана адептик түйшөлүүлөрдү киргизүүгө жана адептик аң-сезим инсандын кылган иштерин адептик милдет катары аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Адептик өзүн аңдоо – көрүнүштөргө, объектилерге жана курчап турган чындыктын актыларына карата өзүнүн мамилесин (иш аракеттеринин), эталон менен салыштыруунун, окшоштуруунун, ажыратуунун процесси жана натыйжасы; адептик тандоо – чечим кабыл алуу, аракеттенүүгө киришүү, аракеттенүү, аңдалган (моралдык-эрктик) эрежелерге, адептик адаттарга, адептүүлүктүн талаптарына, моралдын нормаларына, этиканын мыйзамдарына ылайык баарлашуу катары каралат. Негизи, адептик өзүн-өзү аңдоо объективдештирүү фазасындагы аң-сезимдүү белгиленген активдүүлүктүн өзгөчө формасы катары каралат, аны инсан аңдалган мотивациялык-керектөөчүлүк, баалуулук-маңыздык, эмоционалдык-эрктик, мүнөз таануучулук, коммуникативдик, рефлексивдик компоненттер аркылуу, ишмердиктин конкреттүү стили, баарлашуу стратегиясы, жеке позициясынан алып караганда өнүгүүнүн реалдуу социалдык кырдаалында ишке ашырылат.

Изилдөөчүлөрдүн көз карашы боюнча адептик өзүн-өзү аңдоо гармониялуу «МЕНдин» маңыздык табиятын, дүйнөлүк образын, жеке позициясын калыптандырат жана өспүрүмдүк куракта өнүгүүнүн объективдүү социалдык кырдаалында эң башкы курактык жаңы түзүлүш катары каралуу менен башкаларга, өзүнө жана айланасындагыларга карата мамилеси, реалдуу жүрүм-туруму менен калыптанат. Адептик өзүн-өзү аңдоонун түзүлүштүк деңгээлдери адептик аң-сезимдин мазмундук компоненттерин өнүктүрүү жана өзүн-өзү тарбиялоо боюнча иштерди максаттуу түрдө багыттуу жана туура жүргүзүп, изилдөөгө мүмкүндүк берет.

Адептик аң-сезимдин өзүн-өзү аңдоонун калыптануусунда олуттуу ролду психикалык турмуштун жана адамдын практикалык тажрыйбасынын, өзгөчө, анын турмушунун баштапкы этаптарында эмоционалдуулук жана эмоционалдык өң-түстөр ойнойт. Анткени, балдардын жүрүм-турумундагы жаңы мотивдердин калыптануусунда сезимдер аларды таанышта мурун

реалдуу аракеттерге айлантууда, субъектте болгон жүрүм-турум мотивдерин ишке ашырууда чоң ролду ойношот [22]. Адептик нормаларга жана баалуулуктарга негизделген жогорку социалдык сезимдер адептик сезимдер болуп эсептелет. Алардын ичинен негизгилери: *милдеттүүлүк, жан тартуучулук, кайрымдуулук, бооруоору, жардамдашуу* сезимдери.

Адептик сезимдер адептик түйшөлүүлөргө өтүшү мүмкүн. Адептик түйшөлүүлөр – туруктуу адептик сезимдер катары болуп жаткан процессте көп ирет болуп туруучу татаал жана карама-каршылыктуу элементтерге ээ болгон учурдагы өтө чыңалган өзгөчө эмоционалдык ишмердик болуп саналат.

Субъектинин кошо түйшөлүүгө даярдыгы, башка бирөөнүн ордунда өзүн элестетип иш кылуусу, А.В. Петровскийдин пикири боюнча адептик мамилелерди түзөт. В. Момов адептик мамилелерди жеке жорук-жосундардын көрүнүшү жана жөнгө салынышынын формасы катары аныктайт. Аталган мамилелер, бир катар эмгектерде көрсөтүлгөндөй жалпы адамзаттык баалуулуктарга негизделип, алар инсандын адептик потенциалы: мотивациялык чөйрөнүн багытталуусу, дүйнө таанымы, баалуулукка багытталуулары менен шартталган. Л.И. Рувинскийдин пикири боюнча, адептик мамилелер ойлордун (ой жүгүртүү жана көрүнүштөргө баа берүү), сезимдердин (алардын себебинен улам белгилүү бир мүнөздөгү түйшөлүүлөр) жана эрктин умтулуусунан (аракеттерге түрткү берүү) келип чыккан мамилелердин натыйжасында пайда болот. Демек, мындан алардын түзүлүшүндө үч компонентти бөлүп кароо максатка ылайык: когнитивдик компонент (адамдын руханий маңызы тууралуу билимдердин болушу); жүрүм-турумдук компонент (турмуштук бардык кырдаалдарда руханий-адептик нормаларды жетекчиликке алууну каалоосу); эмоционалдык компонент (өзүнө, башка адамдарга жана дүйнө жүзүнө болгон эмоционалдуу-баалуулук мамиле) [149, 150]. Тастыктоочу жагдай белгиленген түзүлүш мамилелер адамдын жүрүм-турумунда реалдуу ишке ашаарын ачыктан ачык эле көрсөтүп турат.

Адептик жүрүм-турум – адамдын салыштырмалуу узак убакытта туруктуу же өзгөрүүчү кырдаалдарда жасаган адептик мааниге ээ иш-аракеттеринин жыйындысы. Илимий-методикалык аспектерде белгиленгендей адабиятты иликтөөгө алуу адамдын адептик жүрүм-турумунун мотивациялык багытталуусун түзүүчү компоненттерди: адептик муктаждыктар, мотивдер, моралдык өзүн аңдоо жана өзүн баалоо, сезимдерди жана тынчсыздануулардын, социалдык эмоцияларды бөлүп кароого мүмкүндүк берет.

Практика көрсөткөндөй, адептик тарбия адамга мүнөздүү болуп эсептелбейт. Ал адептик идеалдар жана баалуулуктар системасында, аларды алып жүрүүчү адамдар жана социалдык топтор арасында инсандын багытталуу процесси, өзүнүн жеке адептик эталондорун жана идеалдарын издөө, тандоо жана түзүүдөгү аң-сезимдүүлүк жана ал принциптердин, баалуулуктардын, нормалардын, эрежелердин ж.б. негизинде адамдын өзүн-өзү адептик аныктоосу катары түшүндүрүлөт [149]. Адептик өзүн-өзү аныктоочу факторлорунун катарына авторлор тарабынан өзгөрүлмөлөрдүн кеңири массиви кирет: жынысы, курагы, материалдык жана социалдык статусу, үй-бүлөлүк абалы, балдардын бары/жогу, үй-бүлөлүк жана мектеп тарбиясынын таасири, эркинин күчтүүлүгү, эмпатия, ишенчээктиги, агрессивдүүлүгү, эр жүрөктүүлүгү, эмоционалдык туруксуздугу, өзүнө багытталуусу, интеллектинин деңгээли, кесиптик ишмердиги, маанилүү чөйрөнүн таасири, коомдогу социалдык-экономикалык кырдаал ж.б. Өзүнүн комплексинде алар адамдын жеке келбетин бере алышат. Бул позициядан алганда ал адамдын бүткүл турмушунда улануу менен, адептик өзүн-өзү аныктоо адамдын моралдык нормаларга, б.а. конкреттүү тарыхый мезгилде конкреттүү коомдо бул коомдун бардык мүчөлөрү үчүн белгиленген жүрүм-турум нормаларына карата мамилелерин шарттап турат.

«Мораль» жана «адептүүлүк» түшүнүктөрү өздөрүнүн маңыздык толукталышы боюнча бири-бирине абдан жакын. Ошону менен бирге эле, алар ар кыл изилдөө чөйрөлөрүнө тиешелүү. «Мораль» жана «адептүүлүк»

түшүнүктөрү ортосундагы айырмачылыктын маңызын айтсак мораль – бул конкреттүү адамдан тышкары жашоочу, ал эми адептүүлүк – практикада колдонулуучу көрүнүш.

Адамдын моралдык мейкиндикте ишке ашырылган мүнөздөмөсү катары моралдуулук эсептелет. Инсандын моралдуулугу – бул анын күнүмдүк турмушта жана өзгөчө кырдаалдарда адептик тандоо алдына алып келүүчү кырдаалда моралдык нормаларды сакташы.

Инсандын моралдуулугу менен жеке (чындык) сөздүн жана ар-намыс кодекси түшүнүгү тыгыз байланышып, башкалар алдындагы милдеттер белгилүү бир ритуалдарда же кодекстерде аталган коомдогу нормалардын жана эрежелердин карым-катышынын жыйындысы катары бекемделет. Ар-намыс кодекси – бул ар дайым конкреттүү, аныкталган кодекс болуп эсептелет.

Өз позициясын жактоо жөндөмдүүлүгү, өз алдынча жана жоопкерчиликтүү аракеттенүү – инсандын кадыры. Коомчулук индивиддин инсандык укугун, социалдык жактан баалануучу иш-аракеттерди жана жорук-жосундарды жасоого татыктуу болуусун, б.а. социалдык жүрүм-турумдун субъектиси болуусун кабылдайт. Адамдын жеке кадыры анын адамдар арасындагы маңыздуу мүнөздөмөсүн түзүп турат. Бул учурда адам өзү үчүн адептик милдеттерди өз алдынча түзүү менен, алардын аткарылышын өзүнөн кайра талап кылат. Аталган процесстин жөнгө салуучулары болуп уят жана ыйман эсептелет.

Уят сезиминин калыптанышы баланын моралдык чөйрөсүнүн калыптана башташынын биринчи белгилери. В.В. Зеньковскийдин түшүндүрмөсүндө, уят «баланын жан дүйнөсүнө моралдык күчтөрдү өткөргүч». Ал бөбөктү моралдык салттар дүйнөсүнө алып кирет. Уят – кыйналтуучу сезим, андыктан ал чоң психикалык күчкө ээ.

Ыйман инсандын адептик өзүн-өзү көзөмөлдөөсүн ишке ашыруу, өзү үчүн адептик милдеттерди калыптандыруу, өзүнөн аларды аткарууну жана жасаган жорук-жосундарына өзү баа берүү жөндөмдүүлүгүн билдирет.

Негизинен, ыйман – адамдын адептик өзүн аңдоосу, ички, жеке адептүүлүк же автономдуу этика.

Өзүнүн жөнөкөй формасында алганда, ыйман сезим формасында өнүгүп отуруп, акырындык менен анын татаал формасына өтөт. Ыймандын иши биздин аракеттерибиздин объективдүү аңдалышына баа берүүгө багытталган; уялууга абдан жакын келгенде, бул сезим баары бир биздин баалообузду биздин инсаныбызга эмес, анын натыйжасындагы активдүүлүгүбүзгө жана объективдүү жыйынтыктарга багыттайт.

Чынчылдык жана жалганчылык, адептүүлүк жана ыпластык, ынтызарлык жана жалкоолук сыяктуу түшүнүктөр бала чоңдордун аңгемелеринин негизинде жана күнүмдүк катардагы турмуштан курчап турган дүйнөнү тааный баштаганда алардын түшүнүгүндө пайда боло баштайт. Эгер бул түшүнүктөр башында абдан эле жөнөкөй жана бир жактуу болсо да, алар бара-бара тереңдеп, реалдуу келбет күтө баштайт. Акырындык менен, мунун баары адамдардын жорук-жосундарын баалоодо колдонулуучу чоңдордун же баланын жүрүм-турумун билдирүүчү жөн эле сөздөр эместиги тууралуу түшүнүк келе баштайт.

Өспүрүмдүк куракка жеткенде, адептүүлүктүн өнүгүүсүнүн маанилүү көрсөткүчтөрү – өзүнүн кылгандары үчүн милдеттүүлүк жана жоопкерчилик сезимдери калыптана баштайт. Л.И. Божовичтин пикири боюнча, жоопкерчилик когнитивдик, мотивациялык, жүрүм-турумдук сыяктуу үч компоненттин, инсандын өзүн өзү аңдоосунун биримдигин билдирет. Жоопкерчиликтин когнитивдик компонентинин өнүгүүсүнүн негизин общиналык «этикалык дүйнө таанымдын» калыптануусундагы жүрүм-турумду жөнгө салуучу социалдык-адептик нормаларды таануу түзөт. Жоопкерчиликтин мотивациялык компоненти өзүнүн өнүгүүсүндө баланын социалдык кызыкчылыктарынын мейкиндигинин кеңейиши, инсандын коомдук багытталышынын калыптанышы менен байланышкан. Өсүп жаткан адамдар коомдун турмушунда өзүнүн катышуу мүмкүнчүлүгүн түшүнөт, ошону менен бирге эле алар өзү үчүн жаңы болгон мындай ишмердиктин

жана мамилелердин чөйрөсүнө карата колдонулуучу жоопкерчилик нормаларынын аракеттеринин «чектерин» белгилешет. Мына ушундай шартта, баарлашуу чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрү менен аныкталуучу жоопкерчилик социалдык-моралдык көрүнүш деп эсептөөгө мүмкүнчүлүк пайда болот. Реалдуу жоопкерчиликтүү жүрүм-турумда көрүнүүчү жүрүм-турумдук компонент социалдык багытталган окуу ишмердигинин алкагында жана өзү теңдүүлөр жана улуулар менен баарлашуу процессинде калыптанат [48, 41-43-бб.].

Ошентип, «руханийлик» жана «адептүүлүк» түшүнүктөрү бири-бирине төп келүүчү түшүнүктөрдөн эмес экендиги көрүнүп турат. Демек, мындан биз «руханийлик» түшүнүгү «адептүүлүк» түшүнүгүнө караганда алда канча кеңири, жана канча бир ирет «жогору» деген И.В. Михалецтин пикирине кошулууга туура келет [120, 30-31-бб.]. Эгер инсандын өнүгүүсү жогору көтөрүлүү катары карала турган болсо, анда руханий деңгээлге адептик баскычтар аркылуу гана барууга болот. Адептик өнүгүү – горизонталдык багыттагы аракеттер (адамдарга кызмат кылуу жолу), ал эми руханийлик – адамдын вертикалдык өзүн-өзү жаратмандыгынын жолу. Турмушта горизонталдык жана вертикалдык кыймылдардын кездешүүсүн көрүүгө болот, андыктан, руханий-адептик өнүгүү тууралуу айтууга толук негиз бар, биздин пикирибиз боюнча, ал руханий-адептик мамилелердин системасында натыйжалуу ишке ашырылат.

Маани-маңыздык мамилелер системасы инсандын баалуулук багытталуусу менен ички байланышта. Адамдын өз алдынчалыгы маданий, руханий, коомдук турмуштун негизги баалуулуктарына карата иштелип чыгат. Жашоонун маңызы адамдын жашоо концепциясын, анын жашоосунун жалпыланган принциптерин, жашоосунун максатын чагылдырып турат. Жашоонун маңызы дүйнө таанымдан дүйнөгө болгон көз караштар системасынан, андагы адамдын ордунан, адамдын аны курчап турган чындыкка карата мамилесинен, өзүнө жасаган мамилесинен келип чыгат. Дүйнө таанным – бул дүйнө, адам, коом жана ага карата баалуулук

мамилелерди жалпы түшүнүү. Ал өзүндө адамдын ишмердигинин мүнөзүн, анын башкалар менен карым-катышын, турмуштук умтулууларын аныктап туруучу турмуштук принциптеринди өзүнө камтыйт.

Дегеле, адамдагы руханийликти жана адептүүлүктү өнүктүрүү ар кандай факторлордун таасири астында жүрөт. Аларга, К.В. Макарованын классификациясы боюнча, социалдык-чөйрөлүк, ишмердиктик-руханий жана инсандык-маңыз кирет [112, 127-137-бб.]. Аларды, аталган классификация боюнча негизинен, заманбап изилдөөчүлөр тарабынан жүргүзүлүүчү бардык бөлүштүрүүлөрдү эске алуу менен сунушталган бөлүштүрүүнү карап көрөлү.

Руханий-адептик калыптануунун социалдык-чөйрөлүк фактору түшүндүрмөдө инсан өнүгүп жаткан маданияттын деңгээли менен түзүлөт. Маданият деп, бир жагынан, мифтерде, уламыштарда, ритуалдарда жана ырым-жырымдарда бекитилген адамдык тажрыйбаны, экинчи жагынан, үй-бүлөнүн баалуулук багыттарын жана анын моралдык нормаларын түшүнүүгө болот.

Л.С. Выготскийдин концепциясына таянуу менен, коомдун (жана чакан коом катары үй-бүлөнүн) маданиятынын деңгээли жана адамдын руханий жөндөмдүүлүктөрү өз ара карым-катышта бири-бирин шарттап турат. Маданий чөйрөдө тарыхый иштелип чыккан адептүүлүктүн жана моралдын нормалары инсанга адептик жана моралдык сапаттарды калыптандырууда түздөн-түз ага тиешелүү. Маданиятка аралашуу менен гана жалпы адамзаттык баалуулуктарды түшүнүүгө жана өзүнүн психикалык функцияларынын көрүнүшүн жөнгө салуучу жеке моралдык аң-сезиминин диапазонун кеңейтүүгө жетишүүгө болот.

Руханий-адептик өнүгүүнүн ишмердиктик-руханий факторлору ишмердиктин белгилүү бир түрлөрүн билдирген оюн, окуу ишмердиги жана искусство кирет [66, 536-б.].

Эгер инсандын руханий керектөөлөрү жана баалуулуктары ишке аша турган болсо, анда эмгек ишмердиги да өнүгүүнүн руханий фактору катары эсептелет. К.В. Макарова белгилегендей, эмгек ишмердигинин мотивациясы

адамды белгилүү бир руханий абалга алып келет жана анын жөндөмдүүлүктөрүнүн сапатына таасирин тийгизет [112, 127-137-бб.]. Руханий баалуулуктар эмгектин максатына, мазмунуна жана натыйжаларына карата инсандын көз карашын аныктайт, инсандык маңыздын калыптануусуна өбөлгө түзөт. Мындай жөндөмдүүлүктөрдүн жана руханий абалдын эритме-кошулмасы инсандын руханий жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жардам берет.

Жалпысынан, ишмердиктик-руханий факторлор, К.В. Макарованын пикири боюнча, инсандык руханий жөндөлүштүн калыптануусуна өбөлгө түзөт.

Инсандык-маңыздык руханий факторлор, анын түшүндүрүлүшүндө, жүрүм-турумдун формаларын тандоо жана баалоону камсыздоо менен, адамдын ички дүйнөсүн мүнөздөйт. Аларга: моралдык аң-сезим, жорук-жосун, ыйман жана эмоционалдык түйшөлүүлөр кирет.

И.В. Михалецтин пикири боюнча, руханий-адептик мамилелерди өнүктүрүүнүн факторлору эки негизги топко – ички (инсандын баарлашууга, өзүн таанууга жана өзүн өнүктүрүүгө муктаждыгы; өзүнүн ички дүйнөсүнө, инсандык өзгөчөлүгүнө, тажрыйбасына, билимдерине, башка адамдардын интеллектине кызыгуусу) жана тышкы (руханий-адептик мамилелерди өнүктүрүүнүн психологиялык-педагогикалык шарттары) өнүгүү факторлору болуп бөлүнөт [112].

Көрүнүп тургандай, белгиленген факторлор ар бир конкреттүү адамга таасир этүү вариативдүүлүгүнө ээ. Аларды оптималдаштыруу боюнча мүмкүнчүлүктөргө педагогикалык таасир ээ.

Билим берүүчү таасирлердин системасын кароодо, педагогика классиктери анын тутумунда инсандын руханий-адептик өнүгүүсүнүн артыкчылыгын баса белгилешкен. И.Ф. Гербарт өз кезегинде, адамдын кадыры каалоосунда катылган, каалоосу кең пейилдикте жатат деп айткан. Бирок кең пейилдик – бул идеал, ал эми ага канчалык жакындагандын өзү адептүүлүк болуп эсептелет. К.Д. Ушинскийдин позициясына ылайык,

адептик таасир акылды өстүрүүдөн, башты ар кандай таануучулуктун таанымдары менен толтуруудан жана ар бирөөгө өзүнүн жеке кызыкчылыктарын түшүндүрүүдөн да алда канча маанилүү болгон тарбия берүүнүн башкы милдетин билдирет.

П.Ф. Каптерев жакшы мүнөздө, руханийликте жана адептүүлүктө прогрессиз билимдеги жана акыл өнүгүүсүндөгү прогресс – ал регресс деп ынандырат [89]. В.А. Сухомлинский адептик-руханий өнүгүүнү билим берүүдөгү система түзүүчү фактор катары караган [162].

Заманбап педагогикалык илимде руханий-адептик тарбия теориясы жалпы адамзаттык баалуулуктарга аралашуунун натыйжасы катары кеңири жайылтылган. Тарбиянын руханий тарабы жакынкы арага чейин көз жаздымда калып келген болсо, анда анын адептик аспектилери белгилүү бир өнүгүүгө дуушар болду. Ал изилдөө кызыкчылыктарынын айдыңына кабылуу менен адептик тарбия: балдарды адамзат баалуулуктарына максаттуу түрдө аралаштыруу процесси; моралдык аң-сезимди, адептик сезимдерди жана адаттарды калыптандыруу процесси; инсандын адептик сапаттарын өнүктүрүү жана калыптандыруу катары каралды.

Изилдеген материалды интеграциялоо менен, руханий-адептик тарбия өзүндө индивид тарабынан белгилүү бир руханий-адептик нормаларды билүүсүн гана эмес, алардын жүрүм-турумун өзү жөнгө салуусун ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү инсандык баалуулуктарга айлануусун да камтышы керек деп айтууга болот, анын натыйжасы тышкы иш-аракеттердин жана ички рефлексиянын биримдигине негизделген коомдук мааниге ээ моралдык тандоо эсептелет.

Жогоруда белгилегенибиздей руханий-адептик тарбиянын мазмунун үч компонентке бөлүштүрүү тажрыйбасы белгилүү. Алар: когнитивдик, эмоционалдык жана жүрүм-турумдук.

Когнитивдик компонент И.В. Михалецтин түшүндүрмөсүндө, руханий адептүүлүк, инсандын тандап алган руханий-адептик идеалын, ага мүнөздүү баалуулуктарды, рефлексия жөндөмдүүлүгүн, руханий-адептик баалулуктар

призмасы аркылуу кырдаалды кабылдоо жөндөмүн, көрүнүштүн маңызына чейин жетүү, алардын себетерин жана кесепеттерин көрүү жөндөмдүүлүгүн, руханий адептүүлүк тууралуу билимдерди өзүнө камтыйт [120, 30-31-бб.].

Эмоционалдык компонент (өзүнө карата позитивдүү эмоционалдык мамиленин негизинде өзүн кабылдоо, өзүн өзү сыйлоо, иденттүүлүгү жана инсандык компетенттүүлүк сезимдери) жана башка адамдарга (адамгерчиликти, гумандуулукту, социалдык альтруизмди көрсөтүү, бул башка адамды түшүнүү жана кабылдоосуз мүмкүн эмес) карата эмоционалдык-баалуулук мамилелердин болушу менен мүнөздөлөт. Бул учурда өзүнө карата мамиле башка бирөөгө карата мамилеси аркылуу келип чыгат, мында тиги башка бирөө өзүнүн кайталангыс уникалдуулугу менен улуу баалуулук катары каралат.

Жүрүм-турумдук компонент бардык турмуштук кырдаалдарда руханий-адептик нормаларды, практикалык ишмердикте ал тарабынан кабыл алынган тандоону ишке ашыруу жөндөмдүүлүгүн, өзүнүн аракеттери менен өзүн-өзү көзөмөлгө алуу жана өзүн өзү башкаруу көндүмдөрүнө ээ болууну жетекчиликке алат [120].

Инсандын адептик тарбиялоо процессинин ийгиликтүүлүгүнүн натыйжалары жана көрсөткүчү катары анын руханий-адептик өнүгүүсү, кандайдыр бир деңгээлде руханийликке ээ болуусу эсептелет. Аталган жаңы түзүлүштү окумуштуулар адамдын маданият дүйнөсүнө кирүүсү жана «индивидуалдыктан жогорку (надиндивидуалдык) баалуулуктар» чөйрөсүн өздөштүрүү менен байланыштырышат.

Кесепет катары, руханий-адептик тарбия адамга өзүнүн сапаттарын өнүктүрүүнүн жаңы деңгээлине көтөрүлүүсүнө мүмкүндүк берет. Илимий иликтөөлөргө таянсак, адам ээ болуучу руханий-адептик сапаттарды киргизүүгө мүмкүндүк берди: кошо түйшөлүү, кошо тынчсыздануу; аң-сезимдүү жарандык позиция, социалдык активдүүлүк; интеллектуалдык жана эмоционалдык касиеттер, керектөөлөр жана адаттар; өзүнө карата

талаптуулук жана башкалар алдындагы жоопкерчилик; тоскоолдуктарга туруштук кылуу жөндөмдүүлүгү; эркиндик, жоопкерчилик ж.б.

Онтогенездин алгачкы этабында инсандын руханий-адептик өнүгүүсү көпчүлүк учурда максаттуу түрдө маңыздык чөйрөнү калыптандырууга, баланын адептик нормаларына жана жашоо принциптерине багытталган тарбиялык таасирге көз каранды.

Руханий-адептик тарбиянын негизги шарттары жана факторлору катары: адептик идеалды аныктоо (Сухомлинский В.А.); адептик аң-сезимди калыптандырууда жамааттын мүмкүнчүлүктөрү (Макаренко А.С.); эмоционалдык – адептик эрежелер (Радина К.Д.); адептик үлгүнү билдирүүчү принциптерди өздөштүрүү (Конникова Т.Е., Васильева З.И.]); адамдын өзүн жаратуусу жана социумдун маданий жаңылануусу (Бондаревская Е.В.), башталгыч класстын окуучуларынын адептик түшүнүктөрүн калыптандыруу (Г.Карагозуева), окуучулардын адеп-ахлактык түшүнүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары (К.К. Акматов) каралат.

Илимий материалдардын анализи көрсөткөндөй, инсандын руханий-адептик тарбиясын ишке ашыруу маселеси заманбап изилдөөлөрдө негизинен, билим берүүчү мекемелердин ишмердиги менен байланышта каралат. Ошону менен бирге, түзүлгөн социалдык-экономикалык шарттарда билим берүү мекемелери инсандын руханий өнүгүүсүнүн функциясын дайыма эле өзүнө ала бербейт. Е.В. Михайлик белгилегендей, салттуу билим берүү технологиялары шартында өнүгүүчү адамдын руханий-адептик кызыкчылыктары, адатта, окуу предметтери жана анын күнүмдүк турмушунун чөйрөсүнө жакын окуялар менен чектелет[119]. Бул учурда, тарбиялануучунун айланасында пайда болуучу жана ага көз карандысыз руханий ишмердиктин формасы пайдаланылат, б.а., Л. С. Выготскийдин сөзү менен айтканда, «балдардын өнүгүүсүнүн артында салпылдап ээрчиген» жана анын кечээги күнүнө багытталган [67].

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, окуучулардын руханий-адептик чөйрөсүнүн өнүгүүсүнө багытталган жаңы тарбиялык мамилелерди

жана педагогикалык технологияларды издөө зарылдыгы пайда болгондугуна байланыштуу, келечекте үй-бүлөнүн, баланын руханий-адептик тарбиялануусундагы ролун кеңейтүүгө мүмкүндүк берүүчү педагогикалык технологияларды иштеп чыгуу зарылдыгы туулат.

### 1.2. Инсанды руханий-адептик тарбиялоодо үй-бүлөнүн ролу

Адамдын тарбиясы коом үчүн салттуу баалуулуктарды иштеп чыгарууну ишке ашырууга мүмкүндүк берүү менен, олуттуу социалдык мааниге ээ болгондуктан тарыхый өнүгүүнүн белгилүү бир учурундагы коом тарабынан талап кылынган адамдагы конкреттүү мүнөздүү белгилерди тигил же бул деңгээлде тарбиялоо милдети жүктөлгөн бир катар институттар – билим берүү, чиркөө, аскер, укук ж.б. институттардын калыптануусу кокусунан эмес. Мындай социалдык институттардын борборунда канча бир кылымдар аралыгында өз сынын бузбай калыбынан жазбай келе жаткан үй-бүлө туруп келет.

Үй-бүлө маселелерин: экономика, укук, социология, демография, психология, педагогика ж.б. көптөгөн илимдер изилдейт. Бул илимдердин ар бири өзүнүн изилдөө предметине ылайык, анын жашоосунун жана өнүгүүсүнүн тигил же бул жактарын ачып берет. Өзгөчө педагогика илими заманбап коомдогу үй-бүлөнүн тарбиялык функциясын максатын жана каражаттарын, ата-энелердин укуктары жана милдеттерин, балдарды тарбиялоо процессиндеги ата-энелердин мектеп жана башка балдар мекемелери менен болгон карым-катышы сыяктуу маселелерди жана үй-бүлөлүк тарбиянын резервдерин, чыгымдарын, аларды компенсациялоо жолдорун карайт.

Үй-бүлөлүк тарбия – бул конкреттүү үй-бүлө шартында жана ата-энелердин жана тууганадардын күчү менен калыптануучу жана билим берүү системасы. Үй-бүлөлүк тарбияга тукум куучулук жана баланын жана ата-энесинин биологиялык (табигый) саламаттыгы, материалдык-экономикалык

камсыздалуусу, социалдык абалы, жашоо образы, үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны, жашаган жери, балага жасаган мамилеси таасир этет.

Үй-бүлө – эң баштапкы коомдун эң туруктуу звеносу, адамзаттын эволюциялык ойлоп табууларынын эң мыктысы катары. Инсан менен коомдун карым-катышын, алардын кызыкчылыктарынын жана муктаждыктарынын интеграцияланышын жана артыкчылыгын аныктоону камсыздоочу эң башкы аспаптардын бири болуп эсептелет. Ал адамга жашоодогу максатты жана баалуулуктар, эмнени билиш керек жана өзүн кантип алып жүрүү керек деген сыяктуу түшүнүктөрдү билдирет. Үй-бүлөнүн жаш жараны бул түшүнүктөрдү башка адамдар менен карым-катышууда алгачкы ирет колдонуунун практикалык көндүмдөрүнө ээ болот, өзүнүн МЕНи менен башка адамдардын МЕНин салыштырат, күнүмдүк баарлашуудагы ар кандай кырдаалдарда жүрүм-турумду жөнгө салуучу нормаларды өздөштүрөт. Ата-эненин түшүндүрүүлөрү жана накыл кептери, алардын үлгүлүү иштери, үйдөгү жагдай, үй-бүлөлүк атмосфера жүрүм-турум, жакшылык менен жамандык, татыктуу жана татыктуу эместик, акыйкаттуулукту жана акыйкатсыздыкты баалоо адаттары балдарда калыптанат.

Өзүнүн жашоосун үй-бүлөлүк тектин уланышы менен байланыштыруу үй-бүлө үчилтик маңызынын өндүрүү кызматы ишке ашырат: үй-бүлө коомдогу калкты өндүрүүнү гана камсыздабастан, ал эмгекчи ресурстарды жана социалдык ролдорду алып жүрүүчүлөрдү да өндүрөт. Муну менен, социалдык игмтитуттардын статустук-ролдук аткаруучулардын саны менен үзгүлтүксүз камсыздалышы ишке ашырылат, жалпы эле коомдун жашоосу колдоого алынат. Үй-бүлөнүн алкагында муундар ортосундагы уланмалуулуктун натыйжасында жалпы эле коомдун социалдык түзүлүшүнүн иши ишке ашырылат. Аталган процесстер канчалык деңгээлде ийгиликтүү өтүүсү, көпчүлүк учурда үй-бүлө тарабынан тарбиялык функциянын ийгиликтүү ишке ашырылышына жараша болот.

«Тарбиялык функция», «тарбия» түшүнүгүнүн туундусу болуп эсептелип, ал эми тарбия, педагогиканын түйүндүү категориялары катары таанылат.

Бүгүнкү күндө тарбиянын статусун, мазмунун жана принциптерин түшүнүү педагогика жана психология теоретиктеринин жана практиктеринин арасында бир катар так эместиктерди сактап келет. Биз И.Б. Котова жана Е.Н. Шиянов тарабынан сунушталган трактовканы карманабыз, ага ылайык, тарбия берүү – адамдын курчап турган чөйрө менен стихиялуу карым-катышуусунан айырмаланып, максаттуу, аң-сезимдүү түрдө көзөмөлгө алынуучу социалдаштыруу процесси жана механизми болуп эсептелет [95]. Тарбия берүү мазмунун инсандын билимдеринин, ишенимдеринин, көндүмдөрүнүн жеке сапаттарынын жана белгилеринин системасын, инсан алдыга койгон максаттарына жана милдеттерине ылайык ээ болууга тийиш болгон жүрүм-турумундагы калыптанып калган адаттары катары түшүнүүгө болот [96].

Коомдогу өсүп келе жаткан муунду тарбиялоонун формаларынын бири, анын айырмаланып туруучу белгилери катары үй-бүлөнүн турмушундагы объективдүү таасирлер менен ата-энелердин максат багыттуу аракеттеринин айкалышуусу башкача айтканда, үй-бүлөлүк тарбия стихиялуу болуп эсептелет [97].

Балага адептик тарбиялодо үй-бүлөнүн ролун изилдөөнүн олуттуу тарыхы бар. Өз кезегинде Ж.-Ж. Руссо үй-бүлөлүк тарбиянын уникалдуулугун, биринчи кезекте, баланын биологиялык жана психологиялык көз карандылыгына байланыштуу, анын турмушунда эң жакын делген улуу адамдардын биринчи жана өзгөчө маанилүүлүгү менен түшүндүргөн.

Илимде үй-бүлөлүк тарбия жана баланын үй-бүлөнүн курчоосунда өнүгүүсү изилдөөнүн маанилүү бөлүгүн түздү.

Үй-бүлөлүк тарбия берүүнүн теориясын иштеп чыгууда олуттуу салым кошкон П.Ф. Каптерев тарбия берүүнүн адептик элементтери акыл

элементтеринин жанында артыкчылыкка ээ болуусу зарыл деп эсептейт. Бул жобого негиз катары ал адептүүлүктүн ишмердиги башка бирөөлөр үчүн жасалган эмгекте экендигин, ал инсандын коомдук багытталуусун билдирерин көрсөтөт [89].

Үй-бүлөдө баланы адептик тарбиялоо идеясын олуттуу өнүктүрүүгө П.Ф. Лесгафт зор салым кошкон [103]. Ал аталган маселе боюнча илимий дискуссияга түшүп, дүйнөлүк илимде алгачкылардан болуп үй-бүлөлүк тарбиянын максатын, милдеттерин, мазмунун жана усулдарын негиздеп, төрөлгөндөн тартып улгайган куракка чейинки анын гигиеналык, табигый-илимий жана психологиялык-педагогикалык негиздерин түптөгөн.

П.Ф. Лесгафт өз эмгектеринде белгилегендей, тарбия берүүнүн максаты – баланы тынымсыз өзүн-өзү өнүктүрүп турууга даярдоо. Анын пикири боюнча, баланы адам кылууга болбойт, ага көмөк гана көрсөтүү керек жана анын гармониялуу өнүккөн, жогорку адептүү, сынчыл ой жүгүртө алган, эмгекти сүйгөн, ден соолугу чың, коомдук ишмердүүлүккө умтулган адам болуусуна тоскоолдук жаратпоо керек. Окумуштуу баса белгилегендей, үй-бүлөдө баланын инсандык сапаттарына аны барктоо менен мамиле кылуу керек. Үй-бүлөлүк тарбиянын сырын П.Ф. Лесгафт баланын ички дүйнөсүнүн билимине негиздөө менен, ага өнүгүүгө мүмкүнчүлүк берүүдөн жана чоңдор баланын инсандык сапаттарын кандай болсо ошондой толук кабылдоо менен мамиле этүүсү керек деп эсептейт [103].

Үй-бүлөнүн тарбиялык функциясы боюнча С.Т. Шацкий “Мектепте колдонулуучу «тарбия берүү» терминин кеңири жана тар мааниде колдонуу менен, ал аны «кичине педагогикалык процесс», ал эми үй-бүлөнүн, жолдошторунун, улуулардын таасирин «чоң педагогикалык процесс» деп атаган. Педагог балдарды тарбиялоо мектеп «короосу» менен гана чектелген болсо, анда педагогдордун аракеттери текке кеткени, анткени, турмушунда колдоого алынбаган тарбиялык аракеттер окуучулар тарабынан кабылданбашы же педагогдордун айткандарына макул болуп, бирок сыртка

чыгаары менен аларга каршы аракеттерди жасаган «эки жүздүү янусту» тарбиялоого түрткү болот деп, эсептейт.

Кыргызстандагы үй-бүлөлүк тарбиялодогу салттуу маданияттын тамыры байыркы замандарга барып такалат, ал мурунку муундардын педагогикалык тажрыйбасынан жана мурастарынан, элдин улуттук менталитетинин өзгөчөлүктөрүнөн, каада-салттарынан, ырым-жырымдарынан ажырымда каралбашы бышык. Буга байланыштуу кыргыз элинин социалдык-педагогикалык, маданий-тарыхый, руханий-адептик үй-бүлөлүк салттарын аныктоого жана аларды кайрадан жандандырууга багытталган илимий изилдөөлөр өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда.

Көптөгөн окумуштуулар үй-бүлөлүк тарбияны татаал система катары кароо менен, анын баланын инсандык сапаттарын калыптандыруудагы негизги маанисин, башка тарбиялык институттар (бала бакча, мектеп, балдар үйү ж.б.) менен салыштырмалуу артыкчылыгын үй-бүлөлүк тарбиянын терең эмоционалдуу, жеке мүнөзү, анын жекече-эмоционалдык багыттуулугу менен түшүндүрүшөт.

Бул багытта кыргыз окумуштуулары көптөгөн илимий эмгектерин, ой-толгоолорун сунуштап келишти. Алып карасак, Н. А. Асипова “Жаштарды турмушка даярдоочу коомдук субъект жана түздөн-түз билим, аны менен кошо тарбия берүүчү мекеме болуп эсептелген мектепке кайрыла турган болсок, ал тармакта дагы көптөгөн көйгөйлүү маселелер бар экендигин көрүүгө болот”, – деп белгилеген [28]. Ал эми, Н.О. Адылбекова “Үй-бүлөдө алынган билимдер жана жосундар адамдын жашоосун жакшыртат же тескерисинче начарлатат, тактап айтканда, конкреттүү индивидден бардык коомго жайылат. Үй-бүлөдөгү бардык проблемалар же тескерисинче позитивдүү окуялар коомдун бардык чөйрөлөрүнө таралып, таасир берет”, – деген оюн билдирген. Ошондой эле, изилдөөчү С.К. Насбекова өз изилдөөсүндө үй-бүлөнүн укуктарын жана милдеттерин ислам динин кармангандардын көз караштарындагы өзгөчөлүктөрүн “Исламды кармангандар укук Аллахтын аткарылууга милдеттүү болгон ченемдери

жана буйруктары катары аңдап келген", – деп белгилейт [127, 177-179-бб.].

Балдарды тарбиялоо жеке ата-энелердин гана иши эмес, бул иште жалпы коомчулуктун кызыкчылыгы бар. Үй-бүлөлүк тарбия – коомдук тарбия берүүнүн бир бөлүгү. Анын уникалдуулугу, биринчиден, келечекте иш-аракеттерге жана жүрүм-турумдарга жетекчилик боло турган «жашоонун алгачкы сабактарынын» негизин түзгөндүгүндө, экинчиден, үй-бүлөлүк тарбия натыйжалуу болуу менен ал калыптанып жаткан инсанды тарбиялоону үзгүлтүксүз жана бир эле убакта ар тараптуу жүргүзгөндүгү менен айырмалангандыгында. Ал балдар менен ата-энелердин бири-бири менен туруктуу байланышуусунун жана эмоционалдук мамилелеринин негизинде курулат. Бул учурда кеп сүйүү, мээрим жана ишеним сыяктуу табигый сезимдер тууралуу эле эмес, балдардын өздөрүн коопсуз, корголуу экендигин сезүүсү, тынчсыздануулары менен бөлүшүп, улуулардан колдоо алышы тууралуу да болуп жатат. Үй-бүлө – балдардын жашоосунун баштапкы мезгилиндеги алгачкы жашоо чөйрөсү катары ал жаш мезгилинде калыптанган мүнөздүк сапаттарды кийинки узак мезгилдерде да сактап кала тургандыгы. Анын натыйжасында үй-бүлөлүк баарлашуу процессиндеги улуу муундун жашоо тажрыйбасы, маданият деңгээли, жүрүм-турум үлгүлөрү кийинки муунга өтөт.

Үй-бүлөлүк тарбияда борбордук орунду адептик тарбия ээлейт. Биринчи кезекте, бул – жакшылык, сезимталдык, боорукерлик, мээримдүүлүк, чынчылдык, эмгекчилдик сыяктуу сапаттарды тарбиялоо болуп эсептелет.

Учурда, өкүнүчтүүсү, коомубузда үй-бүлөлүк жашоо образынын деградациялануусунун татаал процесстери жүрүп жатат. Үй-бүлөнүн руханий жана адептик баалуулуктарынын жоголуп бара жатышы байкалууда. Үйлөнгөндөрдүн арасында балалуу болууну каалагандардын саны азаюуда. Үй-бүлөдө зордук-зомбулук күч алууда. Ажырашкандардын саны андан да көп, мунун менен баланы тарбиялаган жалгыз бой энелердин армиясы түзүлүүдө. Жыл сайын жаңы төрөлгөн төртүнчү-бешинчи ымыркай кооптуу топко кирүүчү толук кандуу эмес үй-бүлөдөн чыгууда.

Мамлекеттик статистикалык комдун маалыматы боюнча, жылына жүздөгөн үй-бүлө ажырашууга барышууда, муну менен толук эмес үй-бүлөлөрдүн саны көбөйүп, 18 жашка чейинки ошончо бала кооптуу үй-бүлөнүн балдарына айланууда.

Жашы жете элек балдардын иштери боюнча комиссия балдарга тиешелүү тарбия бербей, алардын өнүгүүсүн камсыздабаган ата-энелерге карата козголгон иштерге көмүлүүдө.

Жашы жете элек социалдык жетим балдардын саны катастрофалык тездик менен өсүүдө. Социологиялык изилдөөлөрдүн маалыматы боюнча кароосуз калган балдар кайырчылык менен алектенишет.

Мына ушундай жана башка ушул сыяктуу көптөгөн факторлордун таасири астында үй-бүлөдө олуттуу трансформациялануулар, анын ичинде руханий-адептик чөйрөдө да өзгөрүүлөр болууда. Ошол эле учурда, кризистик кырдаалда деп мүнөздөлгөн үй-бүлөнүн учурдагы абалында да ал улуттук менталитетти, маданиятты, улуттун руханийлигин сактаган негизги фактор бойдон калууда. Кылымдар аралыгында иштелип чыккан салттардын жана ырым-жырымдардын бай мурасы руханий баалуулуктарды сактап калууда. Бул абдан маанилүү, анткени үй-бүлө ар бир инсандын өнүгүүсүнүн негиздерин түптөөчү алгачкы тарбиялык чөйрө болуп эсетелет.

Тарбиянын максаты кандай гана аныкталбасын, инсандын руханий-адептик тарбияланышы тарбия берүү процессинде ар кыл аспектилердин арасында алдыңкы орунду ээлеринде шек жок. Адептүүлүк – бул адамзат тукумун түбүнөн тиреп турган тирөөч. Андыктан өсүп келе жаткан муундун руханий-адептик тарбиясы – бардык замандарда коомдун эң башкы көйгөйлөрүнүн бири бойдон кала бермекчи. Анын милдети тигил же бул коомдо кабыл алынган принциптерди жана нормаларды коомдун ар бир мүчөсү үчүн түгөнгүс байлыкка, мүлккө айлантуусун, аларды терең адептик ишенимге жеткирип, реалдуу жүрүм-турумда колдонуусун камсыздоо болуп эсептелет.

«Ата-эне – бала» мамилелеринин натыйжалуулугун камсыздоочу мындай принциптердин катарына төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот: өсүп келе жаткан адамга карата гумандуулук жана боорукерлик; балдарды үй-бүлөнүн толук кандуу мүчөсү катары үй-бүлөнүн турмушуна аралаштыруу; балдар менен ачык жана ишенимдүү мамиле түзүү; үй-бүлөдө оптимисттик маанайдагы мамилени орнотуу; талаптарды коюуда ыраттуулукту сактоо; балага жардам берүүгө, анын суроолоруна жооп берүүгө даярдык. Дал ушул принциптерди аткарууда, бир катар чет элдик илимпоздордун (А. Адлер, К. Роджерс, К. Хорни) пикири боюнча, үй-бүлөнүн негизги функциясы – баланын бардык курактарында тышкы дүйнө менен карым-катышуусуна коопсуздугуна кепилдик берүүчү базистик коопсуздук сезимдерин камсыздоону, аны изилдөөдө жаңы ыкмаларды өздөштүрүүнү ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

Ошону менен бирге үй-бүлөнүн балага тийгизген таасири бирдей боло бербейт. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча үй-бүлө баланы тарбиялоодо оң, ошону менен бирге эле терс фактор катары да каралышы толук мүмкүн. Баланын инсандык сапаттарын оң таасири – анын үй-бүлөсүндөгү эң жакын адамдарынан тышкары эч ким ага жакшы мамиле жасабайт, алардай аны сүйбөйт, кам көрбөйт. Ошону менен бирге эле, үй-бүлө алып келгендей, бир да социалдык институт баланын тарбияланышына потенциалдык зыян алып келе албайт. Үй-бүлөнүн тарбиялык функциясынын ишке ашырылышынын бузулушу ата-энесинин аморалдык жүрүм-туруму (алкоголизм, девианттык жүрүм-турум ж.б.); ата-энесинин балдарды тарбиялоодо билимдеринин жана көндүмдөрүнүн жетишсиздиги; ата-энесинин бири-бирине болгон негативдик мамилелери; үй-бүлөдө кагылышуулардын көп болушу (тарбия маселеси эле эмес, башка да үй-бүлөнүн турмуш-тиричилигине байланышкан маселелер боюнча да); үй-бүлөнүн турмушуна жана баланы тарбиялоого туугандардын кийлигишүүсү натыйжасында келип чыгат. Мындан тышкары, тарбиялык процесс толук эмес үй-бүлөлөрдө да кыйынчылыктарды туудурат.

Гуманисттик үй-бүлөлүк баарлашууну куруу үчүн анда диалог болушу керек. Мындай диалогдордун белгиси катары балага руханий-адептик баалуулуктарга сугарылган жакшылык, сүйүү, мээрим, чын пейилдик, ачык-айрымдуулук, кечиримдүүлүк, кабыл алуу, ишеним көрсөтүү, баланын уникалдуулугун жана кайталангыстыгын кабылдоо сыяктуу үй-бүлөдөгү инсандык жана руханий багытталган мамилелер эсептелет. Мындай баарлашуу сак-саламат, руханий-адептүү инсандын өнүгүүсүнө толук мүмкүнчүлүк түзөт.

Балага берилүүчү тарбиялык таасирдин күчү көпчүлүк учурда балага жекече таасир этүү аркылуу анын жашоосу аркылуу ишке ашырылат.

Эгер үй-бүлөлүк тарбия тажрыйбасын аныктоочу факторлорду карай турган болсок, Э. Эриксондун пикирине ылайык, үй-бүлө жашап жаткан маданий жана тарыхый контекстти белгилеп кетүү зарыл [173]. Ошону менен бирге эле, ар бир үй-бүлөдө баланын социалдык жана үй-бүлөлүк мамилелердин кайталангыс психологиялык түзүлүшү, карым-катышуусунун өзгөчө системасы калыптанаарын эске алуу зарыл, алардын баалуулуктары баланын социалдык жана псхиологиялык өнүгүүсүнүн мыйзамдарын жана механизмдерин түшүнүүсү, тарбия берүүнүн усулдарын жана ыкмаларын максаттуу түрдө тандай билүүсү, карым-катышууну гуманистик мазмун менен толтура билүүсү менен аныкталарын эске алуу зарыл.

Бул учурда, кеп үй-бүлөдө айрым бир тарбиялык системаны калыптандыруу тууралуу болуп жатат.

А.В. Петровский ар бир үй-бүлөдө тарбия берүүнүн белгилүү бир системасы объективдүү түрдө түзүлөт, бирок, ал ар дайым эле аңдала бербейт деп акыйкат айтканы бар. Мында тарбия берүүнүн максатын түшүнүү жана анын милдеттерин аныктоо, тигил же бул деңгээлде тарбия берүүнүн усулдарын жана ыкмаларын колдонуу, балага карата эмнени жасоого болот, эмнени жасабаш керек деген сыяктуу түшүнүктөр эске алынат [133].

Тарбия берүүнүн система түзүүчү фактору катары, А.С. Макаренконун пикири боюнча, анын максаты эсептелет. Аталган максат ар кандай түшүндүрүлүшү мүмкүн, анын алгачкы көлөмдүү түшүндүрмөсүн П.Ф. Каптерев сунуштайт. Педагогдун тарбия берүүнүн максаты – балдардын күчүн туура өнүктүрүүгө, алардын физикалык жана психологиялык жактан нормалдуу өсүшүнө көмөк көрсөтүү.

Изилдөөчүлөр көрсөткөндөй, үй-бүлөнүн тарбиялык системасы эмпирикалык жол аркылуу калыптанат. Келишимдүү, ырааттуу формага ал ата-энелер белгилүү бир максатка ээ болуп, баланын өзгөчөлүктөрүн жана анын өнүгүүсүнүн перспективасын эске алуу менен тарбия берүүнүн усулдарын жана каражаттарын пайдаланып менен ишке ашырган учурда ээ болот [89].

Авторлор үй-бүлөнүн тарбиялык функциясын ишке ашыруу үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн ортосундагы туруктуу карым-катыштын биримдиги катары каралуучу түзүлүшүнө көз каранды. Үй-бүлө ичиндеги мамилелер бала үчүн коомдук мамилелердин алгачкы өзгөчө үлгүсү. Канча бир мезгил аралыгында үй-бүлө бала үчүн социалдык карым-катыштын тажрыйбасын алуудагы бирден-бир жай болуп эсептелет. Андан соң бул адамдын турмушуна бала бакча, мектеп, көчө сыяктуу социалдык институттар кире баштайт. Бирок, бул учурда үй-бүлө инсандын социалдашуусундагы эң маанилүү, кээде эң башкы фактор бойдон кала берет. Үй-бүлөнү инсандын модели жана турмуштук тренингинин базалык формасы катары кароого болот.

Ар бир үй-бүлө чоң же кичине тарбиялык мүмкүнчүлүктөргө же тарбиялык потенциалга ээ. «Үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалы» түшүнүгү үй-бүлөнүн тиби, түзүлүшү, материалдык камсыздалышы, жашаган жери, психологиялык микроклиматы, салты жана ырым-жырымдары, үй-бүлөлүк турмуштун адептик атмосферасы, анын стили, уклады, социалдык эрежелери, үй-бүлөлүк баалуулуктарды, адептик идеалдарды, үй-бүлөнүн муктаждыктарын, ата-энесинин билим жана маданият деңгээли жана башка

көптөгөн нерселерди камтыйт, үй-бүлөдөгү баланын тарбиясына таасирдүүлүгүн аныктап турат [89, 213-б.].

Үй-бүлөлүк тарбиянын таасирдүүлүгүнүн күчү, туруктуулугун камсыздоочу факторлор катары: атасынын жана апасынын, же үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн тарбиялык таасиринин туруктуулугу жана узактыгы; үй-бүлөнүн тиричилик ишмердигине балдарды аралаштыруу үчүн объективдүү мүмкүнчүлүктөрдүн болушуэсептелет [89].

Эгер үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалын баланын үй-бүлө ичиндеги ордуна карай баалай турган болсок, анда үй-бүлөлөрдүн психологиялык типтеринин үч вариантын бөлүп кароого болот: салттуу, балдар борбордо турган жана жубайлык (демократиялык).

Салттуу (патриархалдык) үй-бүлөлөрдө мамилелер мурунку доминанттык образдарга багытталган: күйөөсү – атасы – «багуучу», үй-бүлө мүчөлөрүнө карата негизги чечимдерди кабыл алуучу, коомдо үй-бүлөнү көрсөтүүчү; аялы – балдарды тарбиялоо менен алектенген, күйөөсүнө караганда айлык маянасы аябай эле аз, үй чарбасын күтүүчү; балдары, алардын пикири көбүнчө, баш ийүү маанисине ээ болот.

Мындай үй-бүлөлөрдү «сыртынан үлгүлүү» деп аташат, бул учурда материалдык жактан толук камсыздалган, кылмыштуулук факторлору орун албаган, үй-бүлө мүчөлөрүнө терс таасир тийгизбеген үй-бүлөнү билдирет. Бирок мындай үй-бүлөлөрдө материалдык жыргалчылыктар орун алганы менен руханийликтен кем, үй-бүлө мүчөлөрүнүн эмоционалдык байланыштары минималдаштырылган, алардын бири-бирине жат болуусу күч алып, үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-бирине, алардын кызыкчылыктарына, кызыгууларына, баарлашуудагы маданияттын жоктугуна кайдыгер, кош көңүл мамиледеги үй-бүлөнүн тибин аныктоо үчүн «жалган үлгүлүү үй-бүлө» термини колдонулат. Белгиленген мүнөздөмөлөргө ээ үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалы, албетте, минималдуу.

Балдар борбордо турган үй-бүлөлөрдө баланын кызыкчылыктарына, суроо-талаптарына, алардын ички жан дүйнөсүнө болгон кызыгуусу

жашоосунун борборунда турат. Мындай үй-бүлөлөрдө сензитивдүүлүк коомдун талаптарына эмес, балдарынын кызыкчылыктарына жана суроо-талаптарына, алардын ички дүйнөсүнө карата багытталгандыгы байкалат. Ата-энелердин жана балдардын ортосундагы эмоционалдык байланыштар эмпатия менен мүнөздөлөт.

В. Сатир мындай үй-бүлөлөрдү толук кандуу үй-бүлө катары белгилейт [153]. Анын түшүндүрүүсүндө, мындай үй-бүлөлөргө өзүнө-өзү берген баасы жогору; түшүнүүгө жана кабылдоого багытталган түз жана чынчыл коммуникация мүнөздүү, социалдык байланыштар ачык жана позитивдүү эрежелерге бай. Толук кандуу үй-бүлөдөгү атмосфера сүйүү, мээрим жана бири-бирине болгон сый-урмат мамиле менен курулат. Чынчылдык, табигыйлык, юмор, ишенчээктик, достук, курагына карабастан сезимдерин ачык билдирүүсү – толук кандуу үй-бүлөлөрдү ар дайым коштоп жүрөт.

Жубайлар тибиндеги үй-бүлөлөр жашоосун продуктивдүү жана макулдашуунун негизинде пландаштырууга жөндөмдүү, ал эми мындагы өзгөрүүлөр алардын чыгармачыл пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү алардын турмуш тиричилигинин ажырагыс бир бөлүгү болуп эсептелет. Дасыккан ата-энелер өзүнүн милдетин балдарын кандай гана турмуштук кырдаал болбосун ар дайым адам болууга үйрөтүү деп эсептейт, алардын жүрүм-туруму ашыкча сөздү талап кылбайт. Мындай үй-бүлөлөрдүн урааны: «Адамдардын сезими – эң башкысы!».

Тарбиялык потенциалды баалоодо үй-бүлөдөгү тарбия берүүнүн тиби аныктала турган үй-бүлөнүн ролдук түзүлүшүн эске алуу зарыл.

Үй-бүлөдө баланын атасы жана апасынын тарбиялык системада ээлеген ролдук позициясы анын инсандык сапаттарын калыптандыруу үчүн маанилүү болуп эсептелет. Эгер үйдө тартипти атасы көзөмөлгө ала турган болсо, мындай үй-бүлөлөрдө эркек балдар тартиптүүрөөк, ал эми энесинин таасири күчтүүрөөк болсо, кыздары активдүү келет. Жыныстык айырмачылыктары боюнча ата-энелердин стилине карата кызыктуу изилдөөнү А. Руссель жүргүзгөн: апаларга авторитеттик, ал эми аталарга –

авторитардык же үстөмдүк стиль мүнөздүү. Авторитардык стиль эркек балдардын ата-энелерине, ал эми кыздардын ата-энелерине – авторитеттик стиль мүнөздүү. Бирок балдардын активдүүлүгүн жана өз алдынчалуулугун өнүктүрүү үчүн жагымдуу жагдай ата-энелердин экөө тең балага тарбия берүү ишине активдүү катышып, бирок өздөрүн ар кандай алып жүрүшкөндө, айталы, бирөөсү колдоочу, экинчиси дисциплинардык функцияны алган учурда түзүлөт.

Авторлор үй-бүлөдө калыптанган тарбия берүүнүн негизинде ата-эненин балага болгон белгилүү бир мамилеси турат деген бирдей позицияны карманышат. Аталган феномен изилдөөчүлөр тарабынан бала менен баарлашууда ага карата ар кыл сезимдердин, жүрүм-турум стереотиптеринин, баланын кабылдоо жана түшүнүү өзгөчөлүктөрүнүн, жорук-жосундарынын бүтүндөй бир системасы катары аныкталат.

А.Я. Варга ата-энелердин мамилеси – бул өзүндө үч түзүмдүк бирдикти: интегралдык кабылдоону же баланын баш тартуусун; инсандар ортосундагы аралыкты, б.а. балага жакындыгынын деңгээлин; баланын жүрүм-турумуна көзөмөл жүргүзүүнүн формасын жана багытын камтып турган көп кырдуу билим берүү деп эсептейт. Ошону менен бирге үч өлчөөнүн ар бири мамиленин эмоционалдык, когнитивдик жана жүрүм-турумдук компоненттеринин ар кыл пропорцияда айкалышуусун билдирет [56, 2-б.].

Ата-энелердин балдары менен карым-катышынын белгиленген параметрлеринин комбинациялары тарбиялык таасирдин ар кыл стилдерин бөлүп кароого мүмкүндүк берди.

Үй-бүлөлүк тарбиянын жүрүм-турумдук аспектисин кароодо көпчүлүк учурда төмөнкү факторлорду бөлүп карашат: доминанттык – баш ийүү; көз карандылык – көз карандысыздык; кызматташуу – атаандаштык. Үй-бүлөлүк карым-катышуу типтеринин мүнөздөмөсүнө таянуу менен А.В. Петровский үй-бүлөдө тарбия берүүнүн белгилүү тактикаларын бөлүп карайт. Бул учурда тарбия берүүнүн стилдери өбөлгө менен бирге диктат, опека,

«кийлигишпөөчүлүк» жана кызматташуу сыяктуу мамилелердин өбөлгөсү анын натыйжасы катары каралат [132].

«Тарбиялык таасирди ишке ашырууда ата-энелер кандай каражаттарды пайдалангандыгы маанилүү болуп эсептелет. Учурда бир катар салыштырмалуу автономдук психологиялык механизмдер белгиленген, алар аркылуу ата-энелер өз балдарына таасир этет, бул: күч-кубаттоо, иденттүүлүк, түшүнүү», – деп жазат А.С. Спиваковская [160].

Алсак, бала үчүн ата-эненин үлгүсү маанилүү, алар аны тууроого аракет кылышат. Бала ата-эненин жүрүм-турумун бала активдүү туурай берет, ата-энесинин ортосундагы мамилелердин өзгөчөлүгүн өзүнө ала берет. Балдар тигил же бул адаттарды бат эле өзүнө өткөрүп алышып, ата-энесинин баскан-турганын, жаңсоолорун, сүйлөө манерасын, маселелерди чечүү ыкмаларын оңой эле өздөрүнө сиңирип алышат. Ата-энелердин жүрүм-турум моделинин ролу адаттарга ээ болуу процессинде эле эмес, стрессти жеңүү ыкмасы катары да маанилүү. Эгер ата-энеси кыйынчылыктардан качып пассивдүүлүктү көрсөтсө, же туура эмес агрессиясын билдирсе, бала да мындай учурларда өзүн аларга окшош алып жүрөрү толук ыктымал.

Бирок, ата-энелер ар дайым эле ата-энелик үлгүнү кайталай бербейт. Андыктан, үй-бүлөлүк тарбия контекстинде авторлор тарабынан ата-энелик авторитеттин ролунун маанилүү экендиги белгиленет (Макаренко А.С., Ковалев С. П., Марковская И.М.).

Конкреттүү үй-бүлөдө тарбиялык системаны калыптандырууда ата-энелер баланын муктаждыктарын (позитивдүү көңүл бурууга болгон муктаждык, тийиштүү болууга жана сүйүүгө муктаждыгы, коопсуздук жана коргонууга болгон муктаждыгы, баарлашууга болгон муктаждыгы) канчалык түшүнгөндүгү жана аларды канаттандыргандыгы да чоң мааниге ээ (Фрейд З., Роджерс К., Эриксон Э., Хорни К., Маслоу А. ж.б.). Аталган факторлор үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалына да кирет.

Тарбиялодогу көптөгөн маселелердин себеби, Г.Т. Хоментаускастын пикири боюнча, улуулар көпчүлүк учурда, өз балдарынын түйшөлүүлөрүн

жана эмоционалдык абалын түшүнүүгө аракет кылышпайт. Өспүрүм үчүн аны ата-энеси жакшы көрүп жатабы же жокпу, канчалык деңгээлде керектиги ал үчүн маанилүү. Изилдөөчү баса белгилегендей, балдар ата-энелерине жана өздөрүнө карата ээлеген төрт жалпыланган эрежени жана ички позицияларды бөлүп карашат, алар: мен керекмин жана мени сүйүшөт, бирок мен чын дилимден силерге жакындагым келет; мени жакшы көрүшпөйт, менин керегим жок, мени жайыма койгулачы [168].

Ата-энелердин тарбиясынын эмоционалдык контекстинин маанилүү экендигин түшүнүү инсандар ортосундагы эмоционалдык байланыштын тиби жана түсү боюнча үй-бүлөнүн типологияларын курууга жасаган аракетинин пайда болуусун шарттады. Алсак, Е.Б. Насонова аталган негиз боюнча үй-бүлөлөрдүн төрт тобун бөлүп караган:

– оң эмоционалдык байланыш басымдуулук кылган жана негативдик эмоциялар дээрлик жокко эсе үй-бүлөлөр – гипер камкор ата-энелер;

– баланын инсандык мүнөзүн, анын жүрүм-турумдарын кабылдоо жана түшүнүү өзгөчөлүктөрүн аны менен баарлашууда практикалануучу жүрүм-турумдук стереотиптерге болгон тыюуларга жооп иретинде келип чыгуучу терс эмоциялардын үлүшүнө салыштырмалуу оң эмоциялар артыкчылык кылган үй-бүлөлөр;

– оң жана терс мамилелер бирдей болгон үй-бүлөлөр – амбиваленттик ата-энелик мамилелер;

– ата-энелер менен балдардын ортосунда терс эмоционалдык байланыш артыкчылык кылган үй-бүлөлөр.

Аталган классификация үй-бүлөдөгү эмоционалдык байланыштардын мүнөзүнүн маанилүү экендигин көрсөтүп турат. Мунун далили болуп А.И. Запорожецтин изилдөөлөрүн айтууга болот, ал улуулардын өздөрүнүн аракеттерин эмоционалдык баалоо аркылуу бала кырдаалдын маңызын өздөштүрөт жана түшүнөт деп белгилейт. Түйшөлүүлөр баланын курчап турган чөйрө менен болгон карым-катышынын продуктусу болуп эсептелет. Баланын өнүгүүсүнө жараша эмоционалдык түйшөлүүлөр жүрүм-турумдун

жөнгө салуучусунун, ошондой эле чөйрөнүн жана социалдык нормалардын талаптарына ылайык эмоционалдык жактан аны оңдоочу жана өзгөртүүчү регулятордун ролун аткарат [78].

Ата-энелердин көзөмөлүнүн маанилүү параметрлеринин бири болуп ата-энелердин балдарына карата койгон талаптары эсептелет. Балдарга карата белгилүү өлчөмдөгү талаптарды коюуда балдарда төмөнкү агрессивдүүлүктү (эркектерде), көбүнчө, эгоизмге караганда альтруизмди, өз алдынчалуулуктун жана активдүүлүктүн жогорку деңгээлин байкоого болот.

Ата-энелердин өзүнө жасаган мамилеси, анын койгон талаптарын бала акыйкаттуулук катары кабыл алуусу абдан маанилүү. И.М. Балинский үйдө балдарга катуу, акыйкатсыз мамиле жасоо алардын жан дүйнөсүн жабыркатып, оорукчан абалды өнүктүрүүнүн себепчиси болушу мүмкүн; ашыкча көзүн кароо – балдарда чектен ашкан эмоционалдуулуктун себепчиси; өтө катуу талаптар – баланын жан дүйнөсүн алсыз кылып, катуу кармоо балада коркуу сезимдеринин пайда болуусуна себепчи болот; өтө аярлоо – баладагы субъективдүүлүктү, мүнөзүндөгү туруксуздукту калыптандырат. Ашыкча көңүл бөлүү жана баланын бардык каалоо-тилектерин орундатуу тиби боюнча тарбия берүү эгоцентризмдик, эмотивдүүлүгү жогору, өзүн көзөмөлгө ала албаган чыр-чатактуу мүнөзгө ээ; ашыкча талаптарды коюу жинденүү этиологиялык фактору катары кабылданат.

Андыктан туура тарбия берүү үчүн көзөмөлгө алуунун, жазалоонун жана жакшы көрүүнүн белгилүү чараларынын оптималдуу айкалышы маанилүү, алар ошондой эле үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалын мүнөздөйт. К. Маккоби ата-энелик көзөмөлгө төмөнкү тутумдук бөлүктөрдү киргизет: чектелүүчүлүк; талаптуулук; катуулук; таңуулоо. Ата-энелердин ырааттуу көзөмөлү алдында балдарда төмөнкүлөрдү байкоого болот: агрессивдүү импульстарды көзөмөлдөө жөндөмдүүлүгү; өспүрүм курактагы өзүн-өзү жогорку баа берүүсү; активдүүлүгү – жаңы кырдаалга карата ишеним менен

кароо, демилге көтөрүү жана баштаган иштеринде өжөрлүк менен мамиле кылуу жөндөмдүүлүгү, жалпы позитивдүү маанай.

Үй-бүлөдө колдонулуучу стилдин баланы тарбиялоо жана анын өзүн-өзү баалоосу менен түздөн-түз байланышы бар. Алсак, өзүн-өзү баалоосу жана социалдык жактан жана жеке адаптациялануусу жогору болуусу балдар менен ата-эненин ортосундагы ишеним мамилелеринин болушу, талаптуулук жана катуу тартип, ошону менен биргеликте өспүрүмгө сый мамиле жана салыштырмалуу автономиялуулугун сактоо айкалышкан учурлар тууралуу маалыматтар бар. Өзүнө-өзү берген баасы төмөн болгон, өзүн керексиз, бөтөн сезген, социалдык активдүүлүгү төмөн, инсандар аралык байланышта канааттанбаган балдар үй-бүлө ичиндеги мамилелерде негативдүү тажрыйбага ээ болушкан, бул – эмоционалдык мамилелерге карата «тарбиялык» рационалдуу таасир этүүнүн үстөмдүк кылышы, жазалоо көзөмөлдөөнүн негизги ыкмасы катары, так тарбиялык программанын жоктугу. Ошондуктан, позитивдүү өзүнө-өзү баа берүүнү өнүктүрүүнүн жагымдуу шарты катары ата-эненин баласынын өз алдынча өнүгүүсүнө тоскоолдук жаратпоочу, анын турмушуна эмоционалдуу кийлигишүүсүн эсептөөгө болот дешет.

Ата-эне менен баланын мамилелеринин белгиленген типтери менен катар үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалы башка да таасирлерге жана башка жагдайларга дуушар болот. Алсак, үй-бүлөлүк турмуштун баланын «катар» номери, б.а. пайда болуу убактысы сыяктуу өзгөчө факторун да атоого болот. Мисалы, атайын изилдөөлөрдүн натыйжасында бул фактор балдардын кесипке болгон ар кандай мамилелерин түптөөсү катары аныкталган: аны тандоодо балдардын белгилүү бир факторлорду эске алуусунда чараларды көрүүгө багытталуусу – жаңы, изилденбеген чыгармачыл нерсени издөө же практикалык ой жүгүртүүлөр менен белгиленгендик.

Үй-бүлөнүн тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү олуттуу массивдин фонунда үй-бүлөнүн баланы акырындык менен социалдык турмушка аралаштыруу жана анын ой өрүшүн жана тажрыйбасын этаптуу кеңейтүүгө карата

талаптарга дал келүү факторунун артыкчылыгын баса белгилеп кетүү зарыл. Үй-бүлөлүк чөйрө өнүктүрүүчү мүнөзгө ээ болгон учурда гана мындай дал келүү мүмкүн.

Үй-бүлөдө түзүлгөн өнүктүрүүчү чөйрө, турган жерден жана кокусунан келип чыккан нерсе эме с. Ал атайын долбоорлонуп, жакшылап уюштурулуп анан курулушу керек. Өнүктүрүүчү чөйрөгө карата коюлуучу негизги талап гумандуу мамилелер, ишеним, коопсуздук, инсандык өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү, эмоционалдык үндөштүк ж.б. үстөмдүк кылган маанайды түзүү зарыл болуп эсептелет.

Үй-бүлөдө колдоо көрсөтүүчү эффективдүү, жардам берүүчү мамилелер анын ар бир мүчөсүнүн аң-сезимдүү жана инсандык терең деңгээлде өзгөрүүсүнө өбөлгө түзөт. Өзүн кабылдоодо позитивдүү жылыштар болуп, адам өзүнө ишеними артылып, өзүн жакшы башкарып, ар кандай кырдаалдарга чыгармачылык менен мамиле кылууга ж.б. жөндөмдүү келет. Мындай учурда ал өз каалоо-тилектерин, пикирин, арыз-муңун айтууга мүмкүнчүлүк алат, бул учурда аны түшүнүү менен кабыл алаарына ишенет. Үй-бүлө мааниси боюнча адам өзүнүн жакындары менен кубанычтары жана коркунучтары, муктаждыктары жана камкордугу менен бөлүшүүгө ачык жана аны колдоо менен кабыл алат деген ишеними артылат.

Дал ушундай үй-бүлөлүк кырдаал балага өзүнүн эмоционалдык жана интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн кеңири көрсөтүүгө, муктаждыктарын тезирээк жана толугураак ишке ашырууга мүмкүндүк берип, турмушунда жолугуучу кыйынчылыктарды акыл-эстин негизинде конструктивдүү чечүү үчүн өбөлгөлөрдү түзөт.

Үй-бүлө индивид менен коом ортосундагы өзгөчө бир ортомчу болуу менен адамдын өнүгүүсүндө, адамдын өзүн-өзү актуалдаштыруусунда чечүүчү мааниге ээ. Интеллектуалдык, эмоционалдык, социалдык жана адептик жактан өнүгүүсү үчүн бала тынымсыз ишке ашырылып туруучу жана анын өмүрүндөгү олуттуу мезгил аралыгында күчтүү өз ара иррационалдуу, эмоционалдуу байланыш түзүлгөн адамдар менен

прогрессивдүү татаалдануучу карым-катышууда болуусу зарыл, алар мүмкүн болушунча, баланын өмүр бою жагымдуу жагдайда жашашы жана анын өнүгүүсү менен белгиленет.

Калыптанган түшүнүктөргө ылайык, бала тарабынан белгиленген курчап турган дүйнө менен болгон мамилелери, көпчүлүк учурда, үй-бүлөдө басымдуулук кылган баалуулуктар менен аныкталып, тарбиялык таасир алдында баланын аракеттери менен белгиленет.

Бүгүнкү күндө үй-бүлөлүк баалуулуктар терең гуманисттик болуп эсептеле тургандыгы тууралуу түшүнүк орун алган, анткени, алар адамдын, анын физикалык жана физикалык жыргалчылыгынын айланасында топтолгон. Эң жогорку баалуулук катары ал үй-бүлөлүк турмуштун маанисин жана багытталышын аныктап, ал эми анын баалуулуктары жалпы адамзаттык идеалдарды (жакшылык, акыйкаттуулук, өз ара жардамдашуу, боорукерлик ж.б.) кабылдоосун чагылдырып турат.

Бул учурда үй-бүлөлүк баалуулуктар ар түрдүү болушу мүмкүн. Аларга учурда төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

– болуу, үй-бүлөлүк бюджеттин кирешелик бөлүгүн көбөйтүү, келечекте балдардан жардам күтүү ж.б.

– өзүн-өзү толуктаган толук кандуу инсандын жакынкы чөйрөсүнүн арасынан өзүн-өзү аныктоосу менен байланышкан баалуулуктар: үй-бүлөнүн социалдык жактан маанилүүлүгү, үй-бүлө адамынын ролунун салттуулугу, ар бир үй-бүлө мүчөсүн эң жакын чөйрөсү катары кабыл алуу, коомдо белгилүү статуска ээ болуу ж.б.;

– ата-энеге, атага, энеге муктаждыгын канааттандыруучу баалуулуктар: өзүнө ата-эне деген жаңы социалдык ролду алуу, бул ролдо өзүн-өзү аныктоо, үй-бүлөдөгү тарбиялык процесстин чыгармачыл мүнөздүн түшүнүү, баланы баалуулук катары кабылдоо ж.б.;

– сүйүүгө жана аны билдирүүгө муктаждыгын канааттандырууга байланышкан баалуулуктар: ар бир үй-бүлө мүчөсүн анын жетишкендиктерине кемчиликтерине карабастан кабыл алуу, өзүн сүйүктүү,

керектүү сезүү жана жакын адамдарына карата өзүнүн сезимдерин билдирүү ж.б.;

– физиологиялык муктаждыктарды канааттандыруучу баалуулуктар: жубайлардын сексуалдык-интимдик мамилелери;

– салыштырмалуу стабилдүүлүктү жана корголгондукту сезүүгө мүмкүндүк берүүчү баалуулуктар: үй-бүлөлүк никелик мамилелердин узактыгы, өнөктөшүнүн туруктуулугу, экономикалык колдоо, психологиялык коргонуу, эмоционалдык жактан жазылуу ж.б.;

– баарлашууга жана анын чөйрөсүн кеңейтүүгө муктаждыгын канааттандыруучу баалуулуктар: балдары, жубайы, туугандары, жубайынын достору жана алардын балдары менен баарлашуу, руханий баалуулуктар менен алмашуу ж.б.;

– прагматикалык муктаждыктарды канааттандырууга мүмкүндүк берүүчү баалуулуктар: мүлккө биргелешип ээ үй-бүлөлүк баалуулуктарга үй-бүлөнүн социалдык статусу жана социалдык мааниси, жакын адамдары алдын жоопкерчилик, өзүн-өзү аныктоо мүмкүнчүлүгү, балдарына жана жубайына болгон ынактыгы кирет.

Тарыхый контекстте үй-бүлөлүк баалуулуктар белгилүү бир вариативдүүлүккө дуушар болушат. Ар бир үй-бүлө мамлекеттин жана элдин маданиятынын талаптарына ылайык инсанды калыптандыруучу кичи социалдык коом болуп эсептелет. Кандай гана коом болбосун, талап кылынган нормаларды жана моралдык критерийлерди үй-бүлө аркылуу калыптандырат. Муундан муунга үй-бүлөдө инвариант өндүрүлүп келген, ансыз коомдун өзүнүн жашоосу мүмкүн эме с. Мындай инварианттар адамдын руханий-адептик тарбиясынын негизин түзөт.

Биздин коомдогу ондогон жылдарга, дээрлик бүгүнкү күнгө чейин созулган руханийсиздик, акыркы он жылда биздин маданиятыбызга жат батыштык баалуулуктардын басып кирген экспансиясы үй-бүлөнүн баланын руханий-адептик тарбиясынын функциясын ишке ашыруу жөндөмдүүлүгүн алсыратты. Бул чөйрөдөгү көптөгөн үй-бүлөлүк баалуулуктардын жоголушу,

көптөгөн ата-энелердин өзүнүн руханий-адетик баалуулуктарын заманбап социалдык контекстке ыңгайлаштыра албагандыгы үй-бүлөгө аталган тарбиялык функцияны жүзөгө ашыруусуна өбөлгө түзүү зарылдыгын алып келүүдө.

### 1.3. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдарды тарбиялоо проблемасынын кыргыз этнопедагогикасында изилдениши жана методологиялык таянычтары

Кыргыз этнопедагогикасы бир топ жаш илим, ал этнография, педагогика, психология, антропология, фольклористика, адабияттаануу, лингвистика ж.б. этнологиялык илимий билимдердин табылгаларына жана элдик тажрыйбаларга таянылуу менен XX кылымдын 2-жарымынан бир кыйла кеңири өнүгүүгө багыт алды. Алгачкы диссертациялык изилдөө 1964-жылы агартуучу акын-демократ Тоголок Молдонунун (Байымбет Абдырахманов) педагогикалык идеяларына арналып Ж.Койчуманов тарабынан жазылган. Анда таалимчи акын катары Тоголок Молдо өз чыгармаларын балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап жазылгандыгы, элдик арман-кошок, тамсилдерди акын балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап, адаптациялап иштеп чыккандыгы айтылат. Кийинки кандидаттык диссертация 1965-жылы Б. Байсеркеев тарабынан кыргыз акын-демократтары Токтогул Сатылганов менен Тоголок Молдонунун чыгармаларындагы этикалык көз караштар боюнча корголгон. Андан кийин кыргыз этнопедагогикасы тармагындагы изилдөөлөр 70-80-жылдарда Москвада Г.Н. Волковдун жетекчилигинде жүргүзүлдү. Алардын бири Т. Ормонов «Семья и школа» журналына «Мудрые заповеди народа» жана «Советская педагогика» журналына «Педагогическая пансофия киргизского народа» деген макалаларын жарыялап, Фрунзе шаарынан «Идеи военно-патриотического воспитания в эпосе «Манас» деген китебин жана макаласын басып чыгарат. Мына ушул эмгектери анын 1972-жылы Казань шаарында жактаган педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын

изденип алуу боюнча коргогон диссертациясына негиз болгон. Алгачкы кыргыз энопедогогдорунун бири Т. Ормонов «Манас» эпосунда балдардын курак жактан жетилген кези катары бир нече факторлорду көрсөтөт, алар: туулган жерин сырт душмандардын басып жаткандыгын түшүнүүсү; аскердик куралдарды колдонууну улуу адамдардын көмөгү менен үйрөнө башташы; атка чапчаң жүрүүсү; ат үстүндө баратып найза, кылыч, жаа сыяктуу куралдарды колдоно билүүсү; жамбы атып түшүрүүсү; ат жалында тыным албай, уктабай күндөп-түндөп жүрө алышы; балдардын он эки жашынан бир лидерге – Манаска баш ийүүсү; ички рухунда мекенчилдик, мекенди боштондукка чыгаруу идеясынын болушу ж.б. Бул үчүн Манастын элдик тарбиячылары Опшур, Ажыбай, Бакай, Кошой ж.б. адамдардын баланы тарбиялоо аракеттери көрсөтүлөт.

Кыргыз этнопедагогдорунун алгачкы муунуна кирген Ж. Бешимов окуучуларды адеп-ахлактык жактан тарбиялоодогу элдик салттарды азыркы мектепте колдонуу боюнча диссертация жазган, анда кыргыз балдарынын адептик жетилүүсүнүн этаптары ачып берилет.

К. Кыдыралиев 1979-жылы кыргыз элинин жомоктору балдардын жаш чагынан дүйнө таанымын кеңейтип, сөз маданиятын жогорулатуучу, аларга тарбия берүүчү каражат экендигин көрсөткөн диссертациясын [100] жана 2010-жылы «Этнопедагогика – улуттук нуктагы таанып-билүүнүн жана тарбиялоонун булагы» деген окуу китебин жазган.

Кыргыз этнопедагогикасындагы көрүнүктүү окумуштуу А. Алимбеков кандидаттык диссертациясында жана доктордук эмгегинде, «Кыргыз этнопедагогикасы», «Кыргыз элинин билим берүү салттары» аттуу китептеринде улуттук тарбияны кыргыздар балдардын жаш өзгөчөлүгүнө, балдардын жана кыздардын курагына жараша жүргүзүп келгендигин ишенимдүү маалыматтарга негизделүү менен көрсөтөт [13, 15]. «Колдо болгон этнографиялык, фольклордук материалдар тастыктагандай, кыргыз эли баланы тарбиялоо иши канчалык эрте башталса, анын натыйжасы ошончолук жемиштүү боларун ачык-айкын түшүнгөн. Элдин бул көз карашы

да тарбиялоону табиятка шайкеш жүргүзүү жөнүндөгү элдин эмприкалык билимдерине негизделген. Муну «Жашында жакшы көктөгөн көчөт, тез өсүп-өнөт: адам да ошондой. Жашында сергек, сезимтал болсо, чоңойгондо баамчыл, тырышчаак, мээнеткеч адам болот» деген элдик пикирлер ырастап турат.

А. Алимбеков белгилегендей, “Кыргыз элинде амандашуу салтынын башкы темасы да бала жөнүндө. Адатта, адамдар бири-биринин ал-жайын, турмушун балдарынын бакыбат өсүп-чоңоюп жатканына байланыштуу карашкан. Ушундан улам,учурашаарда “Бала-чакаң аманбы?”, “Ойноп-күлүп, чоңоюп жатабы?” деп сурашса, коштошоордо “Балдарың аман болсун”, “Балдардын бетинен өөп кой” деген жакшы сезимин, ак тилегин, каалоосун билдирет” [15].

А.Т. Калдыбаева төкмө акын Калык Акиевдин чыгармачылыгындагы этнопедагогикалык идеялар боюнча кандидаттык [87] жана элдик акындар Т. Сатылгановдун, Өтө Көкө уулунун (Жеңижоктун), Барпынын, Тоголок Молдонунун ырларындагы таалим-тарбиялык ойлор тууралуу доктордук диссертациясында жана монографияларында кыргыз төкмө ырчыларынын чыгармаларын талдоо менен алардын адамдарды куракка бөлүү боюнча ойлоруна токтолот [88]. Эмгегинин «Балдардын инсан катары калыптануу процесси эл акындарынын чыгармачылыгында» деген бөлүмүндө «кыргыз акындарынын ырларында балдар менен кыздардын, жалпы эле адамдын курак өзгөчөлүктөрүнө карата таалим-тарбия берүү тууралуу ойлорун талдоого алып», Жеңижок Өтө уулунун «Балалык» деген ырын, Токтогулдун «Тойпоңдогон жаш балдар», «Балалык» аттуу чыгармаларын, Барпынын бир катар ырларын талдап, алардагы балдардын курак өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылат. «Баланын төрөлүшү, жарык дүйнөгө келиши тууралуу ойлор Барпы Алыкуловдун чыгармачылыгында дагы башкача өңүттөн каралып, этникалык өзгөчөлүктөр жалпы адамзаттык гуманисттик ойлор менен айкалыштырылат», «... бала үчүн, анын туура өсүшү, дени сак жетилиши үчүн ата-эне укканын, көргөнүнүн баарын аткарган. Тынымсыз уруш, согуш

жүрүп, жоо колу менен жаңжалдар, кала берсе уруулук чатактар көп болуп турган кыргыз элинде баланын аман-эсен, алты саны бүтүн, күчтүү, шамдагай өсүшү өзгөчө жалпы элдик мааниге ээ болгон. Ал бала бир үй-бүлөнүн эле мүлкү эмес, жалпы уруктун, андан өтүп уруунун, мамлекеттин байлыгы болгон». «Барпы Алыкуловдо да, Жеңижокто да он эки-он үч жашка чейинки курак бул романтикалык мезгил, эч нерсени элебей, эч нерсени кенебей турган убак. Ошол эле кезде баланын калыптануу процесси активдүү жүрүп жаткан мезгил. Анын эң жакын тарбиячысы – ата-эне, коомчулук» деп айтат [88].

Баланын инсан катары калыптануу мезгилинде бала алган тарбиялар тууралуу акындардын ырын анализдеп келип, А. Калдыбаева мындай дейт: «Биринчиден, табият менен алака-катышта болот, кыргыз баласынын жаны табият менен биригип калат («Агын сууну бойлошот, кой дегенге болбостон, балчык кечип ойношот», «Топучак издеп шиш менен, казып жүргөн балалык»).

Экинчиден, анын акыл-эси оюн менен байланышып, оюн ал үчүн таанытуучулук, тарбия берүүчүлүк функция аткарат («Он жашарда октолот, агайныга жоголот», «Оюн кызык көрүнүп, зарыгып жумшап жатсаң да, тил албаган балалык», «Жети жашка барганда, айылдагы иттерди, кууштурган балалык», «Сегиз жашка барганда, оюнга такыр тойбогон, оромпой тээп, чики атып, ок жыландай сойлогон», «Оюнга мооку канбастан, жутунуп турган балалык» ж.б.).

Үчүнчүдөн, кыргыз баласы элдин чарбачылыгы, турмуш-тиричилиги менен тааныша баштайт («Жети жашка барганда...тезек терип, суу ташып, бир аз жумуш кылган балалык», «Сегиз жашка барганда...торпокту минип жүдөткөн, тотугуп бетин түлөткөн, кубалап кулун, тайларды, кубарып чарчап күнү өткөн», «Тогуз жашка барганда... «Эки айылдын жылкысын, алдыртан кошуп ийишип, айгыр менен айгырын, алыштырган балалык», «Он бир жашка келгенде, чыйрак болсо ат чабат» ж.б.).

Төртүнчүдөн, бала – бул али инсан катары жетиле элек индивид, демек,

анда балалык бөксөлүктөр, дал ошол балалыгы менен кызык да, сонун да өзүнчө белгилер бар учур («Менин атым күлүк» деп, жарыштырган», «Айлына мейман келгенде, «алакүш» деп иттерди, тукуруп турган», «Тетири кийип чапанын, атчан адам көрүнсө, үркүтмөккө жол тосот!» ж.б.).

Ошентип, эл акындарынын чыгармачылыгын этнопедагогикалык аспектиден изилдеген А.Т. Калдыбаева ырчылардын чыгармачылыгындагы этностук бир өзгөчөлүктү – балдардын курак жактан жетилүү процессин ишенимдүү көрсөтүп берген.

Элдин түшүнүгүндө адам жашында жабышкан жаман адат менен өнөкөттөн өлгөндө гана кутулат. Бул элдик педагогикалык тыянак «Сүт менен бүткөн мүнөз сөөк менен кетет», «Жашында кылжың болсо, карыганда мылжың болот», «Козусунда тойбогон токтусунда түрткөнүн койбойт» деген сыяктуу макалдарда таасын туюнтулган. Ошондуктан, элдин тарбия практикасында «Баланы башынан...», «Жаш кезиңде билгениң ташка тамга баскандай» деген эреже-жоболор ырааттуу жетекчиликке алынган. Адамдын курактык-психологиялык өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү аракети акындар чыгармачылыгына да мүнөздүү. Мисал иретинде Жеңижоктун «Балалык», Токтогулдун «Тойпоңдогон жаш балдар», «Балалык» аттуу чыгармаларын көрсөтүүгө болот. Тилекке каршы, бул багыттагы элдик эмприкалык билимдер этнопедагогика жана этнопсихология илимдеринде атайын аңдала элек», – деп бул багыттагы проблемаларды да ачып көрсөтөт [15].

Биздин эл арасында жүргүзгөн байкоолорубуз көрсөткөндөй, азыр наристелүү болбогондор, жалгыз балалуулар, уулун же кызын ага-инилүү, эже-сиңдилүү кылып өстүрүү максатында эң жакын туугандарынын балдарын асырап алуу салтка айлангандыгын көрсөтөт. Кыргыз элинде тукумсуздук, баласыз өтүү орду толгус оор трагедия. Бул элдик салттуу көз караш “Манас” эпосунда Жакыптын арманы аркылуу терең ачылып көрсөтүлгөн. Жакыпта мал да, алтын да, бийлик да бар. Бирок, ал баласы жоктугунан өзүн башкалардан кем санайт, жашап жаткан өмүрүнүн маңызын эч нерседен көрө албай: “Тукуму жок өтөмбү? Туяксыз бойдон кетемби? Беш

түлүктөп мал жыйдым, алтын жыйдым, пул жыйдым. Бирок, жабдык салып ат минип, жанымда жүрөр караан жок! Ажал ачык чара жок, аман жүрөр санаа жок, акыретке бет алсам, атакелеп артымдан наалып калаар балам жок" – деп зарлайт [15].

"Коркут ата" китебинде өз үй-бүлөсүнүн коломтосун өчүрбөй улап кете алуучу мураскерлүү болуу тек жеке адамдын көңүлдөгү көксөөсү эмес, коом тарабынан коюлган катаал талап катары каралат. Мураста көчмөн түрк элдеринин үй-бүлө куруунун вазийпасына карата коомдук талаптардын максимализми жатат. Мураста баласыздар кудайдын каргышына калган пенделер катары коомдун толук жана татыктуу мүчөсү эсептелген эмес. Алар баласы жокторду кудай каргаган, аларды биз да каргайбыз дешкен. Алсак, "Дерсе кан уулу Букаш тууралуу ырында": "Тойго келген коноктордун эркек баласы барларын ак боз үйгө, уулу жок, бирок кызы барларды кызыл боз үйгө, уулу да, кызы да жокторду кара боз үйгө киргизет. Кара үйгө кирген конокторду кара кийизге отургузуп, кара койдун эти менен томат аралаштырып куурулган тамакты алдыларына коюп, жегендер жесин, жебегендер кетсин деген экен. Же уулу, же кызы жок жандарды Алла Таалам өзү каргаган, биз да ошондой кылабыз" [14].

Бул эпизоддо Дерсе кан баласынын жоктугунан кара үйгө отургузулуп, жазаландырылып олтурат.

Турмушта үй-бүлө күтсө да балалуу болуу тилегине ар кандай себептер менен жетпеген үй-бүлөлөр болгон. А. Алимбековдун ырастоосу боюнча "асыра" деген кыргыз сөзү уйгурларда "асири", чуваштарда "усра", өзбек, татарларда "асра", алтай, хакастарда "азыра", казактарда "асыра" деп айтылып, бардыгы бир маанини, башка бирөөнүн баласын багып алуу, өстүрүү дегендикти билдирет. Булардын баары байыркы түрк тилиндеги "аз" ("азык") деген уңгу сөздөн куралып, азыктандыруу, багуу, өстүрүү, эрезеге жеткирүү деген түшүнүктөргө түгөйлөш [14].

А. Муратов бир катар эмгектеринде [122] элдик педагогиканын ар түрдүү аспектилерин жана алардын улуттук фольклордогу, акындар

чыгармачылыгындагы, Ч. Айтматовдун роман-повесттериндеги колдонулуш проблемаларын изилдөөгө алган. Анын эмгектеринде кыргыз элдик тарбиялоо маданиятынын бир бөлүгү катары балдарды курак өзгөчөлүктөрүнө жараша тарбия берүү бөтөнчөлүктөрүнүн мазмуну, максаты, каражаттары көрсөтүлгөн [122].

Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы жана улуттук сөз өнөрүнүн балдарга арналган чыгармаларындагы таалим-тарбиялык каражаттардын балдардын курак өзгөчөлүктөрүнө ылайык трасформацияланышы С.К. Рысбаевдин эмгектеринде [152] чагылдырылган.

Болочок мугалимдерди жогорку жана орто окуу жайларында этнопедагогикалык жактан даярдоо багытында А.Т. Аттокуров, Н.К. Дюшеева, Б. Муратбаев, Т.А. Коңурбаев, азыркы учурдагы окуу-тарбия процессин этнопедагогизациялоо багытында Г.А. Абдымомунова, Р.А. Абдыраимова, Г. Байышова, Ф.Т. Баитова, И. Даминова, К. Жаныгулов, Ж.Т. Каденова, Г.Ж. Карагозуева, Ж. Койчуманов, Ж.М. Найманбаев, Ж.М. Орозбаев, Ч.Т. Осмонова, Т.В. Панкова, М.Р. Рахимова, К.К. Тусубекова, Ж.Ж. Тургунбаева, Т.Э. Уметов ж.б. окумуштуулар изилдөөлөрүн жүргүздү.

«Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик , патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» белгиленгендей азыркы тапта «коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоо зарыл», андыктан бул милдетти ишке ашыруу үчүн элдик башаттарга, анын ичинде кыргыз элдик педагогикасына кайрылуу зарыл [102]. КРнын Конституциясында да, КР билим берүү тууралуу мыйзамында да Кыргыз Республикасы өз алдынча мамлекет экендиги, ал мамлекеттин символдору – туусу, герби, гимни бар экендиги айтылат. Демек, азыркы ошол өз алдынча мамлекет түпкү улуттун – кыргыздардын мамлекетти. Биздин изилдөөлөргө методологиялык база болуп берүүчү жогорудагы документтер улутубуздун тарыхын, тилин, этнопедагогикасын изилдөөгө жана пропагандалоого кеңири жол ачат.

Биздин илимий изилдөөбүзгө методологиялык багыт бере турган илимдин дагы тармагы – этнография. Этнография бул же тигил уруунун, уруктун, элдин, улуттун үрп-адаттарын, салттарын, элдик ишенимдерин, жашоо өзгөчөлүктөрүн, тиричилигин үйрөнүп, ошол багытта материалдарды топтойт, топтолгон ошол материалдарды аныктайт жана салыштырат. Этнографтар тарабынан топтолгон маалыматтар, материалдар этнопедагогикалык изилдөөлөр үчүн “чийки зат” (сырье) болуп эсептелет. XIX кылымда кыргыз элинин турмуш-тиричилиги, жашоо-шарты, улуттук өзгөчөлүгү тууралуу маалыматтар атайын экспедицияга келген этнографтар тарабынан эмес, биринчи кезекте аскер адамдары, аскер тыңчылары, аскер дарыгерлери, саякатчылар, географтар тарабынан жыйналган (Зибберштейн, П.П. Семенов-Тянь-Шанский, Ч. Валиханов, В.В. Радлов, Н.А. Северцов, М.И. Венюков, Г.С. Загряжский, Н.И. Гродеков, Н.А. Аристов, Ф.В. Поярков, П. Кушнер, С.М. Абрамзон ж.б.). Алардын жыйнаган материалдарында кыргыздар балдарга кандай мамиле кылгандыгы, балдар кайсыл жашында кандай тарбия алгандыгы, аларды кимдер тарбиялагандыгы тууралуу маалыматтар топтолгон. Кыргыздардын чарбалык уклады (мал чарбачылыгы, дыйканчылыгы, аңчылыгы), кийим-кече, тамак-аш, турак-жайы, калың төлөө, никелешүү, үй-бүлө куруу, дини жана сыйынуулары, элдик оозеки чыгармачылыгы жана материалдык маданияты тууралуу жазып жатып алар элдик тарбиялоонун куракка жараша өзгөчөлүктөрүнө да токтолот. Айрыкча советтик этнограф С.М. Абрамзондун эмгектеринде биз методологиялык таяныч кылып ала турган бай материалдар берилген.

Кыргыз этнографтары А. Асанканов, С. Аттокуров, Т. Биялиева, А. Жапаров, А. Жумагулов, Ө. Козубаев, А. Көчкүнов, К. Мамбеталиева, Д. Молдокулова, А. Мурзакметов ж.б. баланын туулушуна, ысым коюуга, анын жетилишине байланыштуу салттарды, ырым-жырымдарды баяндап жазуу, алардын маанисин ачып берүү менен биздин эмгекке методологиялык жактан да булак болуп берди.

«Элдик этнограф» деген атка татыган Амантур Акматалиевдин бир катар китептериндеги, Советбек Байгазиевдин "Манас" эпосундагы тарбиялык идеяларга арналган эмгектериндеги, Сабыр Иптаровдун макалаларындагы кыргыз этнопедагогика илимине жана анын теориялык-практикалык багыттарынын өркүндөтүшө кошкон идеялары да биздин изилдөөгө негиз болгонун тийишпиз.

Ошондой эле социология, тарых, адабияттаануу, лингвистика илимдеринин табылгаларын да өз эмгегибизде пайдаландык.

Эң негизги методологиялык жол көрсөтүүчү эмгектер – этнопедагогикалык жактан биздин изилдөө менен байланышкан китептер, макалалар. Биз алар тууралуу ушул эле главанын атайын параграфында сөз кылдык.

Ошол эле кезде методологиялык жактан булак болуучу этнопедагогикалык изилдөөлөрдүн алдында турган милдеттери жөнүндө А. Калдыбаева мындай дейт: «XXI кылымдын башында кыргыз этнопедагогикасынын эң орчундуу проблемалары төмөнкүлөр менен байланыштуу деп ойлойбуз:

*Биринчиден*, кыргыз этнопедагогикасына историографиялык анализ керек, ошондо кайсыл изилдөөлөрдө кыргыз элинин педагогикалык салттары канчалык деңгээлде изилденгендиги, алардын кайсыл тарабы тереңирээк ачылып берилгендиги, кайсыл жагы анчалык изилденбегендиги, адабияттаануу, философия, этнография, социология, табияттаануу ж.б. илим тармактарында кыргыз элдик педагогикасындагы көрүнүштөр ачылып берилгендиги даана, так көрсөтүлүп берилиши керек.

*Экинчиден*, кыргыз этнопедагогикасынын теориялык изилдөөлөрүндө дүйнөлүк этномаданият менен салыштыруу, дүйнө элдеринин, түрк элдеринин, мусулман элдеринин, коңшу элдердин элдик педагогика илимдеринин табылгалары менен салыштыруу, элибиздин тарбиялоо салттарын салыштырма-типологиялык контексттен кароо маселелери тереңдетилиши зарыл.

*Үчүнчүдөн*, «элдик педагогика”, «этнопедагогика”, «салттуу педагогикалык маданият”, «элдик таалим-тарбиялоо”, «калктын тарбиялоо салттары” деген түшүнүктөрдүн илимий аныктамасын толук ачып берүү милдети турат.

*Төртүнчүдөн,* этнопсихология, этнолингвистика, этносоциология, этномузыкатаануу, этнофилософия, этноадабияттаануу ж.б. илимдерге таянып элдик педагогикалык салттарды кеңири масштабда изилдеп чыгуу жагы да бышып жетилди.

*Бешинчиден*, советтик мезгилде СССРдин курамындагы республикаларда жана Москвада жакталган диссертациялар жана жарык көргөн китептер, макалалар тоталитардык бийликтин таламдарына ылайык жазылган, педагогикалык элдик салттар социализмдин каалоосуна ылайык марксисттик-лениндик методологияга негизделип, таптык, партиялык көз караш менен түшүндүрүлүп келген, эми ошолордон тазалануунун зарылдыгы бышып жетилди.

*Алтынчыдан*, «...кыргыз эл педагогикасынын байыркы башаттары, калыптануу тарыхы, жалпы түрк элдери менен тектеш кыртышы, өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү; элдик педагогикадагы жетилген инсандын идеалы; элдик тарбиянын негизги түшүнүктөрү, принциптери, эрежелери, усулдары; элдик педагогиканын кенч-казыналары (өзгөчө, Орхон-Енисей жазуулары, кенже эпостор, легендалар, уламыштар, санжыралар, жаңылмач сыяктуу дидактикалык ырлар, көөнө тарыхты жана кадимки турмушту ар тараптуу баяндаган көркөм чыгармалар), азыркы окуу-тарбия процессин этнопедагогикалык негизде кайра куруунун принциптери, усулдук негиздери сыяктуу ж.б. актуалдуу проблемалар алиге чейин алгылыктуу изилдене элек".

*Жетинчиден*, элдик тарбиячылардын: аксакалдар менен байбичелердин, жеңелер менен агалардын, усталар менен уздардын, устаттар менен кол башчылардын, саяпкерлер менен мүнүшкөрлөрдүн, жайчылар менен эсепчилердин, манасчылар менен дастанчылардын, жомокчулар менен

акындардын, санжырачылар менен бакшылардын, куудулдар менен табыптардын — ар биринин тарбиялоодогу катышын аныктап, ушундай таалимчилердин арасынан чыккан тарыхый жана аты уламышка айланган инсандардын ордун белгилөө азыркы илимден көп нерселерди күтүп турат.

*Сегизинчиден*, кыргыз этнопедагогикасынын материалдарын китептер түрүндө чыгарып, жыйнактар түзүп, дүйнөлүк тилдерге которуп, интернет сайттарына киргизип, компакт-дисктерге, аудиовидео кассеталарга жазып, алардын негизинде фильмдерди, фотоматериалдарды, сүрөттөрдү тартып, эл аралык алкакта пропагандалап, жалпы элге жана дүйнөлүк илимий чөйрөгө жеткирүү зарыл».

Жалпылап алганда кыргыз этнопедагогикасынын таасиринде үй-бүлөлүк тарбияны ишке ашыруунун, бала тарбиялоону жакшыртууну бир топ натыйжалуу ишке ашырса болорун белгилейбиз.

## Биринчи бап боюнча корутунду

“Башталгыч класстын окуучуларына үй-бүлөдө руханий-адептик тарбия берүүнүн теориялык-методологиялык жана практикалык маселелери” деген аталыштагы биринчи бапта башталгыч класстын окуучуларына үй-бүлөдө руханий-адептик тарбия берүүсүнө педагогикалык-психологиялык мүнөздөмө берилди. Бул багытта изилдөө жүргүзгөн бир топ окумуштуулардын, авторлордун илимий-усулдук эмгектерине анализ жасалды. Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик тарбиялоонун факторлору аныкталды.

Башталгыч класстын окуучуларына үй-бүлөдө руханий-адептик тарбия берүү боюнча үй-бүлөлөрдүн төрт тобун бөлүп кароого болорун кубаттоого болот:

– оң эмоционалдык байланыш басымдуулук кылган жана негативдик эмоциялар дээрлик жокко эсе үй-бүлөлөр – гипер камкор ата-энелер;

– баланын инсандык мүнөзүн, анын жүрүм-турумдарын кабылдоо жана түшүнүү өзгөчөлүктөрүн аны менен баарлашууда практикалануучу жүрүм-

турумдук стереотиптерге болгон тыюуларга жооп иретинде келип чыгуучу терс эмоциялардын үлүшүнө салыштырмалуу оң эмоциялар артыкчылык кылган үй-бүлөлөр;

– оң жана терс мамилелер бирдей болгон үй-бүлөлөр – амбиваленттик ата-энелик мамилелер;

– ата-энелер менен балдардын ортосунда терс эмоционалдык байланыш артыкчылык кылган үй-бүлөлөр.

Ал эми үй-бүлөлүк баалуулуктар катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

– инсандын жакынкы чөйрөсүнүн арасынан өзүн-өзү аныктоосу менен байланышкан баалуулуктар: үй-бүлөнүн социалдык жактан маанилүүлүгү, үй-бүлө адамынын ролунун салттуулугу, ар бир үй-бүлө мүчөсүн эң жакын чөйрөсү катары кабыл алуу, коомдо белгилүү статуска ээ болуу ж.б.;

– ата-энеге, атага, энеге муктаждыгын канааттандыруучу баалуулуктар: өзүнө ата-эне деген жаңы социалдык ролду алуу, бул ролдо өзүн-өзү аныктоо, үй-бүлөдөгү тарбиялык процесстин чыгармачыл мүнөздүн түшүнүү, баланы баалуулук катары кабылдоо ж.б.;

– сүйүүгө жана аны билдирүүгө муктаждыгын канааттандырууга байланышкан баалуулуктар: ар бир үй-бүлө мүчөсүн анын жетишкендиктерине кемчиликтерине карабастан кабыл алуу, өзүн сүйүктүү, керектүү сезүү жана жакын адамдарына карата өзүнүн сезимдерин билдирүү ж.б.;

– физиологиялык муктаждыктарды канааттандыруучу баалуулуктар: жубайлардын сексуалдык-интимдик мамилелери;

– салыштырмалуу стабилдүүлүктү жана корголгондукту сезүүгө мүмкүндүк берүүчү баалуулуктар: үй-бүлөлүк никелик мамилелердин узактыгы, өнөктөшүнүн туруктуулугу, экономикалык колдоо, психологиялык коргонуу, эмоционалдык жактан жазылуу ж.б.;

– баарлашууга жана анын чөйрөсүн кеңейтүүгө муктаждыгын

канааттандыруучу баалуулуктар: балдары, жубайы, туугандары, жубайынын достору жана алардын балдары менен баарлашуу, руханий баалуулуктар менен алмашуу ж.б.;

– прагматикалык муктаждыктарды канааттандырууга мүмкүндүк берүүчү баалуулуктар: мүлккө биргелешип ээ болуу, үй-бүлөлүк бюджеттин кирешелик бөлүгүн көбөйтүү, келечекте балдардан жардам күтүү ж.б.

# ЭКИНЧИ БАП. ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары, методдору жана теориялык модели

Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучуларына руханий-адептик тарбия берүү боюнча илимий изилдөө ишинин максатын жана аны ишке ашырууга карата коюлган милдеттерди ачык, так жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн **изилдөөнүн обьектиси жана предмети** төмөнкүдөй аныкталды:

Изилдөөнүн **объектиси** – башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоо процесси.

Изилдөөнүн **предмети** – башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоонун педагогикалык шарттары**.**

Акыркы жылдарда окуучуларга руханий-адептик тарбия берүү маселеси бир катар сандык жана сапаттык өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бир жагынан, руханий-адептик тарбия берүү «педагогикалык маселе катары, өсүп келе жаткан муундун максималдуу толук кандуу туура өнүгүүсүндө коомдун универсалдык жана ошону менен бирге эле базистик керектөөлөрүнүн күчүндө болуусунун натыйжасында өз актуалдуулугун жоготпой келсе, экинчи жагынан, руханий-адептик тарбия берүү, заманбап педагогикалык категория катары, акыркы мезгилдеги социалдык жана саясий трансформациялардын таасири астында өзгөрүүгө дуушар болууда, бул педагогикада кабылданган руханий-адептик тарбия берүүнүн кадимки мазмунундагы айрым жоготууларга учуроосуна алып келди. Мында коомдо өзгөчө байкалуучу технократтык жана руханийсиздик процессинин күч алышы чоң ролду ойноду. Бул процесске турмуштун туруксуздугу, гуманистик кризистин реалдуу болушу, өсүп келе жаткан муун үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон адептик багыттоочтордун бузулушу: турмуштук тажрыйбасы жана туруктуулугу минимумга келип такалган муундун салымы зор.

Мына ушул эки карама-каршы келген тенденциялардын тоомунда коомдун өнүгүүсүнүн заманбап шартында аталган маселенин реалдуу, жаңы, талап кылынган көз караштты калыптандыруудан жана мурунку муундагы изилдөөчүлөрдүн тажрыйбасына сын көз менен карап өсүп келе жаткан муундун руханий-адептик тарбиясын изилдөөнүн актуалдуу зарылдыгы келип чыгат.

Адамдын руханий-адептик чөйрөсүнүн социалдык таасирлерге туш болуусу андагы руханий-адептик тарбияны изилдөөгө карата мамилелерди актуалдуулукка айландырды. Бирок мында тарбия берүү, негизинен, билим берүү мекемелери менен гана байланыштырылгандыктан бул учурда үй-бүлөдө адамга руханий-адептик тарбия берүүнүн ресурстары такыр эле унутта калып калынган.

Методологиянын илимий түшүнүгү – бул илимий изилдөөнүн объектисин, предметин, принциптерин, формаларын, жолдорун аныктоо дегенди билдирет.

Окумуштуу Н.А. Асипова методологиянын үч деңгээлин бөлүп көрсөтөт:

– бардык илимдерге тиешелүү мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктоого багытталган жалпы философиялык универсалдуу методологиялык деңгээл;

– тигил же бул илимге тиешелүү мыйзам ченемдүүлүктөрдү чагылдыруучу атайын методологиялык деңгээл;

– конкреттүү проблеманы чечүүдө айрым изилдөөлөрдүн обьектисине жана предметине байланыштуу конкреттүү методологиялык деңгээл [31].

Бул методологиялык маселелердин белгилүү бил илимдин обьектине, предметине жана мазмунуна байланышкан илимдин мааниси зор экендигине басым жасалат. Андыктан, изилдөөбүздүн обьектине, предметине жана мазмунуна байланышкан педагогикалык изилдөө усулдарын колдонуу менен эксперименталдык тажрыйба иштерин жүргүздүк.

**Изилдөө методдору:** изилдөө маселеси боюнча педагогикалык, психологиялык, философиялык жана социологиялык адабияттарды

теориялык иликтөөгө алуу; эмпирикалык (аңгемелешүү, байкоо жүргүзүү, диагностикалык тесттик карта, өзүн өзү баалоо, А.Я. Варганын ата-энелердин мамилелерин диагностикалоонун тесттик методикасы, калыптандыруучу эксперимент); прогноздоочу (долбоорлоо, моделдөө), эксперименталдык (констатациялык, калыптандыруучу, текшерүүчү эксперимент), эмпирикалык маалыматтарды математикалык-статистикалык иштеп чыгуунун усулдары (орточо маанилерин табуу, пайыздык бөлүштүрүү, пайыздык критерийлер, корреляциялык анализ).

Эмпирикалык изилдөөлөрдүн негизги базасы болуп төмөнкүлөр эсептелди:

*Теориялык методдор* төмөнкүдөй натыйжаларда алууга жетишүүдө зарыл болуп эсептелет:

– айта турган илимий фактыларды жана цифраларды тактоодо, ойду фактылар жана цифралар менен аргументтөөдө;

– пикирлерди, ойлорду бир ырааттуулукка салууда;

– идеялардын ишенимдүүлүгүн жогорулатууда;

– илимий ойлордун абстрактуулугунан конкреттүүлүккө, божомолдон чындыкка келүүдө;

– пикирлердин биринчи даражадагысын, экинчи, үчүнчү жана кийинки даражадагыларын аңдап билүүдө ж.б.

Диссертациялык изилдөөбүздө төмөнкүдөй теориялык методдорго таяндык:

**1.** *Материалдарды анализдөө.* Эмгекте колдонуулучу материалдардын белгилери жана сапаттары талдоого алынды.

**2.** *Анализденип алынган материалдарды синтездөө.* Мында талдоого алынган материалдар окшош касиеттери, белгилери, жалпылыктары боюнча бириктирилди, чогултулду. Албетте, анализсиз синтез болбойт жана ар кандай анализ синтезди талап кылат.

**3.** *Ар түрдүү көрүнүштөрдү, түшүнүктөрдү салыштыруу.* Бул изилдөөгө алып жаткан материалдарды окшотуп же айырмалап

салыштырууга негизденген метод. Чындыкка салыштыруу менен гана жетүүгө мүмкүн. Салыштыруу илимий изилдөөнүн аргументтүүлүгүн, негиздүүлүгүн аныктайт.

**4.** *Материалдарды жалпылоо.* Аталган метод илимий изилдөөдөн бир жыйынтык чыгаруу, корутундулоо менен байланышат. Анализ жана синтезден, салыштыруудан келип чыгуучу нерсе – жалпылоо.

5. *Илимий булактарды үйрөнүү методу.* Бул багытта илимий булактарды бир топ багытта карадык. Биринчиси, дүйнөлүк жана орус, кыргыз философиясы. Экинчиси, дүйнөлүк жана орус, кыргыз педагогикасы.

Башталгыч класстын окуучусунун руханий-адептик тарбиясынын педагогикалык шарттарын түздөн-түз аныктоо боюнча иштерди уюштурууну биз аталган процесстин теориялык моделин түзүү менен ишке ашырабыз.

Мындай моделдин зарылдыгы заманбап педагогикада каралып жаткан курактагы балдарды тарбиялоодо үй-бүлөнүн алкагында «руханий-адептик практиканы ишке ашырууга» илимий мамилелердин жетиштүү деңгээлде иштелип чыкпагандыгы менен шартталат.

Белгилей кетчү нерсе, «модель» түшүнүгү гносеологиялык көз караштан алганда, таанып билүүдөгү жана практикадагы кандайдыр бир объектинин (процесстин ж.б.) оригиналынын «өкүлү», «орун басары» дегенди билдирет. Объектинин моделин куруу адам изилденип жаткан табигый же социалдык объектке ээ болуу менен, ага карата белгилүү бир диагностикалык жана калыптандыруучу процедураларды колдоно албаган учурда ишке ашырылат. Мындай кырдаал эки учурда: эгер объектиге карата изилдөөчү түздөн-түз карым-катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло албаса же объект өтө татаал уюштурууга ээ болгон учурда келип чыгышы мүмкүн.

Биздин учурда, экинчи вариант орун алды: биз үй-бүлөдөгү кенже курактагы окуучунун руханий-адептик тарбиялануу процессин түзүлүшү боюнча жана аны шарттап туруучу факторлордун жетиштүү деңгээлде татаал деп карайбыз.

Моделдин маанилүү мүнөздөмөсү болуп моделди түзүүдө жана аны изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжаларды оригиналга көчүрүү мүмкүнчүлүгү эсептелет.

Мындай мүмкүнчүлүк канчалык ачык-айрым болсо, анын модели да реалдуу объектинин олуттуу параметрлерин ошончолук так чагылдырып бере алат. Демек, аталган тараптарды ийгиликтүү моделдөө үчүн тийиштүү теориялардын жана гипотезалардын болушу маанилүү, алар жетиштүү деңгээлде негизделүү менен моделдөөдө мүмкүн болгон жөнөкөйлөтүүлөрдүн алкагын көргөзө алмак. Аларды иштеп чыгуунун татаалдыгы моделдөө маселеси боюнча концептуалдык иштеп чыгууларга кайрылууну талап кылат.

Коюлган милдеттерди чечүүгө багытталган изилдөө процесси сандык (чечмелөөгө жана түшүнүүгө багытталган) жана сапаттык (эсептөө жана өлчөөгө багытталган) методдорду өз ара айкалышта колдонуу зарылдыгын шарттады. Руханий-адептик тарбия тууралуу илимий ойлордун өнүгүш эволюциясына, түрдүү аспекттерине түйүндүү түшүнүктөрүнө карата идеяларды, көп кырдуу көз караштарды, руханий-адептик тарбиялоонун максатын, мазмунун, этопедагогикалык негиздерин, башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоо боюнча эксперименталдык жумуштардын натыйжаларын сыпатоодо структуралык семиотикалык, контент анализ, интерпретациялоо, долбоорлоо, моделдештирүү сыяктуу методдор колдонулду. Ал эми педагогикалык эксперименттин түрдүү этаптарында алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгүн сандык жактан аныктоо педагогикага адаптацияланган математикалык жана статистикалык методдор аркылуу жүргүзүлдү.

Башталгыч класс окууларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоону ырааттуу ишке ашыруу милдети анын максатынан натыйжасына чейинки педагогикалык кубулуштарды ичине камтыган структуралык–функционалдык моделин иштеп чыгуу зарылдыгын жаратты.




**1 - Сүрөт. Башталгыч класстын окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоо модели**

Биз мындай моделдин теориялык–методологиялык негизи кынтыксыз болуп, экничи жактан педагогикалык практиканы өнүктүрүүгө кызмат кылышына умтулуу менен моделдештирүүнүн илимде калыптанган эреже талаптарын жетекчиликке алдык (1-сүрөт).

Башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоо – ата-энелердин балдарда элдик идеалга жана заманга шайкеш келген руханий-адептик сапаттарды калыптандырууга багытталган максаттуу, үзгүлтүксүз, ыраатуу уюштурулган педагогикалык процесс. Түзүлгөн моделге ылайык башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоо процесси

өсүп келе жаткан балага гумандуу мамиле кылуу жана педагогикалык колдоо, руханий-адептик сапаттарынын туура өнүгүшүнө кам көрүү, улуттук тарбиянын идеалына баалулуктарына негизденүү, ата-энелик талаптардын акыл эстүүлүгү жана ырааттуулугу, ата-эне менен баланын ортосундагы өз ара ишенимге, диалогдук мамиле сыяктуу принциптерди жетекчиликке алууну шарттайт. Бул моделдин натыйжа же жыйынтык блогу башталгыч класс окуучусунун руханий-адептик жактан тарбялангандыгынын мүнөздөмөсү. Мындай мүнөздөмөнүн негизги көрсөткүчтөрү башталгыч класс окуучусунун руханий дүйнөсү менен жүрүм турумунда мекенди, эл журтту сүйүү, улууларды урматтоо, башкаларга жакшы ниет тилекте болуу, кичи пейилдик, боорукердик, сылыктык, жөнөкөйлүк, ынтымак-ырашкерлик, жоомарттык, кең пейилдик, толеранттуулук, адилеттүүлүк, чынчылдык, уяттуулук, калыстык, сабырдуулук сыяктуу ж.б. сапаттардын калыптанышы. Бул сапаттарды бүтүндөштүрүү, интеграциялоо аркылуу башталгыч башталгыч класс окуучусунун руханий-адептик жактан тарбялангандыгын адептик билим, ишеним, ынанымдар, жүрүм турумдук, *рефлексивдик* сыяктуу тариздe мүнөздөдүк.

Ар кандай педагогикалык моделдин эффективдүү иштеши белгилүү педагогикалык шарттардын болушун талап этет.

Илимий педагогикалык адабияттардын анализи жана түзүлгөн эмпирикалык модел бизге үй-бүлө шартында башталгыч класс окуучусунун руханий-адептик жактан тарбялоонун төмөнкүдөй *педагогикалык шарттарын* айкындоого мүмкүнчүлүк берди: үй-бүлөдө балдарды адепке тарбиялоо боюнча окуу-маалыматтык-методикалык ресурстарды иштеп чыгуу; үй-бүлөдө башталгыч класс окуучусунун руханий-адептик жактан тарбиялоого өбөлгө болуучу жагымдуу мотивациялык-стимулдаштыруучу чөйрө түзүү; мектеп менен тыгыз байланышта ата-энелердин башталгыч класс окуучусунун руханий-адептик жактан тарбиялоо компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган иш чаралардын пакетин долбоорлоо жана практикалоо.

Негизинен аталган педагогикалык шарттардын биримдиги башталгыч

класс окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоо ишин оптималдаштыруу максатында автор тарабынан иштелип чыгып мектеп кызматкерлери менен бирдикте жүзөгө ашыруу жүзөгө ашырыла турган ресурстук программалык каражаттарды апробациялоо процессинде камсыз кылынат. Иштелип чыккан модель жана педагогикалык шарттар үч этаптан турган педагогикалык экспериментте текшерилген.

Биз иштеп чыккан модель төмөнкү түзүмдүк компоненттерди камтыйт:

– максаты – кенже мектеп курагындагы балдарды руханий-адептик тарбиялоо;

– тарбиялоо субъектилери – башталгыч класстын окуучулары;

– руханий-адептик тарбиянын мазмуну – башталгыч класстын окуучуларына алардын ишмердигин руханий-адетик жөнгө салууга жана социумда позитивдүү багытталуусуна өбөлгө түзүүчү жактарын жана сапаттарын өнүктүрүү;

– башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик тарбиялоо ишке ашырылуучу педагогикалык шарттар – баланын үй-бүлөдөгү күнүмдүк турмушу;

Аталган ишмердиктин натыйжасы катары башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясы эсептелет.

Үй-бүлөдөгү башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын биз иштеп чыккан моделинде келтирилген белгиленген компоненттердин мазмунун ачып берели.

*Тарбия берүү субъектилери* – башталгыч класстын окуучулары. Аталган курак үй-бүлөдө руханий-адептик тарбияны ишке ашырууда эске алынуучу бир катар өзгөчөлүктөргө ээ.

Бул куракты изилдегендер кенже мектеп курагында балдарда алардын руханий-адептик жүрүм-турумунун пайдубалын түптөө үчүн негиз болууга жөндөмдүү психологиялык өбөлгөлөр түзүлөт, моралдык нормалар жана эрежелер өздөштүрүлөт, инсандын коомдук багытталуусу калыптана баштайт.

Үй-бүлөдө руханий-адептик тарбияны уюштурууга өбөлгө түзүүчү куррактык өзгөчөлүк катары башталгыч класс курагындагы балдардын туурамчылыгы эсептелет. Алар улууларды жана айрым өзү теңдүүлөрдү, ошондой эле сүйүктүү фильмдердин жана китептердин каармандарын туурашат.

Мектепте окуган алгачкы жылдары кызыкчылыктары, таанып билүүсү, өзгөчө, курчап турган дүйнөнү таанууга, көбүрөөк билүүгө болгон умтулуусу, интеллектуалдык дилгирлиги байкаларлык өнүгө баштайт. Алгач айрым фактыларга, айрым-айрым көрүнүштөргө карата кызыгуу (1-2-класстар), андан соң көрүнүштөр ортосундагы байланыштын, карым-катыштын себептерин, мыйзам-ченемдерин ачып берүү менен байланышкан кызыгуулар пайда болот (3-класстын соңунда). Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү менен алгач, жалпы эле окууга, андан соң – белгилүү бир, курч кызыктуу фабулалуу адабиятты, жомокторду окууга, кийинчерээк – анчейин татаал эмес илимий-фантастикалык жана окуялуу сюжетке ээ китептерди окууга болгон кызыгуусу калыптана баштайт. Техникага болгон кызыгуу тез калыптанат (негизинен, эркек балдарда), болгондо да, заманбап техникага – ракета, ай жана космостук станцияларга, айдап жүрүүчү унааларга жана жаңы типтеги учактарга кызыгуусу артат. Мунун баары үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучуларына практика жүзүндө руханий-адептик тарбиялодо колдонулушу мүмкүн.

Башталгыч класстын курагындагы балдардын белгиленген таанып билүүчүлүк жана жеке өзгөчөлүктөрү аларга үй-бүлөдө руханий-адептик тарбия берүүнү уюштурууда колдонулушу мүмкүн.

Бирок бул куракта балага руханий-адептик тарбиялоодо усулдарды жана каражаттарды тандоодо ата-энелер эске ала турган психикалык өнүгүүсүндөгү бир катар өзгөчөлүктөр бар.

Мындай өзгөчөлүктөрдүн арасында биринчи орунга эркин көңүл бурууну коёлу. Көңүл бурууну эрктин негизинде жөнгө салуу, аны башталгыч класс курагында башкаруу мүмкүнчүлүгү чектелүү. Көңүл

буруунун курактык өзгөчөлүгү болуп анын салыштырмалуу анча чоң эмес туруктуулугу эсептелет (негизинен, бул I жана II класстын окуучуларын мүнөздөйт). Башталгыч класстын окуучуларынын көңүл буруусунун туруктуу эместиги тормоздук процесстин куракттык алсыздыгынан келип чыгат.

Башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик тарбиялоодо кыйынчылык туудурган нерсе – алардын арасында интеллектуалдык-пассивдүү балдардын кездешкени. Аларда нормалдуу интеллектуалдык өнүгүү оюндарда, практикалык ишмердикте байкалып бирок али ой жүгүрткөндү билишпейт, аларга активдүү ой жүгүртүү ишмердигинен качуу мүнөздүү.

Руханий-адептик тарбияны татаалданткан дагы бир нерсе, бул куракта мүнөз жаңыдан калыптанып жаткандыктан бул класстын окуучуларынын мүнөздүк көрүнүшү карама-каршылыктуу жана туруксуздугу менен айырмаланып турат. Позитивдик өзгөчөлүктөрүнө элпектиги, ачык-айрымдыгы, ишенчээктиги, баарын билгиси келгендиги кирет. Анын негативдик көрүнүштөрүнө – импульсивдүүлүгү, б.а. импульстардын таасири астында кандай гана кырдаал болбосун, бардык жагдайларды таразалабай эле, ойлонбостон, турган жерден ар кандай аракеттерге баруусу, ошондой эле чыр-чатактуу жана кежир болуусу. Куракттык өзгөчөлүгү болуп жалпы эле эрктин жетишсиздиги эсептелет: башталгыч класстын окуучусу (өзгөчө 7-8 жаш), али узакка дейре коюлган максатты көздөй албайт, кыйынчылыктарды жана тоскоолдуктарды тырышчаактык менен жеңет. Бул руханий-адептик тарбия алкагында көнүгүү усулун колдонуу мүмкүнчүлүгүн чектейт.

Ошентип, башталгыч класс курагындагы бала алардын үй-бүлөдө руханий-адептик тарбияланууусуна өбөлгө түзгөн, бир топ тоскоолдуктарды жараткан бир катар психологиялык мүнөздөмөлөрүнө ээ болот. Албетте, ата-энеси баланын мындай өзгөчөлүктөрү тууралуу адекваттуу маалыматты алуу менен, ошондой эле аларды байкаганда баланы руханий-адептик тарбиялоо

максатын ишке ашырууда ийгиликтерге жетишүү үчүн кантип аракет кылуу керектигин билиши керек.

*Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучусуна руханий-адептик тарбия берүүнүн максаты* катары биз балада руханий-адептик тарбиялуулукту калыптандыруу позициясын карманабыз.

Башталгыч класстын окуучусунун руханий-адептик тарбиясы деп анда руханий-адептик баалуулук багытталуусунун, калыптануусун жана алардын практикалык ишке ашырылышын түшүнөбүз.

Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучусун тарбиялоодо белгиленген максатты коюуда биз адамдын инсандык сапаттарын өнүктүрүүнүн ажырагыс бир бөлүгү катары балада руханий-адептик баалуулуктарды калыптандырууга негизделебиз.

Баалуулук багытталуу катары адамдын материалдык жана руханий байлыктардын жана идеалдардын жыйындысына карата салыштырмалуу туруктуу, тандалма мамилесин айтууга болот, алар инсандын жашоо тиричилигинде керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн пердметтер, максаттар жана каражаттар катары каралат. Баалуулук багытталууларда адамдын жеке турмушунда топтолгон, анын башка адамдар менен карым-катышын аныктап туруучу бүткүл жашоо тажрыйбасы, инсандын, индивиддин жашоо образынын маңызы, анын ичинде өзүнө карата өзгөрүп жаңылануулары аккумуляцияланат (Д.А. Леонтьев). Мына ушуга байланыштуу, баалуулук багытталуулар инсандык түзүлүштүн маанилүү компоненттерине кирет, алардын калыптануу деңгээли боюнча инсандын өзүнүн калыптануусунун деңгээли тууралуу төмөнкүлөрдү айтууга болот.

Башталгыч класс куракта калыптандырууга зарыл болгон негизги руханий-адептик баалуулуктарга:

– Ата Мекенге, өз өлкөсүнө болгон сүйүүсү;
– ата-энесин, улууларды урматтоо;
– башка адамдын укуктарын таануу;
– жардамга муктаж болгон адамдарга карата элпектиги;

– алсыз жана коргоосуздарга карата боорукердик;

– окшош эместерге карата сабырдуулук;

– сөзүн, милдетин так аткаруу;

– чынчылдык жана тартиптүүлүк;

– адамдар менен мамилесинде сылыктык;

– социалдык жүрүм-турум нормаларын сактоо.

Үй-бүлөдө балдардын руханий-адептик тарбиясынын моделин түзүүдө биз аларда үй-бүлөдө иштелип чыгуучу руханий-адептик баалуулуктар төмөнкүдөй болушу керектигин эске алдык:

– өзүнүн үй-бүлөсүнө, б.а. өзүнүн ата-энесине, бир туугандарына, чоң атасына, чоң энесине, башка туугандарына;

– эң жакынкы социалдык чөйрөсүнө – үй-бүлөнүн тааныштарына, кошуналарга, короодогу жолдошторуна, мектептен тышкаркы мекемелерге;

– жалпы эле социумга, б.а. кандайдыр бир коммуникативдик байланышы жок жана достук байланыштары түзүлгөн-түзүлбөгөндүгүнө карабастан, бардык адамдарга карата болушу керектиги.

Башталгыч класстын окуучуларында руханий-адептик баалуулуктарды практикалык ишке ашырууга даярдыгын калыптандыруу биз тарабынан изилденип жаткан багытта үй-бүлөлүк тарбияны ишке ашыруунун эффективдүүлүгүнүн негизги критерийи катары каралды.

Даярдыкты, ишмердикти ийгиликтүү аткаруунун шарты, организмди ыргакка келтирүүчү тандалма активдүүлүк, болочок ишмердикке карата инсан катары аныкташат. Бир катар изилдөөлөрдө, бул өбөлгө эле эмес ишмердиктин жөнгө салуучусу катары да баса белгиленет. Демек, даярдык жетишерлик деңгээлде татаал мазмунга ээ.

Адамдын кадайдыр бир ишмердикти аткарууга карата психологиялык даярдыгын мүнөздөөчү сапаттарды бөлүп кароодо, изилдөөчүлөр бул ишмердиктин өзгөчөлүктөрүн эске алуу зарылдыгын баса белгилешет Андыктан башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик

баалуулуктарды практикалык ишке ашырууга даярдыгы инсандын күнүмдүк турмушунда бул баалуулуктарды ийгиликтүү колдонуусу үчүн жетиштүү жана зарыл болгон инсандын ушул сыяктуу сапаттарынын жыйындысы катары каралды.

Аталган даярдыктын тутумунда биз төмөнкүдөй компоненттерди бөлүп карадык: интеллектуалдык, мотивациялык жана операционалдык-ишмердиктик.

Руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууга карата инсандын даярдыгынын интеллектуалдык компоненти жашоо ишмердигинин руханий-адептик тарабы тууралуу маалымдуулугун билдирип турат. Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

– негизги руханий-адептик баалуулуктарды билүү;

– руханий-адептик баалуулуктар практикада ишке ашырылуусу катары түшүнүү;

– кагылышуу камтылган кырдаалга руханий-адептик принциптер менен аракет кылуу зарыл экенин түшүнүү.

Инсандын руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууга карата даярдыгынын мотивациялык компонентинин тутумунда эки негизги компонентти баса белгилешет:

– күнүмдүк турмушта руханий-адептик баалуулуктарды кармануууга оң мамиле жасоо;

– руханий-адептик баалуулуктарды кармануу кандай учурда болбосун туура жана зарыл деп ишенүү.

Операционалдык-ишмердиктик компонент руханий-адептик контекстке ээ ар кандай кырдаалды чечүү үчүн зарыл болгон билимдердин, жөндөмдөрдүн жана көндүмдөрдүн сапаты менен мүнөздөлөт. Ал өзүндө төмөнкүлөрдү камтыйт:

– кырдаалдын руханий-адептик компонентин белгилөө жөндөмү;

– кырдаалды иликтөө үчүн руханий-адептик принциптерди пайдалануу

жөндөмү;

– тийиштүү руханий-адептик принциптерди, жүрүм-турумду тандоого жөрдөмдүүлүк;

– адептик жүрүм-турум көндүмдөрү.

Башталгыч класстын окуучусунун руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууга психологиялык даярдыгынын биз белгилеген компоненттерин калыптандыруу, маңызы боюнча, *үй-бүлөдөгү руханий-адептик баалуулуктардын мазмунун* түзөт.

Башталгыч класстын окуучусунун руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууга даярдыгынын биз ачып берген мазмунуна таянуу менен анын калыптануусунун төмөнкү критерийлерин баса белгилөөгө болот: маалыматтык, мотивациялык, ишмердиктик жана рефлексивдик.

Маалыматтык критерий башталгыч класстын окуучусунун өзүнүн руханий-адептик керектөөлөрүн камсыздоо боюнча өз алдынча ишмердигин камсыздоочу руханий-адептик көз караштардын жыйындысына жана билимдердин системасына ээ болуусун камтыйт.

Мотивациялык критерий руханий-адептик баалуулуктарды кармануууга карата мамилени, күнүмдүк жашоо турмушунда жана руханийсиздикке каршы колдонуусун камтыйт.

Ишмердиктик критерий башталгыч класстын окуучусунун руханий-адептик билимдерди, жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү иш жүзүндө колдонуусун камтыйт (көрсөткүчтөрү – регулярдуулугу, эрктик аракеттеринин деңгээли, жүрүм-турумунда адептик нормаларды колдонуудагы иреттүүлүк).

Рефлексивдик критерий өзүнө руханий-адептик баалуулуктарды тутунуу позициясынан жасалуучу ишмердикти баланын түшүнүүсүн камтыйт. Баланын руханий-адептик тарбиялуулугунун белгисине бул учурда чындыкты адекваттуу кабылдоосун, өзүн жана башкаларды кабылдоо, башка адамдарга чын дилден кызыгуусун билдирүү, позитивдүү жактарга басым коюу менен дүйнөнү жаңыча кабылдоосун; улууларга жана курдаштарына

карата мээримдүүлүккө, элпектикке, сезимталдыкка, чыдамкайлыкка, сылыктыкка жана сый-урматка негизделген мамилени киргизүүгө болот. Руханий-адептик тарбиялуулуктун көрсөткүчү болуп баланын руханий-адептик баалуулуктарды аркалоосундагы аң-сезимдүүлүгү, руханий-адептик боёкко ээ болгон жорук-жосундарга карата адекваттуу эмоционалдык мамилелердеги адекваттуулук эсептелет.

Башталгыч класстагы балдардын руханий-адептик тарбиялуулугунун деңгээлин көзөмөлгө алууну анын компоненттеринин өнүгүү деңгээлинин диагностикасынын негизинде ишке ашырдык.

Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучусунун руханий-адептик тарбиясынын моделин иштеп чыгууда аны руханий-адептик тарбиялоо процессинин эффективдүүлүгүнүн деңгээли анын үй-бүлөдөгү күнүмдүк турмушундагы шартка жараша болоорун эске алдык.

## 2.2. Башталгыч класстын окуучуларына үй-бүлөдө руханий-адептик тарбия берүүнүн педагогикалык шарттары

«Педагогикалык шарттар» жана «дидактикалык шарттар» деген түшүнүктөр педагогика илиминдеги негизги түшүнүктөр болуп эсептелет. Педагогикалык шарттар дегенибиз – алдыга коюлган милдетти чечүүгө жардам бере турган окутуунун мазмуну менен уюштуруу түрлөрүнүн объективдүү мүмкүндүктөрү жана аларды иш жүзүнө ашыруунун материалдык мүмкүндүктөрүнүн жыйынтыгы. Педагогикалык шарттар окутуу менен тарбиялоонун максат-милдеттерин, мазмунун, усулдары менен уюштуруу түрлөрүн карайт. Ошондуктан «педагогикалык шарт» деген түшүнүк дидактикалык максатка жеткирүүгө арналган мазмун жана усул-ыкмалардын элементтерин максаттуу түрдө тандоо, түзүү жана пайдалануу деп түшүнөбүз. Окумуштуулар педагогикалык шарттарды изилдөө объектисине карай аныкташат. Биздин изилдөө максатыбыз менен объектиге ылайык маселесин туура чечүүдө маанилүү максаттар жана милдеттерге жараша шарт түзүлүшү керек деп эсептейбиз.

Бул айтылгандарга толугу менен кошулуп, биз шарттарды белгилүү объектилерге (окутуу, тарбиялоо, окуу-тарбия процессин уюштуруу, мектептен тышкаркы тарбия) багыттап, ар бир объектинин өзүнө ылайык шарттарын белгилөө керек деп ойлойбуз. Бул объектилердин ар биринин өзүнчө түзүлүшүнө байланыштуу коюла турган шарттары да бар экени маалым. Мугалимдер окуучулардын өз алдынча иштөөсүн калыптандыруу үчүн, окутуу тарбиялоо ишинде туура педагогикалык шарттарды уюштура билиши керек. Сабак жана сабактан кийин окуучуну курчаган чөйрө, колдонгон куралдар, класстын жасалгаланышы, бөлмөнүн санитардык абалы да негизги роль ээ экендигин унутпоо керек.

Биздин изилдөө ишибизге М.Н. Скаткиндин берген аныктамасын негиз катары кабыл алдык. Ал «Педагогикалык шарттар – изилдөө объектиси болуп эсептелген феномендин калыптануусуна маанилүү таасир эте турган педагогикалык процесстин тышкы факторлорунун жыйынтыгы» – деп көрсөткөн.

Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучусун руханий-адептик тарбиялоого карата жагымдуу шарттарга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

– ата-энесинин баланын инсанына багыт алуусу;

– үй-бүлөдө жардам берүүчү мамилелердин калыптангандыгы;

– үй-бүлөдө ата-эненин баласы менен гуманисттик баарлашуусун ишке ашыруу.

Ата-энесинин баласынын инсандык сапаттарына багытталуусу бардык тарбиялык таасирлердин борборуна анын керектөөлөрү, кызыкчылыктары, умтулуулары ж.б. жайгаштырылгандыгын билдирет. Бул учурда бала инсанга кысым жасалбайт. Ал өзүнүн жашоодогу максатына ээ болгон үй-бүлөнүн толук кандуу мүчөсү катары кабылданат. Ушуга байланыштуу ата-эненин милдети –ошол максат, багытты табуу жана аны ишке ашыруу үчүн жөндөмдүү болуу үчүн ага жардам берүү. Демек, үй-бүлөдө балага руханий-адептик тарбия берүүнүн кийинки шарты – мында жардам берүүчү мамилелерди түзүү болуп эсептелет.

Жардам берүүчү мамилелер деп чындыкты, кабылдоону, түшүнүүнү каалоону (эмпатияны), ишенимди, түшүнүүнү ж.б. түшүнөбүз. Бири-бирине болгон камкордук, бири-бирин кабылдоо тамырлаган үй-бүлөдө балдардын интеллектуалдык жана чыгармачыл өнүгүүсү, алардын эмоционалдык коргонуусун, дүйнөгө жана өзүнө карата жагымдуу мамилелерди ж.б. калыптандыруу. Мындай мамилелерде бала бир бүтүн, аракетчил болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Анын өзүн-өзү кабылдоосу өзгөрөт: өзүнө реалдуу баа бере баштайт; өзүнө көбүрөөк ишене баштайт; өзүн жакшы алып жүрөт; стресске кабылуусу азаят; жүрүм-турумунда жетиле баштайт; коргонуу реакциялары азаят; ыңгайлашуусу күч, кырдаалга чыгармачыл менен мамиле кылууга жөндөмдүү. Мындай үй-бүлөлөрдө тарбияланган балдар мектепти аяктаганда популярдуу, мээримдүү, агрессивдүү эмес лидерлерге айланат [64].

Үй-бүлөдөгү башталгыч класстын окуучусунун руханий-адептик тарбиясынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу, биздин педагогикалык моделге ылайык ата-энелердин төмөнкүдөй *руханий-адептик тарбия берүү принциптерин* аркалоосуна өбөлгө түзөт: системдик, ишмердиктик жана субъекттик.

Системдик принципке ылайык, инсандын руханий-адептик чөйрөсү мотивациялык, интеллектуалдык жана операционалдык-ишмердиктик компоненттердин биримдигинде каралуучу системдүү интегративдүү билим берүү болуп эсептелет. Демек, башталгыч класстын окуучуларына руханий-адептик тарбиялоодо системдүү мамиле кылуу менен, аларда айталы, руханий-адептик чөйрөгө тиешелүү билимдерди эле калыптандырбастан, алардын руханий-адептик жүрүм-турумду иш жүзүндө жүзөгө ашырууга өбөлгө түзүү менен багыттоо керек.

Ишмердиктик принципке ылайык, руханий-адептик тарбияны ишке ашырууда руханий-адептик аң-сезимди жана жүрүм-турумду (ишмердикти) да эске алуу зарыл. Бул инсандын аталган багытта өнүгүүсүнүн, анын руханий-адептик мотивдеринин калыптануусунун зарыл шарты болуп

эсептелет. Бул башталгыч класстын окуучусунун ата-энеси менен биргелешкен ишмердигинин жана руханий-адептик чөйрөнүн калыптануусунда ишмердиктин алдыңкы түрүнүн ролунун бааланбай келгендигин жеңүүгө жана анын өнүгүүсүндө оюн жана окуу ишмердигин пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кароого мүмкүндүк берет.

Субъекттик принципти тутунуу баланын тийиштүү тажрыйбаны өздөштүрүүдөгү психологиялык активдүүлүгүн көрсөтүүчү субъекттин руханий-адептик өнүгүүсү катары түшүнүүсүн камсыздайт.

*Руханий-адетик тарбиянын усулдары* каралып жаткан максатка жетишүү үчүн балдарга ата-энелердин таасиринин белгилүү бир ыкмаларын билдирет. Биздин аталган усулдарды баса белгилөөбүз педагогикалык илим үчүн базалык болуп эсептелген тарбиялык усулдарды иликтөөгө негизделген.

Тарбия берүү усулдарынын арасында салттуу классификациялардын бири боюнча усулдардын үч тобун белгилешет*: ынандыруу, көнүгүү жана түрткү берүү*. И.Т. Огородников тарбиялык усулдардын тизмесине: көнүгүүнү, ынандырууну, үйрөтүүнү, колдоо көрсөтүүнү жана көтөрмөлөөнү, сынга алууну жана жазалоону киргизет. И.М. Ильичева [85] тарбия усулдарын үч топко бөлүштүрөт: ынандыруу усулдары (аңгемелешүү, лекциялар, диспуттар, дискуссиялар), окуучулардын ишмердигин уюштуруу усулдары (көнүгүү, ынандыруу, көңүл буруусун башкага өткөрүү), окуучулардын жүрүм-турумун стимулдаштыруу усулдары (көтөрмөлөө жана жазалоо). Тарбиялык иштердин үч негизги милдетине ылайык тарбиялоонун үч негизги усулун белгилейт: тарбиялык жамаат, идеялык-адептик ынануу, педагогикалык таасир этүү.

Бирок үй-бүлөдөгү башталгыч класстын окуучусуна руханий-адептик тарбия берүүнү ишке ашыруу үчүн биз төмөнкүдөй тарбиялык усулдардын комплексин пайдалануу максатка ылайыктуу деп эсептейбиз, булар: *ынандыруу усулу, ата-энелердин үлгүсү усулу, үйрөтүү усулу жана педагогикалык стимулдаштыруу усулу.*

Ынандыруу усулу вербалдык усулдун бир түрү катары ата-энелердин рационалдуу аргументтерди, логиканы колдонуу менен баланы акылга үйрөтүүнүн негизинде таасир этүүү ыкмасын айтабыз. Аталган усулду колдонуу руханий-адептик мазмундагы маалымат ата-энеси тарабынан баланын аң-сезимине анын керектүү чечимди кабыл алуусуна жана жүрүм-турумунун керектүү формасын ишке ашырууга карата түрткү берүү максатында пайдалангандыгы менен түшүндүрүлөт. Ата-энелик ынандыруу усулу маалыматтык усулдун элементтерин камтыйт, б.а. балага: жакшы-жаман, болот-болбойт, сылыктык-одонолук, жалган-чын, боорукердик-кайдыгерлик, чыдамкайлык-чыдамсыздык, элпектик-оройлук, марттык-сараңдык, жакшылык-жамандык, боорукердик-таш боордук сыяктуу базалык руханий-адептик категориялардын мазмунун толугу менен өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет.

Руханий-адептик тарбия берүү усулу катары ата-энелик ынандыруунун тутумдук бир бөлүгү болуп адептик-руханий кырдаалды эске алуу эсептелет, мындай кырдаалга бала аталган усулду колдонуп жатканда кабылат.

Ата-энелик үлгү усулу тарбия берүүнүн көргөзмөлүк-практикалык усулунун бир түрү катары ата-эненин руханий-адептик жүрүм-туруму ынандыруучу натыйжага көбүрөөк ээ болooруна негизделген.

Учурда ата-энелик үлгү менен тарбиялоо үй-бүлөлүк тарбиянын маанилүү усулу болуп калууда. Ал баланы тарбиялоо субъектиси катары анын үй-бүлөсү түзгөн руханий-адептик мейкиндикке кирүүсүн, ата-энеси жана башка үй-бүлө мүчөлөрү тарабынан жүрүм-турумдун руханий-адептик үлгүлөрүн жана руханий-адептик баалуулуктарга негизделген жүрүм-турумдагы артыкчылыктарды көрсөтүүсү.

Үйрөтүү усулу баланын үй-бүлөсүндө салттуу руханий-адептик баалуулуктарга багытталуусун, анда активдүү руханий-адептик позицияны иштеп чыгуусун, руханий-адептик жүрүм-турумга аралашуусун билдирет.

Аталган усулду пайдалануу төмөнкү негизде ишке ашырылат:

– күнүмдүк тиричиликте негизги руханий-адептик принциптерди

аткарууга карата баланы үйрөтүү;

– ата-энеси тарабынан баладан шашылыш түрдө руханий-адептик тандоо жасоону талап кылган чукул кырдаалды чыгармачыл жаратуусу.

Баланы руханий-адептик баалуулуктарды пайдаланууга күн сайын үйрөтүү ата-энелерден баланын баалуулук жүрүм-турумун ишке ашыруу жана аталган аракеттерди ишке ашыруу боюнча эрктүү аракеттеринин тиркемесинин «чекиттерине» жараша баланы курчап турган кырдаалга кунт коюп көңүл бурууну талап кылат.

Баланы руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууга үйрөтүүдө чыгармачыл мамилени колдонуу аталган багытта күн сайын жасалуучу иштердин натыйжасына негизделген. Бул учурда руханий-адептик тандоодогу чукул кырдаалдарды түзүү төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

– күнүмдүк турмуш-тиричиликте негизги руханий-адептик принциптерди аткарууга карата баланы күн сайын үйрөтүүнүн жүрүшүндө иштелип чыккан натыйжаларды бекитүү каражаты;

– «жакынкы өнүгүү» аймагын түзүү, б.а. баланын руханий-адептик , тактап айтканда, бала руханий-адептик чөйрөдө өз алдынча өздөштүрүүгө жөндөмсүз, бирок жакынкы арада ата-энесинин жардамы менен жасай турган андан аркы өнүгүү келечегин белгилөө.

Бала үчүн ошол учурга чейин руханий-адептик контекстте белгисиз болгон кырдаалга карата тигил же бул аракеттенүүнүн артыкчылыгын түшүнүүдө өзгөчө, эмоционалдуу-байытылган кырдаалда балада белгилүү бир «секирик» жүргөн учурда тийиштүү баалуулук багытталуусун калыптандырууну тездетүүнүн каражаты.

Үйрөтүү усулун пайдаланууда бир нече педагогикалык принциптерди эске алуу керек:

– жеткиликтүүлүк принциби – аталган учурда бала үчүн оор болгон руханий-адептик тандоо жасоосун талап кылууга болбойт (курактык же дагы бир кандайдыр актуалдык психикалык өзгөчөлүктөрдөн улам); ата-энесинен алар баласынын алдына койгон маселелердин реализмин кармануу талап

кылынат;

– системдүүлүк принциби – аталган усулду пайдаланууда баланын руханий-адептик жүрүм-турумунун, анын мындай жүрүм-турумдун маңызын түшүнүүсүнүн жана ага карата оң эмоционалдык мамилеге жетишүүсүнүн биримдигине жетишүү керек;

– ырааттуулук принциби – баланы руханий-адептик принциптерге барууга үйрөтүүдө, жөнөкөйдөн татаалга, көндүм нерседен жаңыга багытында акырындык менен үйрөтүү керек;

– инсандык багытталуу – үйрөтүүнүн борборунда бала инсан турат; ата-энеси баласынын инсандык стабилдүү руханий-адептик багытталуусуна жана анын практикада руханий-адептик жүрүм-турумун ишке ашырууга жардам берүүгө өбөлгө түзүүчү тараптарына таасир этүүсү зарыл;

– талаптардын бирдиктүүлүгү принциби – үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары руханий-адептик тарбия берүүгө катышып, балага карата коюлуучу талаптар боюнча коюлуучу талаптарда бири-бири менен макулдашууга жетүүсү зарыл.

Балдарда руханий-адептик тарбиялуулукту калыптандыруучу педагогикалык стимулдаштыруу усулу аларда руханий-адептик принциптерге туура келүүчү жүрүм-турумду көтөрмөлөө жана ага жооп бербеген жүрүм-турумга бөгөт коюуну билдирет. Көтөрмөлөө усулу катары биздин модель ата-энеси тарабынан позитивдүү бааны колдонуусун, колдоосун жана руханий-адептик баалуулуктарга туура келүүчү жүрүм-туруму үчүн сыйлыктарды берүүсүн караган. Жагымсыз жүрүм-турумду жөндөө катары ата-энелер тарабынан мындай жүрүм-турумга көңүл бурбоо, акыл-насаат айтуу жана жазалоону колдонуусу каралган. Ошентип, биз түзгөн үй-бүлөдөгү баланын руханий-адептик тарбиясынын модели ата-энелери тарабынан изилденип жаткан багытта вербалдык, көргөзмө-практикалык жана чыгармачыл тарбиялык таасир этүүлөрдү комплекстүү колдонуусун көрсөтөт.

*Руханий-адептик тарбиянын каражаттарына* биз тарабынан кенже курактагы балдар менен тарбиялык иштерди уюштурууга багытталган «Үй-бүлөдөгү баланын руханий-адептик тарбиясые» калыптандыруучу программаларынын пакети киргизилген.

Аталган пакет өзүндө ата-энелер («Үй-бүлөдөгү баланын руханий-адептик ресурсту активдештирүү») менен жана түздөн-түз кенже курактагы балдар менен («Руханий-адептик идеал») иштөөгө багытталган программаларды камтыйт.

«Үй-бүлөдөгү баланын руханий-адептик ресурсту активдештирүү» программасы боюнча ата-энелер менен иш алып баруунун алкагында төмөнкүлөргө даярдык көрүлдү:

1) кенже курактагы баланы руханий-адептик тарбиялоого жагымдуу жагдай түзүүчү үй-бүлөлүк чөйрөнү түзүү;

2) үй-бүлөдөгү башталгыч класстын окуучусунун руханий-адептик тарбиясы үчүн зарыл болгон билимдер жана жөндөмдөр менен ата-энесин камсыздоо.

Ата-энелер менен иш алып баруу программасынын биринчи бөлүгү (практикалык) оюндук моделдөө, үй-бүлөдө руханий-адептик кырдаалды моделдөө, үй-бүлөлүк жана турмуштук кагылышууларды жана оюндук кырдаалдарды иликтөө; моралдык жана руханий диллемаларды чечүү; адептик сезимдерди; социалдык-психологиялык тренингдерди, эмпатия тренингдерин рефлексиялоо, вербалдаштыруу сыяктуу мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануунун негизинде алардын руханий-адептик өнүгүүсүн жана коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнү караган.

Ата-энелер менен иш алып баруу программасынын экинчи бөлүгү (теориялык) үй-бүлөдөгү баланын руханий-адептик тарбиясын ишке ашырууга карата мамилелерде алардын маалымдуулугун кеңейтүү каралган. Аталган милдетти чечүү алар менен төмөнкү курстар боюнча лекциялык-семинардык сабактарды өткөрүүнүн негизинде ишке ашырылган:

– «Тарбия берүүнүн педагогикалык негиздери» – ата-энелердин

педагогикалык илимдердин баштапкы билимдерине ээ болуусу; мында негизги көңүл тарбиялык иштердин методикасына бурулган;

– «Башталгыч класстын окуучуларынын психологиялык өзгөчөлүктөрү» – башталгыч класстын балдарын психикалык өнүктүрүүнүн ар кыл жактары тууралуу ата-энелер өз түшүнүктөрүн кеңейткен; мында өзгөчө көңүл ата-энелердин аталган курактагы балдардын руханий-адептик тарбияланууусун калыптандыруунун психологиялык өбөлгөлөрү менен таанышуусуна бурулган;

– «Руханийлүүлүк жана адептүүлүк» – ата-энелердин руханийлик жана адептүүлүк маселелери боюнча илимий түшүнүктөрүн кеңейтүүгө багытталган;

– «Үй-бүлөдө башталгыч класстагы балдарды руханий-адептик тарбиялоо процессин уюштуруу» – ата-энелер балдарды руханий-адептик тарбиялоо боюнча биздин «Руханий-адептик идеал» программабызды өздөштүрүштү.

«Руханий-адептик идеал» программасы кенже курактагы окуучу балдарды руханий-адептик тарбияланuусун түздөн-түз максаттайт.

Мазмундук деңгээлде ал өзүндө төмөнкүлөрдү камтыйт:

– негизги руханий-адептик категориялар тууралуу балдардын маалымдуулугун кеңейтүү;

– аларда руханий-адептик сааттарды өнүктүрүү;

– алардын руханий-адептик баалуулуктарды күн сайын калыптандырууга даярдыгы.

Программанын алкагында балдардын негизги руханий-адептик категориялар тууралуу маалымдуулугун кеңейтүүдө ата-энелери тарабынан жакшы-жаман, жакшылык-жамандык, болот-болбойт, жалган-чын, сылыктык-одонолук, элпектик-оройлук, мээримдүүлүк-кайдыгерлик, боорукердик-таш боорлук, сабырдуулук-сабырсыздык, марттык-сараңдык сыяктуу мини-аңгемелешүүлөрдүн сериясын өткөрүүсү каралган. Балдарда руханий-адептик сапаттарды өнүктүрүүдө жогоруда биз белгилеген

тарбиялык усулдар менен катар ата-энелердин алар менен коррекция жана психогимнастика оюндук элементтерди колдонуусу да каралган. Башталгыч класстын окуучуларындa руханий-адептик баалуулуктарга күн сайын умтулууга даярдыгын калыптандыруунун атайын усулдарына, программага ылайык, балдардын оюндук жана реалдуу мамилелерде руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууда ийгиликтерге жетишүүчү кырдаалдарды уюштуруусу кирет.

Ошентип, үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучусун руханий-адептик тарбиялоо алардын ата-энелерин алдын ала даярдоону караган масштабдуу процесс экендигин көрүүгө болот. Ал процессти атайын түзүлгөн "Үй-бүлөдө руханий-адептик тарбиялоонун мазмуну" аталышындагы программа аркылуу ишке ашырууга болот (3-тиркеме).

Балдардын күндөлүк жашоосу чоңдор түшүнүп-түшүнбөй киргизген чексиз чектөөлөргө толгон. Көп убакыттан бери балдардын эмнени жей турганын, кайсы маалда укташын, кайсы мектепке барышын жана эмнени кийерин сиз чечип келесиз. Балдар эмненин туура жана эмненин туура эмес экендигин билүү үчүн ата-энелеринин жардамына муктаж. Балдар сиз алар үчүн эң жакшы жашоону түзүп жатканыңызды түшүнөт. Ошол эле учурда сиз койгон чектер иш оңунан чыкпай жаткан учурда кайрадан көз жүгүртүп кароого болчудай ийкемдүү болушу кажет.

Балдар биз туура көргөн иштерди аткарбай жана бир нерселерден коркуп жатса, ачууланып кетебиз. Мен жыйырма жылдан бери иштеп жүрүп, балдарына катуу жана жаман мамиле жасап, кийин анысына өкүнбөгөн ата-энени көргөн жокмун. Мен дагы алардын катарын толуктайм.

Чек коюу – көп адамдар үчүн оңой-олтон иш эмес. Ата-энелер балдарынын качан "жок" дешин билүү кыйын деп түшүнүшөт; айрымдар көпчүлүк учурда баш тартышат деп ойлошот; а башкалары көпчүлүк учурда "жок" дебей тургандарына ишенет. Ата-эне катары канчалык катуу ачуулана аласыз; анын чеги канчалык?

Балдар аракеттери менен анын берген натыйжасынын ортосундагы

байланышты көрүшү кажет.

Бардык эле ата-энелер баласына бир жаман нерсе болсо, аларга кайрылуусун каалашат. Эгер бир көйгөй жаралса балаңыз сизге кайрылап, оюндагысын айтып берүүсүн каа-лайсыз. Бирок ал бул нерсени сиз ага эч кандай залал келтирбесеңиз жана аны камкордукка алсаңыз жасайт. Сиз ата-эне катары бала менен байланыш түзүп жана аны сактап калууга милдеттүүсүз. Ата-энелеринин маанайын чөктүрүүдөн корккон, өзүнө ишенбеген, жакын болуунун ордуна “Андай эмес, мындай жасашың керек” деген сыяктуу эрелерге аргасыз моюн сунган балдар жашоосунда кыйын-чылык орун алган учурда ата-энелерине кайрылышпайт. Менин иш бөлмөмө келген балдардын көпчүлүгү ата-энеме айткандан эч пайда чыкпайт деп дешет. “Алар баары бир түшүнүшпөйт” – деп коюшат. Тилекке каршы, дал ушундай деп ойлогон балдардын катары калың.

Сиз канчалык катуу жиндене аласыз? Кандай десем, өзүмдү жоготуп, баламды коркутуп, аны менен болгон мамилемди бузуп алууга жетпегенчелик даражада.

Балага тез-тез көз салуу аркылуу анын сезимдерин түшүнүүнү бир адатка айландырыңыз, анын сүйлөгөн сөзүнөн жана кыймыл-аракетинен коркуп-коркпогонун билүү кыйын эмес. Балдар эмнени сезип жаткандары тууралуу токтоосуз сигнал берип турушат. Ишти татаалдаштырган – ата-эне катары суроолорго жооп издеп жатып, балага жетиштүү көңүл бурбаганыбыз.

### Экинчи бап боюнча корутунду

Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучусун руханий-адептик тарбиялоо маселесине биринчи бапта жүргүзүлгөн теориялык анализ үч аспектини: бүгүнкү күндө психологиялык-педагогикалык адабиятта берилген руханий-адептик тарбиянын потенциалын изилдөөнү, башталгыч класстын окуучусун руханий-адептик тарбиялоонун өбөлгөлөрүн аныктоону жана аталган тарбиянын педагогикалык моделин түзүүнү камтыды.

Руханий-адептик тарбия адамды тарбиялоонун ажырагыс бөлүгү экендиги аныкталды. Руханий-адептик тарбия берүү идеясынын тамыры байыркы замандарга чейин терең кетип, адамзаттын тарыхый өнүгүүсүндө мазмундук жактан олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Адамдын инсандык калыптануусунда руханий-адептик тарбиянын аткарган ролунун маанилүү экендигине карабастан, аталган процесс али да изилденбеген бойдон калууда. Алсак, үй-бүлөдө баланын, анын ичинде конкреттүү – башталгыч класстын окуучусунун руханий-адептик тарбиясына карата мамилелер иштелбеген бойдон калууда.

Ошону менен бирге, кенже курактагы баланы өнүктүрүүгө карата психологиялык иштердин анализи адамдын 6-7 жаш курагында эле зарыл болгон психологиялык өбөлгөлөр калыптана баштайт деген жыйынтыкка келүүгө мүмкүндүк берди. Интеллектуалдык, эмоционалдык жана эрктик деңгээлде ал руханий-адептик баалуулуктардын мазмунун түшүнүүгө жана өзүнүн турмушунун алкагында аларды аң-сезимдүү, максатталган багыттуу ишке ашырууга толук жөндөмдүү.

# ҮЧҮНЧҮ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН ҮЙ-БҮЛӨДӨ РУХАНИЙ-АДЕПТИК ТАРБИЯЛООНУ ЭКСПЕРИМЕНТ АРКЫЛУУ ТЕКШЕРҮҮ

## 3.1. Башталгыч класстын окуучуларына руханий-адептик тарбиялоодо үй-бүлөлүк чөйрөнү түзүү

Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучусуна руханий-адептик тарбия берүүнүн педагогикалык шарттарын аныктоо биз тарабынан 2014-2020-жж. аралыгында бир нече этап менен жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин алкагында ишке ашырылды.

Биздин педагогикалык эксперименттин кийинки этабы башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик тарбиялоону уюштурууга карата мамилелерди иштеп чыгууну максат кылдык. Бул учурда биз баланын айланасында жагымдуу үй-бүлөлүк чөйрөнү түзүүдө аталган процесс ийгиликтүү өтөт деген *божомолго* таяндык.

Эксперименттин аталган этабында төмөнкүдөй *изилдөө усулдары* пайдаланылды: калыптандыруучу эксперимент, өзүн-өзү баалоо, аңгемелешүү, байкоо жүргүзүү.

Калыптандыруучу эксперимент усулу ата-энелерди үй-бүлөдө өз балдарынын руханий-адептик тарбиясын «Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасынын негизинде аң-сезимдүү, максатталган багытты ишке ашырууга даярдоо үчүн пайдаланылган. Калыптандыруучу эксперименттин алкагында алар бир катар теориялык билимдерди жана парктикалык жөндөмдөрдү алышты, ошондой эле бир катар жеке сапаттарын өзгөртүүнүн негизинде балдардын руханий-адептик тарбиясына өбөлгө түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп жатышты. Калыптандыруучу эксперименттин кеңири мазмуну төмөндө чагылдырылган.

Психологиялык изилдөөнүн усулу катары *өзүн-өзү баалоо* ата-энелердин үй-бүлөдө өз балдарына руханий-адептик тарбия берүүнү ишке ашырууга даярдыгын өзгөртүү процессин мүнөздөөчү маалыматты чогултууга мүмкүндүк берди. Өзүн-өзү баалоо мониторинг режиминде

жүргүзүлүп, изилденип жаткан процесске ата-энелердин даярдыгынын бир катар компоненттерин карап чыгууга багытталды.

Аңгемелешүү жана байкоо жүргүзүү усулдары «Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасынын эффективдүүлүгү тууралуу кошумча маалыматты ата-энелерден чогултуу үчүн пайдаланылды.

Эксперименттин мурунку этаптарынын натыйжаларын пайдалануу менен, башталгыч класстын окуучуларында руханий-адептик тарбияны калыптандыруу үчүн төмөнкүлөр өзгөчө жагымдуу экенин белгилемекчибиз:

– үй-бүлөнүн тарбиялык функцияга багытталуусу;

– үй-бүлөдө тарбиялоонун демократиялык стилин колдонуу.

Белгиленгендей, аталган тарбиялык процесске үй-бүлөгө мүнөздүү болгон төмөнкүдөй багытталуулар позитивдүү таасир этет:

– кызыкчылыктардын жалпылыгы;

– тышкы социалдык активдүүлүк;

– эмоционалдык-терапевттик функция.

Белгиленген мүнөздөмөлөргө ээ үй-бүлө үчүн бириктирүүчү төмөнкүдөй позициялар эсептелет:

– ата-эненин бала инсанга багытталуусу;

– үй-бүлөдө көмөкчү мамилелердин калыптангандыгы;

– бала менен компетенттүү баарлашууну ишке ашыруу.

Үй-бүлөдө баланы руханий-адептик тарбиялоодо биз белгилеп кеткен шарттар психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдө кеңири иштелип чыккан.

Тарбиянын субъекттеринин багытталуусунун гуманисттик идеялары XIX кылымдын экинчи жарымында – XX кылымдын башында көрүнүктүү окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылган. Бүгүнкү күндө тарбиянын негизи катары адамгерчилик, жалпы адамзаттык тарбия берүү тууралуу идеялар заманга шай жана актуалдуу бойдон калууда, бул айтылгандар

руханийликке жана кеңири акыл калчай билген жогорку адептүү адамды коомдук турмушка даярдашы керек.

Заманбап педагогикада адамдын башкалар үчүн маанилүү болушу, башкалар үчүн адам өзү тиешелүү болгон баалуу нерсени берүүсү инсандын категориясы аркылуу каралат («адамдагы адамдык сапаттар»). Ошентип, үй-бүлөлүк тарбия балада гармониялуу, руханий жана адептик өнүккөн инсанды өстүрүүгө өбөлгө түзүшү керек.

Бүгүнкү күндө инсанды өнүктүрүү өтө татаал процесстердин бири, ал адамга коомдук тажрыйбага ээ болууга, ага ээлик кылууга, аны өзүн өнүктүрүүнүн фондусуна айлантууга мүмкүндүк берүүчү татаал системдик детерминация менен камсыздалуучу татаал процессти билдирет. Үй-бүлө детерминациялык бул системада башкы ролду ойнойт, анткени ал адамга курчап турган социум менен толук кандуу байланышты орнотууга мүмкүндүк берүүчү, муундан-муунга өтүп келген баалуулуктардын топтолгон жери болуп эсептелет. Үй-бүлө аркылуу коомдук нормаларга, салттарга жана баалуулуктарга аралашуу менен бала өзүнүн кайталангыс жашоо образын жаратат, өзүнүн ички дүйнөсүн түзөт. Ата-эненин милдети – тарбиянын негизинде аталган татаал процессте ар тараптуу көмөк көрсөтүү. Аталган милдетти аткаруу үчүн алар тарбиялык таасирдин натыйжалуу векторлорун пайдаланууну билиши зарыл.

Үй-бүлөнүн тарбиялык потенциалын мыкты түшүнүү үчүн үй-бүлөнүн тибин жакшы билүү керек. Үй-бүлөлөрдүн типтеринин ар кандай классификациялары белгилүү. Мисалы, туугандар түзүлүшүндөгү байланыштарга ылайык: жөнөкөй үй-бүлө – никеге турбаган балдары бар жубайлардан турган жана татаал үй-бүлө – айрым балдары никеде турган үй-бүлөлөр болуп бөлүнөт.

Ал эми үй-бүлөдөгү мамилелердин мүнөзүнө ылайык Ю.П. Азаров үй-бүлөнү үч типке бөлүштүрөт: идеалдуу, орточо, негативдүү. М.И. Буянов үй-бүлөнүн төмөнкүдөй типтерин аныктайт: гармониялуу, бузулуп бара жаткан, бузулган, толук эме с. Ошондой эле жагымдуу, жалган жагымдуу жана

тарбиясында кемчиликтер ачык эле байкалган жагымсыз үй-бүлөлөрдү да бөлүп карашат.

Г.М. Миньковский тарбиялык потенциалы ар түрдүү болгон үй-бүлөлөрдүн 10 тибин белгилейт:

1) тарбиясы күчтүү;

2) тарбиясы туруктуу;

3) тарбиясы туруксуз;

4) балдары менен байланышы үзүлгөн, аларды көзөмөлдөй албаган алсыз тарбия;

5) дайыма кагылышуулар атмосферасында жашаган тарбиясы алсыз;

6) агрессивдүү – негативдүү маанайдагы тарбиясы алсыз;

7) маргиналдык: алкоголдук, сексуалдык деморалдашкан;

8) укук бузулган;

9) кылмыштуу;

10) психикалык жактан кыйналган.

Үй-бүлөлөрдүн биринчи тибинде (15-20%), тарбиялык жагдай оптималдууга жакын. Анын негизги белгиси – үй-бүлөдөгү бийик адептик маанайдын болушу. Бул толук эмес үй-бүлөдөн чыккан балдардын укук бузган жүрүм-туруму катардагы үй-бүлөгө салыштырмалуу 2-3 эсе жогору болгонуна карабастан, формалдуу түрдө толук деп эсептелген үй-бүлөдөн да маанилүү.

Экинчи типтеги үй-бүлөдө (тандоонун 35-40%ы) тарбия берүү үчүн жалпысынан жагымдуу мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн жана кемчиликтер башка социалдык институттардын, биринчи кезекте мектептин жардамы менен жоюлат.

Үчүнчү типтеги үй-бүлөлөр үчүн (тандоонун 10%) ата-энелердин туура эмес педагогикалык позициясы мүнөздүү, бул үй-бүлөнүн салыштырмалуу жогорку жалпы тарбиялык потенциалына жараша теңделет.

Төртүнчү тип (тандоонун 15-20%ы) ата-энелери ар кандай себептерден улам (ден соолугу начар, жумушу оор, педагогикалык маданияттын

жетишсиздиги) балдарын туура тарбиялай албаган, аларды жүрүм-турумун жана кызыкчылыктарын көзөмөлдөй албай калган үй-бүлөлөрдү бириктирет.

Калган типтеги үй-бүлөлөр (тандоонун 10-15%) социалдык-педагогикалык көз караштан алганда терс, ал эле эмес, кээде кылмыштуулук да болуп эсептелет. Тынымсыз курч кагылышуулар жана психикалык оор жагдайдагы үй-бүлөдө тарбиялануучу жашы жете электердин укук бузуу кооптуулугу педагогикалык жактан күчтүү жана туруктуу үй-бүлөдө өскөн балдарга салыштырмалуу 4-5 эсе, ал эми агрессивдүүлүк жана кара мүртөздүк өкүм сүргөн үй-бүлөлөрдө 9-10 эсе жогору. Бул жерде кептин баары, көзөмөлсүз калгандыктан эмес, албетте, кылмыштуулуктун 80%ынын себеби дал ушунда, ошентсе да, балдар чоң үй-бүлө мүчөлөрүнүн жүрүм-турумун нормалдуу, кадимки көрүнүш катары кабылдап, ата-энесине эмоционалдык жактан окшоштурат жана коомчулуктун көз карашынан ал канчалык туура же туура эмес экендигин эч ойлонбой туруп эле алардын жүрүм-турумунун стереотиптерин кайталайт.

Албетте, мисалы, туугандык байланышы боюнча кандай типтеги үй-бүлө тарбиялоо маселелерин чечүү үчүн жакшы деген суроого бир жактуу жооп берүүгө мүмкүн эмес. Алардын ар биринде артыкчылыктары менен катар эле кемчиликтери да бар. Алсак, жөнөкөй үй-бүлөдө жаш муун өз алдынчалуулукка жана жоопкерчиликке бат көнөт жана мында муундар ортосундагы кагылышуулар аз. Бирок бул өңдүү үй-бүлөлөрдө муундар ортосундагы байланыш бузулуп, улууларды жана балдарды бириктирип туруучу үй-бүлөлүк салттар жоголо баштаган, улуу муундун неберелери менен баарлашуу мүмкүнчүлүгү дээрлик жоголууда, аларга кам көрүүгө катышуусу төмөндөйт. Татаал үй-бүлөлөрдө позитивдүү менен катар эле негативдүү жактары да бар. Бир жагынан, бир нече муунду камтыган ынтымактуу чоң үй-бүлө ар тараптуу баарлашууга жана өз ара таасир этүүгө мүмкүнчүлүк түзөт, тиричиликти жеңилдетет. Экинчи жагынан, тарбия берүү маселелеринде ар кайсы муун көз караштарында пикир келишпестикке

учурашы мүмкүн, бул үй-бүлөдөгү кызуу кагылышууларга алып келет, драмалык кырдаалдарды жаратат, анда, адатта балдар жабыр тартышат.

Бүгүнкү күндө заманбап кыргыз үй-бүлөнүн мүмкүнчүлүктөрү социалдык-экономикалык кыйынчылыктар менен татаалдашкан. Туруксуз материалдык абал, жумушсуздук коопсуздугу, жумушсуздукту коштоп жүрүүчү материалдык жана психологиялык көйгөйлөр, тиричилик жүктөмдөрүнүн көбөйүшү никеге канааттануу деңгээлине таасир этет. Жагымсыз моралдык-психологиялык климат балдар менен ата-энелердин ортосундагы мамиледе байкалып турат, бул алардын социалдашуу процессин татаалдаштырат.

Жетилген инсан деңгээлине жетишүү инсанды өнүктүрүүнүн айрым деңгээлдерин интеграциялоону ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү тарбиялык таасирдин, таасир этүүнүн кеңири спектринин жардамы менен гана ишке ашырылышы мүмкүн деген корутундуга келүүгө мүмкүндүк берди.

Мына ушуга байланыштуу ата-энелердин милдетин биз баланын ички дүйнөсүнүн калыптануусуна берген жардамынан, аларда руханий-адептик тарбиянын кубаттуу түзүлүштөрүн түзүүгө өбөлгө түзүүсүнөн көрөбүз. Бул үчүн өзгөчө, көмөк берүүчү чөйрө талап кылынат, ал толугу менен үй-бүлөдө гана калыбына келтирилиши толук мүмкүн.

Көмөкчү мамилелердин концепциясын деталдуу түрдө К.Роджерс [145] иштеп чыккан. Мындай мамилелер анын айтуусу боюнча, башка адамды терең эмпатиялык түшүнүгү бар, баалуулукка ээ индивид катары катары кабылдоосу менен айырмаланат, бул адамдын тажрыйбасын анын көз карашынан көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай мамилелерди түзө алган адам башкалардын өзүн эркин издөөсүндө «спутниги» боло алат.

Көмөкчү мамилелерге карата айтылган позицияларды чукул буруу менен үй-бүлөдө алардын базалык параметрлери болуп төмөнкүлөр эсептелерин белгилеп кетмекчибиз:

– ата-эненин өз баласын түшүнүүсү;

– ата-энелердин кылдат эмпатиясы жана айтайын деген ойлору;

– баланы анын бардык кемчиликтери жана кадыр-баркы менен кабылдоо;

– ата-эне менен баланын бири-бирине карата маанилери;

– бала менен мамиледеги ишеним;

– бала менен болгон мамиленин камкордукка ээ болуусу.

Ата-эне менен баланын көмөкчү карым-катышуусунун базалык аспектиси катары биз түшүнүүнү белгиледик.

«Түшүнүү» же «өз ара түшүнүү» категориясы адамдардын алакасынын маанилүү компонентин мүнөздөйт. Б.Д. Парыгин адамдардын бири-бирин түшүнүүсү тууралуу ар кандай адамдардын дүйнөгө жана баалуулук багытталууларга карата көз караштарынын окшоштугун, дал келүүсүн жана жөн гана үндөшүп туруусун, бири биринин жекече өзгөчөлүктөрүн түшүнүүсүн, бири-биринин жүрүм-турумунун мотивдерин түшүнүүсүн же аны таба билүүсүн, өзүн тигил же бул кырдаалда алып жүрүү мүмкүнчүлүктөрүн белгилейт. Анын түшүндүрүүсүндө, өз ара түшүнүү бири-бирине карата аткарылуучу роль катары кабыл алуу, өзүнө, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жана жөндөмдүүлүктөрүнө ж.б. баа берүүнү өз ара кабылдоону өз ара кабылдоо деп белгиленет.

Ал эми К. Роджерстин түшүндүрмөсүндө түшүнүү эки багытка ээ: ал маалымадалган нерсени адекваттуу өндүрүп чыгаруу аркылуу предметтин жана субъекттин баарлашуусун аңдоого багытталган [145].

Башка бирөөнү түшүнүү – демек, өзүнө кабылдоо субъектиси катары анын мамилесин карата анын мамилесин аңдоо (рефлексиялоо). Баарлашуу процессинде адам өзүн башканын кабылдоосундагы күзгүдөн көрөт, ошол эле учурда ал башканы өзүндө чагылдырат – ошентип, түшүнүү процессинде рефлексия жана иденттүүлүк механизмдери бир эле учурда жүрөт.

Кандай гана түшүнүү болбосун, объектини түшүнүү актысын жүзөгө ашырып жаткан адамдын ой жүгүртүүсүнүн түшүнүктүк системасынын

контекстине өткөрүп жиберет. Түшүнүү аңдалган жана аңдалбаган таануу актыларынан турат, бул учурда акыркысы интуитивдүү кабылданат.

Балдарынын абалын ата-энелеринин эмоционалдык «сезүү» деңгээлинде алардын үй-бүлөлүк чөйрөдө эмпатиялык карым-катышуу тууралуу айтууга болот. Эмпатия азыркы учурда эмоционалдык абалга жетүү жана башкалардын тынчсыздануударына батып кирүү катары кабылданат. Эмпатиянын негизги механизми – кошо тынчсыздануу, бул башкалардын ички дүйнөсүнө кирүүгө жардам берет. Эмпатия аң-сезимдүү жана аңдалбаган түрдө деле пайда болуп, карым-катышуу процессин коштоп жүрөт.

К. Роджерстин концепциясында эмпатия инсандын конструктивдүү өзгөрүүсүнүн маанилүү шарты катары белгиленет. Ал ошондой эле актуалдуу сезимдерди түшүнүү жөндөмдүүлүгүн жана бул түшүнүктү башкаларга вербалдык жеткирүү жөндөмүн камтыйт. Эмпатия интуиция менен карым-катышта турганына карабастан, көпчүлүк тарабынан ал индивиддин турмуш тажрыйбасында күчөтүлгөн же алсыздалган генетикалык жактан детерминдештирилген касиет катары кабылданат. Эмпатияны инсандын социалдык-психологиялык сапатына киргизүү менен, анын тутмун түзгөн жөндөмдүүлүктөрдү бөлүп кароого болот: эмоционалдык реакция кылуу жана башкалардын түйшөлүүлөрүнө кошо тынчсыздануу, башкалардын эмоционалдык абалын таанып билүү жана анын акыбалында, ой жүгүртүүсүндө, жасаган аракеттеринде өзүн элестетүү жөндөмдүүлүгү; башкалардын абалына карата туура жооп берүү жөндөмдүүлүгү [145]. Ата-энелеринин мындай сапаттары балдары тарабынан кабылдануу менен, алардын руханий-адептик баалуулуктарга ээ болуусу үчүн жагымдуу негиз болуп бере алат.

Үй-бүлөдө баланын руханий адептик калыптануусу ага мүнөздүү тиричиликти толугу менен кабылдабай туруп ишке ашырылышы мүмкүн эмес. Кандай гана бала болбосун, анын инсандык сапаттарын калыптандыруу үчүн аны жөн гана, эч кандай баа бербей эле, кеңеш айтпай эле, сындабай

туруп белгилүү бир кызыкчылыктарга, жөндөмдүүлүктөргө, кемчиликтерге ээ инсан катары гана кабылдоосуна муктаж. Дж. Болдуин тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөргө ылайык, «кабылдоо – демократиялуулук» деп белгиленүүчү мамилелер, балдарга карата жасалган бардык мамилелердин ичинен анын инсандык калыптануусуна көбүрөөк жардам бере алат. Алар баланын интеллектуалдык өнүгүүсүнө, чыгармачылыгынын өсүүсүнө, эмоционалдык жактан корголуусуна ж.б. өбөлгө түзөт. Бул сыяктуу мамилелер бала менен болгон карым-катышта ата-энелик индифференттүүлүктү жокко чыгаруу менен, анын толук кандуу тарбияланышынын маанилүү шарты катары каралат. Мындай мамилелер үстөмдүк кылган үй-бүлөдөн чыккан балдар чоңойгондо популярдуу, жакшы, агрессивдүү эмес лидерлерге айланат.

Ата-энелери балдарын толугу менен түшүнүүсү жана кабыл алуусу – алар бири-бири үчүн маанилүү болгон учурда гана ишке ашат. А.В. Петровскийдин [133] «Маанилүү башка бирөө» үч факторлук концепциясына ылайык, маанилүү башка бирөө авторитет, эмоционалдык жактан маанилүү (жагымдуу, аттрактивдүү), бийликке ээ адам катары каралат. Руханий-адептик өнүгүү үчүн мына ушул сыяктуу маанилүү адамдар менен баарлашууда анын ар бир сөзү өнөктөшүнө таасир эткендиги – андагы жаңы сезимдерди, ойлорду ойготкондугу, тигил же бул аракеттерге, жорук-жосундарга түрткү бергендиги маанилүү болуп эсептелет.

Маанилүү тарбиялык ресурска үй-бүлөдө культтук мааниге ээ болгон ишенимди киргизүүгө болот. Ишеним кандай гана адам болбосун анын мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүнүн авансы. Аванстоо ойлогонуңдан да жакшы нерселерди күтүүнү жана маанилүү мотивдерди аныктоону билдирген реалдуу ийгилик кырдаалын моделдейт.

Чыныгы ишеним мамилелери эки тараптуу алаканы билдирет. Субъектилерди бири-бирине болгон ишеними өз ара карым-катыштагы адамдардын бири-бирине ымалашып, бири-бирине жеке мамиле түзгөн мамилени билдирет, бул жаңы маанини пайда кылат. Ишеним ар дайым

аванстоону билдирет жана башкалардын болочоктогу жорук-жосундарын позитивдүү болжоосуна негизделген, анын инсандык сапаттарына карата баалуулук мамиле. Ошентип, ишеним башкалардын инсандык потенциалдуу позитивдүү мүмкүнчүлүктөрүнө карата мамилелеринин негизинде түзүлөт.

Ишеним бардык эле адамдарга өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү аванстоону өз кезегинде, реалдуу ийгилик кырдаалын моделдейт. Д. Майерс, эксперименттен алынган натыйжаларга таянуу менен, биздин ар бирибиздин өз колубуз менен жеке социалдык чындыгыбыз жаралат дейт. Эгер балдарга, мисалы, алар эмгекчил, боорукер деп айта берсе, алар ошол деңгээлге чейин көтөрүлүшү мүмкүн [109].

Б.Г. Ананьевдин түшүндүрмөсүндө, субъектке реалдуу ийигилик жана максималдуу канааттануу алып келген ишмердик гана ал үчүн өнүктүрүү фактору боло алат [22]. Ошентип, балага карата көрсөтүлүүчү ишеним анын инсандык мыкты, биринчи кезекте руханий-адептик пландагы сапаттарын калыптандырууга стимул берүүчү фактор катары каралышы мүмкүн.

Башталгыч класстын окуучусуна ата-эненин камкордугу да жаратмандык таасир этиши мүмкүн. Ата-эненин көргөн камкордугу анын баласы менен мамиле куруусунун маанилүү шарты болуп эсептелет, анткени ал анын жашоосун маанилүү кылып, назиктиктин жана колдоонун түгөнгүс булактарын ачып берет. Аталган сезимдин маанисин бир сөз менен айтып берүүгө мүмкүн эмес. Өз кезегинде адамдар ортосундагы мамилелерди камкордук менен калыптандыруу адамды апатиядан сактап калат деп ишенген. Камкордук изилдөөчүлөр тарабынан кандайдыр бир нерсе чындап мааниге ээ болгон абал катары каралат. Бул –интенционалдуулуктун өзгөчө түрү, ыктоого карата тенденциянын байкалуусу, аталган аспектиде өзүнүн көңүлүн концентрациялоо, кыймыл, сүйүүнүн жана эрктин булагы. Ал ошондой эле ар бир сүйүү жана эрк актысында биз өзүбүздү жана өзүбүздүн дүйнөбүздү кошо калыптандыра берет экенбиз деп белгилейт.

Бала үчүн ата-эненин камкордугу анын жанында ага күйүп-бышкан, качан да болсо жардамга келген, аны сүйгөн, кечирген жана ар дайым

коргогон бирөө бар экендигин тастыктап турат. Бул балага ата-энесинен келип жаткан позитивге ачылууга мүмкүндүк берет, демек, мүнөзүндөгү мыкты сапаттарды, атап айтканда, руханий-адептик тарбиялуулукту калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет.

Үй-бүлөдө баланы тарбиялоонун руханий-адептик шарты катары көмөкчү мамилелерди ишке ашыруу диалог принциптерине негизделген толук кандуу баарлашуу болгон учурда гана мүмкүн. Кеп бул жерде, биз карап жаткан үй-бүлөдөгү руханий-адептик тарбиянын шарттары – мындагы ата-эне менен баланын гуманистик, компетенттүү баарлашуусун түзүү тууралуу болуп жатат.

Ата-энесинин баласы менен компетенттүү баарлашуусу деп биз баланын курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түзүлгөн, тарбиялык маселелердин кеңири спектрин, анын ичинде анын руханий-адептик тарбиясын чечүүгө өбөлгө түзүүчү баарлашууну айтабыз.

Балдарды руханий-адептик тарбиялоого өбөлгө түзүүчү үй-бүлөлүк чөйрөнү түзүү, ата-энелерге карата жогорку талаптарды коет. Алсак, Г.Оллпорттун пикири боюнча, башкалардын түйшөлүүлөрүн түшүнүүгө жана башкалар тууралуу туура ой жүгүртүүгө жетишүүсүнө инсандын турмуш тажрыйбасындагы төмөнкүдөй сапаттар өбөлгө түзөт: турмуштук тажрыйба; жалпы жетилүүсү, баа берүү менен бааланууучу субъект ортосундагы окшоштук (адамдын башынан кечиргенин сырттагы жат нерсеге караганда жеңил түшүнөт); интеллект (акыл өнүгүүсү алда канча жогору болгон адамдар мыкты «сот» болуп бере алат); өзүн өзү таануусу (бул белгилүү бир деңгээлде башкалар тууралуу стереотиптүү, формалдуу ой жүгүртүүлөрдөн сактайт; эмоционалдуу туруктуулук (тынчсызданган, туруксуз психикалуу адамдар өзүнүн жеке сапаттарын башкаларга таңуулаганга жакын; мүнөзүнүн түнт болуусу, кыялкечтиги (башкаларды достук мамиледе, акыйкат кабыл алууга мүмкүндүк берет); интерацептивдүүлүк, б.а. өзүнүн жана башкалардын ички дүйнөсүнө карата таасирдүүлүгү, сезимталдыгы [131].

Ата-энесинин коммуникативдик компетенттүүлүгү болбосо, баласы менен тарбиялоочу компетенттүү карым-катышты түзүүсү мүмкүн эме с. Адамдын угуу жөндөмдүүлүгүсүз анын коммуникативдик компетенттүүлүгү тууралуу сөз кылуу, анын далилдөө, ынанымдуу болуу ж.б. мүмкүн эмес. А.В. Петровскаянын түшүндүрүүсүндө [133], баарлашуудагы компетенттүүлүк ар кандай психологиялык дистанцияда мамилелерин психологиялыктан четтеп интимдик-жеке диапазонго чейин билги өзгөртүү менен байланыш түзүүгө даярдыгын жана жөндөмүн билдирет. Компетенттүү баарлашууну ишке ашыруу адамдын жеке турмушуна, анын ички дүйнөсүнүн баалуулуктарына маани бериле баштаганда гана мүмкүн, бул, өз кезегинде, сезимталдыкты, жеке тажрыйбага аяр мамиле жасоону, ишенимди өнүктүрүүсүз мүмкүн эме с.

Айрым ата-энелер тарбиялуулук өзүнөн өзү эле келип чыгат деп жаңылыш ойлонушат. Алар жүрүм-турум маданиятын жана баарлашуу көндүмдөрүн, сылыктыкты, сабырдуулукту тарбиялоо – чоңдордун иши деп эсептешет, андыктан алар: «Чоңойгондо баары өзү келет. Азыр эмне, бул бала да!» – деп коюшат. Ал эми бул, чынында, туура эме с. «Тарбиялуулук» аныктамасынын өзү – бул адамды узак жана тынымсыз ширөө, анын тарбиясынын натыйжасы. А.С. Макаренко «баланы маданияттуу тарбиялоо аны сабаттуулукка үйрөткөнгө чейин эле, ал жаңыдан көрүп, угуп, сүйлөгөндө эле эрте башталышы керек», – деп айтат [113].

«Бала – ата-эне» баарлашуусу күндө ар кандай турмуштук кырдаалдарда ишке ашып турат. Ар кандай адамдар менен жолугушуу аркылуу ал коомдук жүрүм-турумдун эрежелерин үйрөнүп, анын мүнөзү тарбиялана берген.

Баланы руханий-адептик өнүктүрүү ата-энеден баланын курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүн билүү менен бирге эле ал билимдерди балдары жүрүм-турумунда руханий-адептик баалуулуктарды тутунуусуна даярдыгын калыптандыруу үчүн пайдалануу жөндөмүн да талап кылат.

Бирок адепсиздиктин биринчи сабактарын да, эң өкүнүчтүүсү, балдар үй-бүлөдөн алат. Керектөө, кыжырдануу, ач көздүк, кайдыгерлик жана көптөгөн башка нерселер бүгүнкү күндө социумдун босогосун аттап жаткан кичинекей адамдын адептик жашоосун калыптандырат. Андыктан чоңдордун балдар менен баарлашуусунда кескин жагымсыз тонго, кыйкырыктарга, оройлукка жол берилбеши керек.

Үй-бүлө адептик тарбиянын конкреттүү усулдарына: коомдук жүрүм-турум формаларына үйрөтүү усулуна, чыгармачыл аңгемелешүүлөрдү уюштуруу усулуна ээ болуусу зарыл, бирок мындан да ата-эненин балдары менен мамилесинин стили – боорукердик жана кызыгуу, көңүл буруу жана катышуу стили да абдан маанилүү.

Балдар өтө аялуу жана аларга карата чоңдордун жасаган мамилесине абдан сезимтал келерин белгилеп кетүү зарыл.

Балдар чоңдордун маанайын кандайдыр бир жолдор менен сезип алышат жана аларга жараша аракеттенишет. Кээде баланын үй-бүлөсүндө ата-энесинин ортосунда уруштар болушу мүмкүн. Ажырым дагы күч алат, бир да сөз айтылбаган күндө да ата-энесинин ортосундагы муздак мамилени, бири-биринен алыстыгын бала сезет да, балада түшүнүксүз тынчсыздануу, кароосуз калуу коркунуч сезими, жүрүм-турумундагы жалпы кыжырдануу абалы калыптанат.

Ата-энесинин биргелешкен ишмердиктин жүрүшүндө берген баасын, айткан пикирлерин бала бат кабыл алат, жана ал жеке баасын берүүдө жана пикирин айтууда таасир этет.

Окуучуларды руханий-адептик тарбиялоодо мектеп менен үй-бүлөнүн карым-катышы маанилүү ролду ойнойт. Алар тарбиялоо процессинде өз ара байланышуу, өз ара уламалуулук жана бири-бирин толуктоо принциптерине негизделиши керек. Эгер ата-энеси балада мектепке чейин эле туруктуу адептик тажрыйбаны, оң адаттарды жана жүрүм-турумундагы туруктуу мотивдерди калыптай алса, анда мектеп балага адептик тарбия берүү боюнча ийгиликтүү иштерде жагымдуу шарттарга жетише алат. В.А. Сухомлинский

мындай дейт: «Чынчыл, тартиптүү, эр жүрөк аракет кылгандар эмес, мындан башкача кыла албагандар чынчыл, тартиптүү, эр жүрөк болушат».

Ата-энелер коомчулугу аталган билим берүүчү мекеменин контингентин эске алуу менен конкреттүү тарбиялык тапшырмаларды иштеп чыгууда жана ишке ашырууда жана үй-бүлөлүк тиричилик чөйрөсүндө педагогикалык коллективдин кеңешчиси катары өзүн сезүүсү зарыл.

Өз ара баарлашуу процессинде педагогдор ата-энелердин көңүлүн үй-бүлөлүк тарбиянын усулдарындагы жана мазмунундагы кемчиликтерге буруусу зарыл, бирок ата-энелер да, өз кезегинде, педагогдорго мектептин ишиндеги аталган кемчиликтерге окшош жетишегендиктерди айтуусу керек. Бирок бири-бирин сынга алуу негиздүү жана конструктивдүү болушу керек. Жалпы курулай эле сөздөр болбостон, анын негизинде конкреттүү фактылар жана сунуштар жатышы зарыл.

Педагогдордун таасир этүү объектиси катары бала эле эмес, ошол үй-бүлөнүн башка да мүчөлөрү, улуулары, жамаат катары жалпы эле үй-бүлө болушу мүмкүн.

Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик тарбиялоонун реалдуу шарттарын түзүү үчүн биз башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик тарбиялоо үчүн жагымдуу үй-бүлөлүк чөйрөнү түзүүгө жана башталгыч класстын окуучуларына руханий-адептик тарбия берүү жаатында ата-энелери үчүн билим менен куралдануусуна багытталган «Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» аталыштагы программаны иштеп чыктык.

Башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик тарбиялоонун базалык аспектилери боюнча ата-энелердин маалыматын кеңейтүү үчүн ата-энелер менен карым-катышууда 24 саатка эсептелген төмөнкүдөй курстардын блоктор иштелип, ишке ашырылган (ар бири 8 сааттан): «Тарбия берүүнүн педагогикалык негиздери», «Башалгыч класстын окуучуларынын психологиялык өзгөчөлүктөрү», «Руханийлик жана адептүүлүк» жана «Үй-

бүлөдө башталгыч класстын окуучуларына руханий-адептик тарбия берүү процессин уюштуруу» (1-3-таблицалар).

Аталган курстардын мазмунуна кыскача мүнөздөмө берели.

«Тарбия берүүнүн педагогикалык негиздери» курсу тарбиялык иштердин педагогикалык аспектилери боюнча базалык түшүнүктөр менен ата-энелерди тааныштырууну өзүнө максат кылган.

**1-таблица. – «Тарбия берүүнүн педагогикалык негиздери» курсунун тематикалык планы**

| **Теманын аталышы** | **Сабактар** | | **Бардык сааттар** |
|---|---|---|---|
| | **Лекция** | **Семинар** | |
| Балдарды тарбиялоонун актуалдуу маселелери | 1 | 1 | 2 |
| Тарбия берүү факторлору | 1 | 1 | 2 |
| Тарбия механизмдери | 1 | 1 | 2 |
| Тарбия берүү каражаттары жана усулдары | 1 | 1 | 2 |
| Бардыгы: | 4 | 4 | 8 |

**«Тарбия берүүнүн педагогикалык негиздери» курсунун мазмуну:**

**1-тема. Балдарды тарбиялоонун актуалдуу маселелери**. Тарбия берүү түшүнүгү. Инсан тарбия берүүнүн субъектиси. Тарбия берүүнүн негизги түрлөрү. Руханий-адептик тарбия берүү инсанды калыптандыруунун негизи катары.

**2-тема. Тарбия берүү факторлору**.Стихиялуу тарбия берүүнүн жалпы мүнөздөмөсү. Максат багыттуу тарбия берүүнүн түшүнүктөрү жана мүнөздөмөсү. Тарбия берүүнүн негизги институттары.

**3-тема. Тарбия берүүнүн механизмдери**. Тарбия берүү механизмдеринин түшүнүгү. Базистик этикалык түшүнүктөрдү интериоризациялоо-экстериоризациялоо жалпы механизмдери тарбия берүүнүн негиздери катары. Тарбия берүүнүн көп учуроочу механизмдери жана алардын мүнөздөмөлөрү (тууроо-имитация, иденттештирүү, ички жана тышкы баалоо).

**4-тема. Тарбия берүүнүн каражаттары жана усулдары**. Тарбия берүүнүн каражаттарынын жалпы мүнөздөмөсү. Баланы тарбиялоодо көтөрмөлөө каражаттарынын мүнөздөмөсү, мүмкүнчүлүктөрү жана чектөөлөрү. Баланы тарбиялоодо жазалоо каражаттарынын мүнөздөмөсү, мүмкүнчүлүктөрү жана чектөөлөрү. Сөз менен тарбиялоо усулдары жана алардын мүнөздөмөлөрү (аңгемелешүү, түшүндүрүү, ынандыруу, ишендирүү). Көнүгүү тарбия берүүнүн усулу катары. «Башталгыч класстын окуучуларынын психологиялык өзгөчөлүктөрү» курсу башталгыч класстын окуучуларынын психикалык өнүгүүсү тууралуу ата-энелердин кеңири түшүнүккө ээ болуусун максаттайт.

**2-таблица. – «Башталгыч класстын окуучуларынын психологиялык өзгөчөлүктөрү» курсунун тематикалык планы**

| **Теманын аталышы** | **Сабактар** | | **Бардык сааттар** |
|---|---|---|---|
| | **Лекция** | **Семинар** | |
| Башталгыч класстын окуучуларынын таанып билүү чөйрөсү | 1 | 1 | 2 |
| Башаталгыч класстын окуучуларынын эмоционалдык-эрктик чөйрөсү | 1 | 1 | 2 |
| Башталгыч класстын окуучуларынын коммуникативдик жана жүрүм-турумдук чөйрөсү | 1 | 1 | 2 |
| Башталгыч класстын окуучуларынын инсандык калыптануусу | 1 | 1 | 2 |
| Бардыгы: | 4 | 4 | 8 |

**3-таблица. «Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучусуна руханий-адептик тарбия берүү процессин уюштуруу» курсунун тематикалык планы**

| **Теманын аталышы** | **Сабактар** | | **Бардык сааттар** |
|---|---|---|---|
| | **Лекция** | **Семинар** | |
| Балдардын негизги руханий-адептик категориялар тууралуу маалымдуулугун кеңейтүүнүн жолдору | 1 | 1 | 2 |
| Башаталгыч класстын окуучуларын | 1 | 1 | 2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| руханий-адептик жүрүм-турумга даярдыгын калыптандыруу | | | |
| Руханий-адептик тарбиялоодо психогимнастика элементтерин пайдалануу | 1 | 1 | 2 |
| Руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууда балдардын ийгиликтерге жетишүү кырдаалдарын уюштуруу технологиялары | 1 | 1 | 2 |
| Бардыгы: | 4 | 4 | 8 |

**«Үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучусуна руханий-адептик тарбия берүү процессин уюштуруу» курсунун мазмуну**

**1-тема. Негизги руханий-адептик категориялар тууралуу балдардын маалымдуулугун кеңейтүүнүн ыкмалары.** Элдик оозеки жана адабий чыгармачылыктын балдардын негизги руханий-адептик категориялар тууралуу маалыматын кеңейтүү үчүн мүмкүнчүлүктөрү. балдардын негизги руханий-адептик категориялар тууралуу маалыматын кеңейтүүнүн экскурсиялык мүмкүнчүлүктөрү. Балдардын негизги руханий-адептик категориялар тууралуу маалыматын кеңейтүү үчүн аңгемелешүүнү колдонуу. Ата-энелер тарабынан чакан маек серияларын пландаштыруу жана балдардын негизги руханий-адептик категориялар тууралуу маалыматын кеңейтүүдө моралдык жана руханий дилеммаларды чечүү практикасын колдонуу.

**2-тема. Башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик жүрүм-турумга даярдыгын калыптандыруу.** Башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик жүрүм-турумга даярдыгын калыптандыруу принциптери. Ата-энелердин баланын руханий-адептик жүрүм-турумун мотивдештирүүсү. Башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик жүрүм-турумга даярдыгын калыптандыруу системасындагы көтөрмөлөө жана жазалоо.

**3-тема. Балдарга руханий-адептик тарбиялодо психогимнастика элементтеринин колдонулушу.** Инсанды тарбиялоодо психогимнастиканы

колдонуунун жалпы мүнөздөмөсү. Башталгыч класста окуган балдарды руханий-адептик тарбиялоодо жана аларды адептик сезимдерин вербалдаштыруу жөндөмүнө үйрөтүүдө психогимнастиканы колдонуу мүмкүнчүлүктөрү. Балдардын руханий-адептик тарбиясына өбөлгө түзүүчү психогимнастикалык көнүгүүлөрдүн негизги тобу.

**4-тема. Руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууда балдардын ийгиликке жетишүү кырдаалын уюштуруу технологиялары.** Руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууда балдардын ийгиликке жетишүүсү үчүн кырдаалдарды уюштуруунун негизги принциптери. Негизги руханий-адептик категорияларды өздөштүрүүдө балдардын ийгиликтерин уюштуруу: жакшы-жаман, жакшылык-жамандык, болот-болбойт, чын-жалган, сылыктык-оройлук, элпектик-одонолук, кайрымдуулук-кайдыгерлик, боорукерлик-таш боорлук, сабырдуулук-сабырсыздык, марттык-сараңдык. Күнүмдүк турмушта руханий-адептик категорияларды балдардын ийгиликтүү колдонуусун жана руханий-адептик тандоону камтыган кырдаалдарда руханий-адептик категорияларды колдонуусун уюштуруу.

Семинардык сабактарда программанын теориялык бөлүгүндө каралган маселелер талкууга алынды. Бул үчүн оюндук моделдөө, үй-бүлөдө руханий-адептик кырдаалды моделдөө, үй-бүлөлүк жана турмуштук кагылышууларды жана оюндук кырдаалдарды анализдөө, моралдык жана руханий диллемаларды чечүү мүмкүнчүлүктөрү пайдаланылды.

«Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасынын практикалык бөлүгүндө инсандык өнүгүү багытында ата-энелер менен жүргүзүлүүчү иштер каралды. Аталган максат төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануунун негизинде ишке ашты: оюндук моделдөө, үй-бүлөдө руханий-адептик кырдаалды моделдөө; үй-бүлөлүк жана турмуштук кагылышууларды жана оюн кырдаалдарын анализдөө; моралдык жана руханий дилеммаларды чечүү; рефлексия, адептик сезимдерди вербалдаштыруу; социалдык-психологиялык тренингдин элементтери (2-тиркеме).

Ата-энелерди – программанын катышуучуларын өнүктүрүү үчүн социалдык-психологиялык тренинг үч бөлүктөн турду:

1) инсандык өнүгүү тренинги;

2) эмпатия тренинги;

3) коммуникативдик компетенттүүлүк тренинги.

Социалдык-психологиялык тренингдин түзүлүшү:

– киришүү сабагы (1 сабак);

– инсандык өнүгүү тренинги (4 сабак);

– эмпатия тренинги (4 сабак);

– коммуникативдик компетенттүүлүк тренинги (6 сабак);

– корутунду сабак (1 сабак).

Киришүү сабагында ата-энелерге топто иш алып барууга, бири-бири менен жакшылап таанышууга, жасала турган иштин максатын түшүнүүгө мүмкүндүк берүүчү көнүгүүлөр пайдаланылды. Ал өзүндө «Салттуу эмес таанышуу», «Мен үчүн бөтөн адам ким?», «Тренингдин эрежелерин кабыл алуу», «Досуна каалоо-тилек» деген сыяктуу көнүгүүлөрдү камтыды.

Инсандык өнүгүү тренинги ата-энелердин руханий-адептик өнүгүү багытында өсүүсүн актуалдаштырууга багытталгандыктан ага төмөнкүдөй көнүгүүлөр кирди: «Сиздин МЕНдин сыйкырдуу оюндары», «Жакшылык», «Ресурстар», «Ийгиликке карай кадам», «Күчтүү жактары», «Күч».

Эмпатия тренинги ата-энелерде айланасындагы адамдарды түшүнүүгө, алардын эмоционалдык абалын «окууга» карата жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Аталган тренинг өзүнүн тутумуна төмөнкү көнүгүүлөрдү камтыды: «Мен сага ишенем», «Мен жакындарымдын көзү менен», «Адамдын көрүү образын түзүү», «Тийгизүү», «Эмпатия», «Бекитүү», «Макулдукка жетишүү».

Коммуникативдик компетенттүүлүк тренинги бир катар коммуникативдик жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган: өнөктөшүн угуу жөндөмү, ишенимдүү баарлашууга карата

позитивдүү эмоционалдык эрежелерди түзүү, баа бербеген пикирлерди түзүү, кагылышуу кырдаалдарына ыкчам аракеттенүү жана аларды жайгаруу ж.б.

Ал өзүндө төмөнкү көнүгүүлөрдү камтыган: «Саламдашуу», «Мени ук», «Көргөнүмдү айтам», «Интервью», «Диспут», «Басма машинке», «Мен эмне кылып жатам жана кагылышууда кандай эмоцияларды баштан кечирем», «Эгер …, анда мен … болмокмун», «Кагылышууларды жайгаруу».

Корутунду сабак тренинг сабактардын жүрүшүндө алынган оң эффектилерди бекемдөөгө багытталган. Сабакта алынган тажрыйбаны талкуулоо менен, бул сабакта «Телеграмма», «Мен … ыраазымын» көнүгүүлөрү аткарылды.

Тренингди иштеп чыгууда В.Ю. Большаков [49], И.В. Вачков [57], Г.И. Марасанов [114], Л.А. Петровская [132] тарабынан сунушталган көнүгүүлөр колдонулду.

«Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасына катышуу үчүн биздин экспериментке катышкан башталгыч класстын окуучуларынын ата-энелери тандалып алынды. Ата-энелердин программага катышуусунун негизги шарттары:

1) программага катышууга ыктыярдуу макулдугун берүү;

2) алардын балдарынын – башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын эксперименттин биринчи этабында алынган төмөнкү көрсөткүчтөрү.

Ата-энелер чогулушунда балдардын руханий-адептик тарбиясын изилдөөнүн натыйжаларын жарыялагандан кийин жана үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучуларын тарбиялоонун аталган аспектисинин салыштырмалуу маанилүү экендигине байланыштуу аңгемелешүү жүргүзгөндөн кийин 46 адам программага катышууну каалагандыгын билдирди.

Программа боюнча ата-энелер менен лекциялык-семинардык жана тренинг сабактарды өткөрүү параллель ишке ашырылып, 2016-2017-окуу жылдын 1-жарымында дем алыш күндөрү 2 сааттан жүргүзүлүп жатты. Программага катышууну каалаган бардык ата-энелер иштин ыңгайлуу

жүрүүсү үчүн биз сунуштаган сабактарга катышуу убактысын тандоосуна жараша 23 адамдан турган 2 топко бөлүштүрүлдү.

«Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасында ата-энелердин катышуусунун көзөмөл көрсөткүчү катары алардын өзүнө-өзү берген баасы эсептелди:

– балдардын үй-бүлөдө руханий-адептик тарбиясын уюштурууга салыштырмалуу маалымдуулук;

– балдарынын руханий-адептик тарбиясы боюнча өз аракеттерин аңдоо;

– үй-бүлөдө балдардын руханий-адептик тарбиясы боюнча өз ишмердигинин натыйжалуулугу.

Өзүнө-өзү баа берүү 10 баллдык шкалага негизделген, ага ылайык 1 балл бааланып жаткан мүнөздөмөнүн минималдык деңгээлин, ал эми 10 балл – анын максималдык деңгээлин билдирген.

«Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасына ата-энелердин катышуусун өлчөө мониторингдик мүнөзгө ээ болуп, окуу жылынын аралыгында ай сайын жүргүзүлүп турду. Ошентип, ар бир ата-энеден 3 көрсөткүч боюнча 10 өзүн-өзү баалоо жүргүзүлдү, б.а. баары 30 баа. Аталган баалардын тандалып алынган маанилери боюнча орточо динамикасы 1-сүрөттө берилди.



**1-сүрөт. Ата-энелердин программага катышуусунун сапаты боюнча өз бааларынын орточо маанилеринин бөлүштүрүлүшү.**

Программага катышуунун сапатын берилген баанын маанисин ата-энелердин тандоосу үчүн алынган орточо бөлүштүрүүнүн анализи төмөнкүнү көрсөттү:

– алгач ата-энелердин өзүнүн үй-бүлөдөгү башталгыч класстын окуучуларына берген руханий-адептик тарбиясы тууралуу маалыматы жана түшүнгөндүгүн баалоосу программага катышкандан бир айдан кийинки мезгилге караганда бир катар жогору болгон. Алар жогорулатылгандыгы ачык эле көрүнүп турат. Баштапкы сабактарда эле аталган маселе боюнча даярдыгы алардын өзүн буга чейин баалап келген деңгээлден абдан эле төмөн экендигин түшүнүүсүн калыптандырууга жардам берген;

– ата-энелер тарабынан балдары менен жүргүзгөн тарбияны түшүнүүсүнө баа берүүсү биринчи жарым жылдыкта программадагы башка көрсөткүчтөргө салыштырмалуу жогору болду. Мындай натыйжа бардык эле ата-энелерге мүнөздүү, алар башынан эле балдарын туура, ишти билип тарбия беребиз деген ишенимде болушат. Программага катышкан жылдын экинчи жарымынан тарта ата-энелерде өзүнүн балдарына руханий жана адептик тарбия берүүсүнө сынчыл көз менен карай баштаган, бул аталган жаатта ата-энелердин өзүнүн үстүндө «иштөөсүн» уланткандыгынын негизи болуп эсептелет;

– «үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасына катышуу каралып жаткан көрсөткүчтөрдүн бардыгы боюнча ата-энелердин өзүнө берген баасынын акырындык менен өсүүсүнө өбөлгө түздү. Болжолдуу алганда, дээрлик жарым жылга чейин мындай өзгөрүүлөр байкалган эмес, бул учурдагы график «плато» формасына ээ. Экинчи жарым жылдыктан тартаата-энелердин аталган программага катышуусунда өздөрүнө берген бааларында үй-бүлөдө балдарына руханий-адептик тарбия берүүнү уюштуруу боюнча маалымат алуусунда байкаларлык өсүш болгондугу

белгиленген (5,9), бул багытта өз аракеттеринин натыйжалуулугу боюнча төмөнкү баа (4,1);

– бир жыл аралыгында программага катышкан ата-энелер балдарын тарбиялоо боюнча өз ишмердигине сынчыл көз караш менен мамиле жасай баштаашты. Биринчиден, муну тандоонун өзгөчөлүгү катары кароого болот – программага катышууну каалагандар өздөрүнүн балдарына руханий-адептик тарбиялоодо көңүл бурулбай калгандыгын белгилеген ата-энелер болгон. Экинчиден, ата-энелердин басымдуу көпчүлүгү өз балдарын руханий-адептик планда тарбиялуу болушун каалагандар. Үчүнчүдөн, ишмердиктин натыйжалуулугу объективдүү алганда, ар дайым адамдын өзү аң-сезимдүү аткарган аракеттерге караганда алда канча төмөн болот.

Жалпысынан, «Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасын жайылтуунун натыйжаларына баа берүүдө, анын үй-бүлөдө балдарга руханий-адептик тарбия берүүнү ишке ашырууга карата ата-энелердин даярдыгын өнүктүрүүгө өзүнүн позитивдүү салымын кошкондугун белгилеп кетүүгө болот. Ата-энелердин балдарынын өзүнүн жүрүм-турумунда руханий-адептик баалуулуктарды пайдаланууга даярдыгын калыптандыруу үчүн эмне жана кантип кылуу керектиги тууралуу маалымдуулугунда олуттуу өсүш байкалды. Балдардын руханий-адептик тарбиясын жогорулатуу боюнча алардын жасаган аракеттерин түшүнүүсү байкаларлык өстү. Изилдөөчү менен болгон жыйынтык аңгемелешүүдө ата-энелер балдарды тарбиялоо боюнча аракеттерин пландаштыра баштагандыгын, балдарынын адептик аракеттериндеги өзгөчөлүктөргө көңүл буруп, аларга карата дароо аракеттерди көрө баштагандыгын айтышты. Балдарынын адептик аракеттерине байланыштуу ата-энелердин жүрүм-туруму салмактуу, акыл калчап жасала баштады. Бул учурда алар тарбиялоо усулдарынын кеңири арсеналын, анын ичинде, сөздүк, көрсөтмөлүүлүк жана практикалык усулдарды пайдаланышты.

Ата-энелерден алынган пикирлердин негизинде, алардын программага катышуусу үй-бүлөдө балдарынын жүрүм-турумунда руханий-адептик

принциптерди аткарууга стимул берүүчү тарбиялык чөйрөнү түзүүгө жардам берди деген маанилүү жыйынтык чыгарууга болот. Ата-энелер балдар менен баарлашууда алар менен болгон мамиледе түшүнүү менен, бийик ишеним арттыра көбүрөөк көңүл бура баштагандыгын белгилешкен. Үй-бүлөлөрдө жубайлар ортосунда деструктивдүү кагылышуулар алда канча азайды. Ата-энелер үй-бүлөдө бири-бирине жардам берүү, бири-бирин колдоого, ошондой эле баланын инсандык өнүгүүсүндө позитивдүү өзгөрүүлөргө стимул берүүгө көбүрөөк багыттала баштады.

Алынган натыйжаларды жыйынтыктап жатып, биз иштеп чыккан технологиялардын биринчи бөлүгү өзүнүн натыйжалуулугун тастыктай алгандыгын белгилеп кетүүгө болот. Ата-энелердин үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучуларын руханий-адептик тарбиялоого карата даярдыгын караган «Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасына катышуусу алдыга коюлган милдеттерди чечүүгө өбөлгө түзүдү. Аталган программанын пайда болуусу менен катар эле үй-бүлөлөрдө балдарга руханий-адептик тарбиялоодо жагымдуу чөйрө түзүлөт, ал эми ата-энелери аталган багытта өздөрүнүн тарбиялык ишмердигин ишенимдүү ишке ашыруу жөндөмдүүлүгүнө ээ болушту.

### 3.2. Окуучуларга үй-бүлөдө руханий-адептик тарбия берүү багытындагы иштерди пландаштыруу жана өткөрүү

Педагогикалык эксперименттин акыркы этабы ата-энелер тарабынан биздин «Руханий-адептүү идеал» программабызды пайдалануусунун натыйжасында башталгыч класстын окуучуларына руханий-адептик тарбия берүүнүн өзгөчөлүктөрүн изилдөөнү өзүнүн алдына максат кылып койду.

Эксперименттин аталган этабында *божомолдор* текшерүүгө алынды, аларга ылайык, ата-энелердин ишмердиги балдарынын жүрүм-турумунда руханий-адептик баалуулуктарды пайдаланууга даярдыгын калыптандырууга белгилүү бир шарттар аткарылган учурда өбөлгө түзмөкчү. Атап айтканда, эгер ал

1) төмөнкүлөргө багытталса:

– балдардын руханий-адептик негизги категориялар тууралуу маалыматтарын кеңейтүүгө;

– аларда руханий-адептик сапаттарды өнүктүрүүгө;

– аларда күнүмдүк турмушунда руханий-адептик баалуулуктарды тутунууга даярдыгын калыптандырууга;

2) ал үчүн төмөнкүлөрдү колдонуу каралган:

– балдардын негизги руханий-адептик категориялар тууралуу маалыматын кеңейтүүгө багытталган чакан аңгемелешүүлөрдү жүргүзүү;

– руханий-адептик баалуулуктарды аркалоо мисалдары;

– үй-бүлөдө балдардын руханий-адептик сапаттарын өнүктүрүү үчүн практикалык психологиянын мүмкүнчүлүктөрү;

– балдардын руханий-адептик жүрүм-турумунда практикалык тажрыйбага ээ болуусу үчүн оюнда жана реалдуу мамилелерде руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууда ийгиликке жетишүүсүн камсыздоочу кырдаалдар;

3) баланын руханий-адептик тарбиясына өбөлгө түзүүчү үй-бүлөлүк контекстте өтөт.

Сунушталган жоромолду текшерүү жана алдыга коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй изилдөө усулдары пайдаланылды: калыптандыруучу эксперимент, диагностикалык тесттик карта, аңгемелешүү, байкоо жүргүзүү.

Калыптандыруучу эксперименттик усулда биздин жетекчилигибиз алдында ата-энелер тарабынан өздөрүнүн үй-бүлөсүндө «Руханий-адептүү идеал» программасы ишке ашырылды.

Аталган программада төмөнкүлөр каралган:

1. Балдар менен жакшы-жаман, жакшылык-жамандык, болот-болбойт, чын-жалган, сылыктык-оройлук, элпектик-одонолук, кайрымдуулук-кайдыгерлик, боорукердик-таш боордук, сабырдуулук-сабырсыздык,

марттык-сараңдык сыяктуу базалык руханий-адептик категорияларга арналган чакан аңгемелешүүлөрдүн сериясын жүргүзүү.

Аталган чакан аңгемелешүүлөрдү жүргүзүүнүн технологияларынын өзгөчөлүгү болуп ата-энелер тарабынан төмөнкүдөй талаптардын аткарылышы эсептелди:

– баладан руханий-адептик тандоону ишке ашырууну талап кылган тигил же бул кырдаалда жүргүзүлгөн аңгемелешүүнүн оперативдүүлүгү;

– бала кабылган руханий-адептик тандоо кырдаалынын контекстине карата толук кандуу «байлануу»;

– аңгемелешүү алкагында түшүндүрүлүүчү материалдын компакттуулугу;

– балага кысым көрсөтүүнүн жок болушу, белгилүү жүрүм-турумдун зарылдыгына аны эч кандай баалоосуз эле ынандыруу;

– ойлоп чыгарылган персонаждын жүрүм-турумун анализдөөдөн баланын өзүнүн жүрүм-турумун аңдоого өтүүгө мүмкүндүк берүүчү аңгемелешүүнүн өзгөчө түзүлүшү;

– жеке турмуш тажрыйбасынан алынган фактылардын белгилүү руханий-адептик баалуулуктарынын артыкчылыктарын аргументтештирүү үчүн тартуу;

– башка адамдардын кийлигишүүсүз жайбаракат абалда чакан аңгемелешүүнү жүргүзүү.

2. Ата-энелери тарабынан руханий-адептик баалуулуктарды тутунуу мисалдарын демонстрациялоону пайдалануу.

Аталган демонстрацияларды тарбиялык максатта пайдалануу технологияларынын өзгөчөлүктөрү болуп ата-энелери тарабынан төмөнкү талаптарды аткаруусу эсептелди:

– руханий-адептик баалуулуктарды аткаруунун демонстрациялык мисалы өзүнүн мазмундук маңызы боюнча баланын актуалдуу жүрүм-турумунун мазмуну менен «байланышы» керек;

– тандалуучу мисал башынан эле өзүнүн персонажынын руханий-адептик тандоосунда вариативдүүлүккө жол бере тургандай кырдаалда тандалышы керек;

– өз турмушунан алынган мисалдарга артыкчылык берилиши керек, анткени башталгыч класстын окуучулары үчүн алардын ата-энелери «маанилүү чоңдордун» катарына кирет;

– башталгыч класстын окуучулары үчүн жеке жана жүрүм-турумдук иденттүүлүккө муктаждыкты пайда кылган ата мекендик көркөм (фольклордук, адабий, теле берүү) персонаждардын руханий-адептик жүрүм-турумунун мисалдары максималдуу толук пайдаланылышы керек;

– руханий-адептик баалуулуктарды аркалоо мисалдарында персонаждар жана ошондой эле аларды курчап тургандар үчүн да алардын ишке ашырылышынын кесепеттерин позитивдүү гана түшүндүрүүгө ээ болушу керек;

– руханий-адептик баалуулуктарды аркалоо мисалдарын көрсөтүү персонаждарда байкалуучу жана кыйынчылыктардан «татыктуу» чыгып кетүүгө жардам берген баланын сапаттарынын рефлексиясынын ата-энелер тарабынан башкарылуусу менен коштолушу керек;

– ата-энелердин жардамы менен баланын руханий-адептик баалуулуктарды аркалоосунун мисалдарын демонстрациялоонун жыйынтыгы боюнча мисал катары каралган окшош, төп келген кырдаалдарда жүрүм-турумунун мүмкүн болгон варианттарынын тизмеси түзүлгөн эле;

– ата-энелер тарабынан практикалык психологиянын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануусу. Бул учурда ата-энелер тарабынан балдарды тарбиялоо үчүн өнүктүрүүчү оюндарды жана психогимнастикалык көнүгүүлөрдү колдонуу каралган.

«Өнүктүрүүчү оюн» жана «психогимнастикалык көнүгүүлөр» түшүнүктөрүнүн негизги айырмачылыгын биз өнүктүрүүчү оюн белгилүү сюжеттин негизинде куруларын жана ата-энелер менен балдардын ортосунда

ролдорду белгилүү деңгээлде бөлүштүрүүнү карай тургандыгын аныктадык. Психогимнастика, оюндардан айырмаланып, айрым бир көнүгүүлөрдү ишке ашырууну, б.а. балада айрым бир жаңы түзүлүштөрдү, биздин учурда руханий-адептик пландагы аракеттердин белгилүү бир ыраатын билдирет.

Биз сунуштаган «Руханий-адептүү идеал» программасынын алкагында өнүктүрүүчү оюндарды жана психогимнастикалык көнүгүүлөрдү колдонуу менен төмөнкүдөй милдеттерди чечүү каралды:

– руханий-адептик баалуулуктарга карата баланын билимдерге ээ болуусу;

– баланын ар кандай оюндук кырдаалдарда руханий-адептик баалуулуктарды аркалоодо жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн калыптандыруу;

– руханий-адептик баалуулуктардын негизинде баланын жүрүм-турумунунтүзүлүшүн аныктоочу эрежелерди өнүктүрүү;

– инсандын руханий-адептик мамилелер системасын коррекциялоо жана өнүктүрүү.

Өнүктүрүүчү оюндарды жана психотехникалык көнүгүүлөрдү руханий-адептик тарбиялоо алкагында башталгыч класстын окуучуларынын ата-энелери тарабынан колдонуу практикасында төмөнкүдөй технологиялык учурларды аткаруу каралды:

– өнүктүрүүчү оюнду же психогимнастикалык көнүгүүлөрдү тандоо баланын кезектеги руханий-адептик тарбиясынын абалына негизделиши керек;

– өнүктүрүүчү оюндарды жана психогимнастикалык көнүгүүлөрдү жүргүзүү көрсөтмөлөрдүн тактыгы, ачык-айрымдуулугу, кыска-нускалыгы менен аныкталды жана ал зарыл болгон жана жетиштүү деңгээлдеги маалыматты камтышы керек; ата-энелер көрсөтмөнү ашыкча деталдар, ашыкча түшүндүрмөлөр менен жүктөп салбашы керек; ата-энеси көнүгүүнү аткарууга кеткен убакыттан да ашыгыраак балага көрсөтмө бербеши керек;

– оюндар жана психогимнастикалык көнүгүүлөр ага баланын

максималдуу катышуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен пайдаланышы керек; баланын болуп жаткан нерселереге кызыгуусун күбөлөндүрүп туруучу, анын максималдуу активдүүлүгүн стимулдаштыруучу оюндар жана көнүгүүлөр гана эффективдүү болуп саналат;

– оюндардын жана көнүгүүлөрдүн өнүктүрүүчү ресурстарын толук кандуу колдонуу үчүн ата-энелери балдары үчүн жүрүм-турумдун жаңы ыкмаларын апробациялоого жана машыктырууга, аңдоого мүмкүндүк берүүчү руханий-адептик тандоо кырдаалдарын алдын ала түзүүсү жана уюштуруусу, алар менен эксперимент жүргүзүүсү зарыл; ата-энелери тарабынан түзүлүүчү тарбиялык чөйрөнүн негизги мүнөздөмөсү болуп бул учурда көйгөйлүүлүк, белгисиздик, кабылдоо болушу керек;

– ата-энелердин балдары менен оюндарды ойнотууда жана көнүгүүлөрдү жасатууда алар баладан кайтарым байланышты милдеттүү түрдө эске алышы зарыл; ата-энелер балдарында руханий-адептик жүрүм-турумдун жөндөмдөрүн, көндүмдөрүн, эрежелерин калыптандырууда салыштырмалуу ийгиликтүүлүгүнө карата объективдүү маалыматты алуусу зарыл;

– оюндарды ойнотуу жана көнүгүүлөрдү жасатуу ата-эне менен баланын өнөктөштүк баарлашуусу менен коштолушу керек, бул учурда аталган карым-катышуунун катышуучуларынын кызыкчылыктары, ошондой эле сезимдери, эмоциялары, тынчсыздануулары эске алынат, алардын инсандык баалуулугу таанылат; мына ушул учурда гана руханий-адептик тарбия берүү үчүн балага өзүнүн кетирген каталарынан тартынбай, жүрүм-турумунда эксперимент жасоого мүмкүндүк берүүчү зарыл болгон коопсуздук, ишеним, ачык-айрымдуулук атмосферасы түзүлөт.

4. Оюндук жана реалдуу мамилелерде руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууда балдардын ийгиликке жетишүү кырдаалын уюштуруу.

Үй-бүлөдө бала менен тарбиялык иш алып барууда аталган ыкманы пайдалануу ийгилик балада бир катар оң эмоциялардын жана жеке

өзгөрүүлөрдүн пайда болуусуна алып келе тургандыгына негизделген. Балдардын ийгиликке жетишүүсү үчүн жагдайларды жаратуу тажрыйбасынын алкагында ата-энелерге төмөнкүлөр сунушталган:

– үй-бүлөдө бала менен тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн башталгыч этабында оюн мамилелеринде ийгиликке жетишүүчү кырдаалдарга артыкчылык берүү зарыл; мындай кырдаалдар бала үчүн коопсуз болуп, өзү үчүн зыян алып келбеген жүрүм-турумдун ар канда варианттарын текшерүүгө мүмкүндүк берет;

– реалдуу мамилелерде ийгиликке жетишүүчү кырдаалды түзүүгө бала негизги руханий-адептик баалуулуктарды өздөштүрүп, кандай гана турмуштук кырдаал болбосун аларды аркалоо зарылдыгын жана мүмкүндүгүн түшүнөт;

– башталгыч класстын окуучуларынын ийгиликке жетишүү кырдаалын долбоорлоо ар бир адамдын күнүмдүк турмушуна шай келген руханий-адептик баалуулуктардын (мисалы, жакшылык, чын, сылыктык) максималдуу түрдө мүмкүн болгон кеңири спектри менен бирге эле өзгөчө кырдаалда актуалдашкан баалуулуктарды да (мисалы, элпектик, боорукердик, сабырдуулук) камтышы керек;

– башталгыч класстын окуучулары үчүн ийгиликке жетишүүчү кырдаалды долбоорлоо аталган курактын мүмкүнчүлүктөрүн жана чектөөлөрүн эске алуу менен жүзөгө ашырылышы керек; өтө жөнөкөй, ошону менен бирге эле өтө татаал кырдаал баланын кызыгуусун жоготуп, тийиштүү руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашыруу тажрыйбасын иштеп чыгуу үчүн кыйынчылыктардын пайда болуусун алып келиши мүмкүн.

Калыптандыруучу экспериментте катышуу үчүн башталгыч класстын окуучуларынын арасында эксперименталдык тандоо жүргүзүлдү. Ага ата-энелери «Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасына катышкан 46 окуучу кирди.

«Руханий-адептүү идеал» программасынын алкагында эксперименталдык тандалып алынган балдарга таасир этүүчү тарбиялык аракеттин эффективдүүлүгүн көзөмөлдөө үчүн эксперименттин констатациялык этабында изилдөөгө алынган калган окуучулардан кокустук түрүндө текшерүүчү тандоо жүргүзүлгөн, тандалып алынгандардын саны эксперименталдык тандоого туура келет (46 окуучу).

Калыптандыруучу эксперимент усулун ишке ашыруу бир жыл аралыгында жүргүзүлүп, эки этаптан турду:

– калыптандыруучу эксперименттин биринчи – баштапкы этабы 2014-2015-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгы аралыгында «Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасы боюнча үй-бүлөдө башталгыч класстын окуучуларына руханий-адептик тарбия берүүнүн мазмунуна жана анын ыкмаларына ата-энелерин кошо окутуу менен коштолду. Калыптандыруучу иштин аталган этабынын өзгөчөлүгү болуп ата-энелердин окутуучу программалардын жүрүшүндө алган тарбиялык билимдерин жана жөндөмдөрүнпайдалангандыгы эсептелди. Алгач балдардын руханий-адептик баалуулуктарга ылайык өздөрүн алып жүрүүсүнө даярдыгын калыптандырууга жагымдуу шарттарды түзүү багытында үй-бүлөдө чөйрөнү өзгөртүү жүргөн. Ата-энелер бири-бири менен, балдары менен мамилелерин өзгөртүп, тарбия берүү стилин демократиялык стилге алмаштырышты, үй-бүлөлүк позитивдик функцияларды ишке ашыруунун деңгээлин көзөмөлгө алышты ж.б.

– калыптандыруучу эксперименттин экинчи – негизги этабы окуучулардын ата-энелери «Үй-бүлөдө балдардын руханий-адептик ресурстарын активдештирүү» программасын толук өткөндөн кийин, тагыраак айтканда, 2018-2019-окуу жылынын экинчи жарымынан тарта жүргүзүлдү. Ал ата-энелер «Руханий-адептүү идеал» программасынын алкагында үй-бүлөдө баланы руханий-адептик тарбиялоо боюнча иштерге киришкен учурга туура келген.

Калыптандыруучу эксперименттин натыйжалуулугун текшерүү үчүн башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын деңгээли үч жолу текшерүүчү көзөмөлдөн өткөрүлдү:

– биринчи текшерүү – калыптандыруучу эксперименттин биринчи этабынын башында (2014-2016-окуу жылы);

– экинчи текшерүү – калыптандыруучу эксперименттин биринчи жана экинчи этаптарынын ортосунда (2018-2019-окуу жылдын ортосу);

– үчүнчү текшерүү – калыптандыруучу эксперименттин экинчи этабынын соңунда (2019-2020-окуу жылынын аягы).

Натыйжаларды салыштыруу төмөнкүлөрдүн негизинде ишке ашырылды:

– эксперименталдык жана текшерүүчү тандоолордон алынган маалыматтар боюнча;

– ар кандай текшерүүлөрдөн алынган эксперименталдык тандоонун натыйжалары боюнча.

Өлчөөнүн сандык натыйжаларын алуу үчүн изилдөөнүн төмөнкү усулдары колдонулду: диагностикалык тесттик карта, аңгемелешүү жана байкоо жүргүзүү.

*Диагностикалык тесттик карта* ата-энелери тарабынан «Руханий-адептүү идеал» программасын жайылтуунун ар кайсы этаптарына балдарынын руханий-адептик тарбиясынын деңгээлин баалоо үчүн колдонулду. Балдардын руханий-адептик тарбиясын балоо беш баллдык баалоо шкаласын пайдалануу менен төрт параметр боюнча жүргүзүлгөн (1-тиркеме). Ата-энелери тарабынан тесттик картаны толтуруу эми ишенимдүү жүргүзүлө баштады, анткени алар аны педагогикалык эксперименттин алгачкы этабында пайдаланышкан.

*Аңгемелешүү жана байкоо жүргүзүү изилдөө усулдары* башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын абалын мүнөздөөчү кошумча маалыматты чогултуу үчүн пайдаланылды.

Балдарга байкоо жүргүзүү мектеп шартында ишке ашырылды. Биз алардын мугалимдер, классташтары жана параллель класста окуган жолдоштору, кенже жана улуу класстын окуучулары менен болгон карым-катышуусунда руханий-адептик баалуулуктарды кармануусун байкай алдык. Бул учурда маанилүү көрсөткүчтөр катары: туруктуулук, толуктук жана өз алдынчалык каралды.

Аңгемелешүү балдардын ата-энелери, ошондой эле башталгыч класстын окуучуларынын өздөрү менен да жүргүзүлдү. Ата-энелер менен аңгемелешүүдө алардын балдарды тарбиялоодо башынан кечирген кыйынчылыктары, ошондой эле руханий-адептик тарбиялодо гү ийгиликтери такталды. Ата-энелер менен болгон аңгемелешүү балдары менен болгон мамилени оперативдүү түрдө өзгөртүүгө жана үй-бүлөдө балдарга тарбиялык таасир этүүсүн оңдоого мүмкүндүк берүүчү консультативдик мүнөзгө ээ болду.

Балдар менен аңгемелешүүдө биз алардын базалык руханий-адептик категорияларды билүү деңгээлин, өздөрүнүн жүрүм-турумунда руханий-адептик баалуулуктарды кармануuга карата баалоочу мамилесин, ар кандай турмуштук кырдаалда иш жүзүндө аларды ишке ашырууга даярдыгын, жүрүм-турумунда руханий-адептик контекстти аңдоосун тактадык.

Изилдөөнүн логикасына 2018-2019-жылдар аралыгында өткөрүлгөн педагогикалык эксперимент *аныктоочу* (проблеманын баштапкы абалын аныктоого багытталган) жана калыптандыруучу эксперименттин ата-энелердин педагогикалык билимдерин өнүктүрүү аркылуу үй-бүлөдө башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоого өбөлгө болуучу жагымдуу мотивациялык-стимулдаштыруучу чөйрө түзүүгө багытталган ***биринчи этабынан,*** мектеп менен тыгыз байланышта ата-энелердин башталгыч класс окуучусунун руханий-адептик жактан тарбиялоо ишин уюштурууга багытталган ***экинчи этабынан*** туруп, алар өз байланышта өткөрүлдү.

Аныктоочу эксперимент башталгыч класс окуучуларын үй-бүлөдө

руханий-адептик жактан тарбиялгандыгынын баштапкы абалын айкындоого багытталды.

Диссертациялык изилдөөнүн эксперименталдык бөлүгүнүн бул жана мындан кийнинки этаптарындагы диагностикалык жумуштарды жүргүзүүдө төмөнкүдөй изилдөө методдору колдонулду: көйгөйлүү кырдаалдарды анализдөө жана адептик мазмундагы маселелерди чечүү (моралдык диллема), диагностикалык тесттик картасы; балдардын жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү; ата-энелердин тарбиялык ишмердигин изилдөө жана жалпылоо, балдардын жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрүн иликтөө.

Аныктоочу эксперименттин натыйжалары текшерүүчү жана эксперименталдык топтогу окуучулардын руханий-адептик жактан тарбиялдангандыгынын ортосунда олуттуу айрымачылыктар жок экендигин көрсөттү (7-табл.).

Көрүнүп тургандай, эксперименталдык жана текшерүүчү топтогу окуучулардын руханий-адептик жактан тарбиялангандыгынын көрсөткүчтөрү бардык төрт критерий боюнча 3 баллдан ашкан жок. Ошону менен бирдикте натыйжаларды анализдөө ата-энелер өздөрүнүн тарбия практикасында кандай баалуулуктарга басым жасаса, балдарда ошол баалуулуктар көбүрөөк орун алгандыгын көрсөттү.

Алсак, башталгыч класс окуучулары көз караш, ишеним, жүрүм турумунда “жакшы менен жаманды”, “кичи пейилдик менен оройлук”, улууларды урматтоо – улуу кичүүнү ылгабоо”, “тыкандык, тырышчаактык-шалаакылык” “убадага бекемдик –жоопкерчиликсиздик” сыяктуу баалуулуктарды аздектеп, бекем тутаары көрүндү. Бул сапаттарга салыштырмалуу ынтымак-ырашкерлик, жоомарттык, кең пейилдик, толеранттуулук сабырдуулук сыяктуу ж.б. сапаттар орчундуу орунга ээ эмес экендиги айкын болду. Көпчүлүк окуучулар эреже талаптарды билген менен ишеним, ынанымга айланбагандыктан жүрүм турумунан ачык байкалбайт. Талдоого алынган материалдар боюнча окуучулардын 17,3 процентин руханий-адептик баалуулуктары максат катары белгиленген критерийлерден

төмөн экендиги байкалды.

**7-Таблица. Эксперименталдык жана текшерүүчү топтордогу башталгыч класс окуучуларынын адептик тарбиялангандыгын 4 критерий боюнча - орточо баасын бөлүштүрүлүшү**

| Категориялар | Эксперименталдык тандоо | | | | Текшерүүчү тандоо | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *К1* | *К2* | *К3* | *К4* | *К1* | *К2* | *К3* | *К4* |
| 1 | 2,67 | 2,76 | 2,52 | 2,67 | 2,48 | 2,98 | 2,85 | 2,78 |
| 2 | 2,28 | 2,70 | 2,46 | 2,35 | 2,48 | 2,61 | 2,76 | 2,54 |
| 3 | 2,63 | 2,63 | 2,52 | 2,41 | 2,70 | 2,85 | 2,13 | 2,41 |
| 4 | 2,70 | 2,46 | 2,76 | 2,67 | 2,37 | 2,52 | 2,76 | 2,65 |
| 5 | 2,93 | 2,59 | 2,65 | 2,70 | 2,89 | 2,46 | 2,89 | 2,52 |
| 6 | 2,65 | 2,65 | 2,43 | 2,48 | 2,72 | 2,72 | 2,61 | 2,52 |
| 7 | 2,76 | 2,65 | 2,30 | 2,89 | 2,59 | 2,72 | 2,46 | 2,61 |
| 8 | 2,72 | 2,30 | 2,54 | 2,33 | 2,61 | 2,57 | 2,83 | 2,30 |
| 9 | 2,04 | 2,48 | 2,39 | 2,39 | 2,26 | 2,70 | 2,57 | 2,20 |
| 10 | 2,24 | 2,65 | 2,57 | 2,30 | 2,52 | 2,35 | 2,43 | 2,48 |

**Критерийлер:** К1 – руханий-адептик билимдер системасы; К2 – руханий-адептик сезимдер, баалуулуктарга карата сезимдер, ишенимдер, мамилелер; К3 – адептик жүрүм-турум; К4 – руханий-адептик рефлексия.

**Категориялар:** 1. «жакшылык – жамандык»; 2. «жакшы – жаман»; 3. «чын – жалган»; 4. «болот – болбойт»; 5. «сылыктык – оройлук»; 6. «кайрымдуулук – кайдыгерлик»; 7. «сабырдуулук – сабырсыздык»; 8. «элпектик – одонолук»; 9. «боорукердик – таш боордук»; 10. «марттык – сараңдык».

Ал эми 3,1 процентинин руханий-адептик баалуулуктары олуттуу тынчсызданууну жаратат. Мындай абал бардык эле ата-энелер балдарды руханий-адептик жактан тарбиялоо ишин ойдогудай аткаруудан алыстыгын, маселе алардын компетенттүүлүгүн өнүктүрүүдөн көз каранды экендигин көрсөттү.

Калыптандыруучу эксперимент 2018-2019-окуу жылында өткөрүлүп ага Ош облусунун Кара-Суу районундагы №76 “Эркин Кыргызстан” атындагы орто мектебинде, Ош шаарындагы №18 А.Навои атындагы мектеп-лицейинде, №52 “Кыргыз-Түрк достугу” атындагы мектептеринин базасында өткөрүлүп ага 44 ата-эне контролдук топко ошондой эле сандагы ата-эне эксперименталдык топко тандалып алынды. Окуучулар топторунун курамы да ошол эле сандар менен чектелди.

Калыптандыруучу эксперимент эки этаптан туруп анын жүрүшүндө башталгыч класс окуучуларынын үй бөлөнүн таасиринде руханий адептик жактан тарбиялангандыгын айкындоо жана иштелип чыккан моделди реалдуу педагогикалык процессте текшерүү, натыйжаларды баалоо иштери аткарылды.

***Алгачкы этапта*** 2018-2019-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында өтүп «Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик жактан тарбиялоонун ресурстарын активдештирүү» программасынын алкагында үй-бүлөдө башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик жактан тарбиялоочу бакубат чөйрө түзүү, ата-энелердин балдарды руханий-адептик жактан тарбиялоо боюнча теориялык жана методикалык билимдерин өнүктүрүүгө багытталды. Биринчи блоктун алкагындагы «Азыркы балдарды руханий-адептик жактан тарбиялоо чөйрөсүндөгү кризистер жана ата-энелердин ролу” деген теманын материалдары аларды өздөрүн балдарды руханий-адептик жактан өнүктүрүүнүн эң чечүүчү моралдык –психологиялык позициясын актуалдаштырууга багытталды. Бул жана башка сабактардын алкагында ата-эненин социалдык бейнеси *“насаат нуска көрсөтүүгө милдеткер субьекттер”, “турмуш жана дүйнө тааным булагы”, “элдик адеп салттардын муундан муунга өткөргүчү”, “балдардын жан дүйнөсүнүн чебер билерманы, алардын ыйманынын башатын түптөөчү эң биринчи педагог”* болушу шарт экендиги кызыл сызык менен белгиленип өттү. Экинчиден, ата-эне өз балдарын татыктуу тарбиялоо оңой олтоң иш эместиги ал үчүн тиешелүү педагогикалык билимдерди өздөштүрүп, өзүн өзү

тарбиялоонун үстүндө иштеши зарыл экендигине ынандыруу аракеттери жасалды.

Бул блоктун алкагындагы өзгөчө “Тарбиялоонун максаты жана маңызы”, “Руханий адеп-ахлактык өнүктүрүүнүн максаты, милдеттери жана мазмуну”, “Кыргыздардын адептик-этикалык салттары”, “Руханий адеп-хлактык өнүктүрүүнүн негизги багыттары”, “Руханий адеп-ахлактык өнүктүрүүнүнү куррактык баскычтары”, “Руханий адеп-ахлактык өнүктүрүүнү уюштуруунун негизги принциптери” “Үй-бүлөдө башталгыч класс окуучуларын руханий-адеп-ахлактык жактан тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү” деген лекция жана аңгемелешүү формасында өткөн иш чаралар ата-энелердин өзүнүн билимдерин толуктоо, өркүндөтүүгө өбөлгө болду. Программанын тематикалык алкактарында белгиленгендей ата-энелер үчүн билимдердин мазмунун долборлоодо руханий-адептик тарбиянын жалпы педагогикалык, этнопедагогикалык, психологиялык, методикалык аспекттерин камтууга аракет кылдык. Булактар катары жалпы теориялык багыттагы эмгектер менен катар кыргыз таалим-тарбия мейкиндигинин реалдуулуктарына адекваттуу, Б. Апышевдин “Тарбия назарияты” (1998), Н. Асипованын “Социалдык тарбия” (2004), А. Алимбековдун “Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы” (2018), Г. Мадаминовдун “Ата энелер сиздер үчүн” (2015) аттуу китептери колдонулду.

Изилдөө процесси үй-бүлөдө балдарды руханий-адеп-ахлактык жактан тарбиялооого байланыштуу билимдер канчалык көп кырдуу болгондугуна карабастан алардын компетенттүүлүктөрүнө аларды окутуу процессиндеги методдордон көз каранды болоорун ырастады.

Ошондуктан программанын практикалык бөлүгүндө ата-энелердин руханий-адептик жактан тарбиялоо багытындагы билгичтиктерин өнүктүрүү максатында үй-бүлөдө руханий-адептик кырдаалдарды талдоо, балдардын жоруктарындагы адептен четтеген көрүнүштөрдү анализдөө, адеп, ыйман темасындагы аңгеме маектерди долбоорлоо, оюн жана драма методдору (үй-бүлө турмушунан алынган олуттуу окуядагы ата-эненин позициясын,

чеберчилик дараметин ), маек жана талкуулоолор (ата эненин тарбиячылык практикасына байланыштуу фактты жана маалыматты анализдөө ыгын калыптандырууга, өзүнүн оюн билдирүүгө угууга багытталган), ата-эненин ишмердүүлүгүнө байланыштуу өзүнүн компетенттүүлүгүн өзү баалай билүү жана өзүн өзү өнүктүрүүгө дитин ыкласын буруу, руханий-адептик тарбия практикасындагы татаал дилемманын чечимин табуу, социалдык-психологиялык тренинг сыяктуу методдорго негиздендик.

«Үй-бүлөдө баланын руханий-адептик жактан тарбиялоонун ресурстарын активдештирүү» эксперименталдык программасын ишке киргизүүнүн кайтарымдуулугу тууралуу анализдин натыйжалары ал ата-энелердин өз балдарын окуучуларынын руханий-адептик тарбиялоо даярдыгына оң таасир эткендигин көрүүгө болот.

Бул натыйжаларды төмөнкүдөй көрсөткүчтөр аркылуу сыпаттоого болот: ата –энелердин балдарды ыймандык адептик жактан тарбялоонун максат, милдеттерин, натыйжасын талдоо компетенттүүлүгү мурдагыга салыштырмалуу өнүктү; балдарды руханий-адептик жактан тарбиялоону пландуу жүргүзүүгө үйрөнө башташты; руханий-адептик тарбиялоодо балдардын курактык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, балалыктын табиятына шайкеш мамиле кылуу тууралуу билимдери тереңдеди; балдарды тарбиялоодо сөз жүзүндөгү салттык методдордон башка талап коюуу, көнүктүрүү, шыктандыруу, маектешүү, тапшырма жана натыйжасын баалоо сыяктуу ыкмаларды колдонуу зарыл экендигине ынанымдары артты; өздөрүн руханий-адептик тарбиялоонун негизги үлгү ресурсу катары өнүктүрүү максатында педагогикалык адабияттарды өздөштүрүү, семинарларга катышууга карата керектөөлөрү пайда болду.

Калыптандыруучу эксперименттин экинчи этабы “Үй-бүлөдө руханий-адептик тарбиялоо” – деген программанын алкагында башталгыч класс окуучуларын руханий-адептик тарбиялоо боюнча ата-энелердин ишмердүүлүгүн уюштурууга багытталды.

Бул прграмманын алкагындагы ата-энелердин иш аракети төмөнкүдөй

багыттарда жүрдү:

1. *Руханий-адеп тарбиясына таандык түшүнүктөрүн үйрөнүү, конкреттештирүү багытындагы чакан маектерди өткөрүү.* ата-энелерге адеп темасындагы маектерди өткөрүүдө төмөнкүдөй принципиалдуу педагогикалык талаптарды эске алуу сунушталды: маектин темасын жана максатын так аныктоо; маектин темасын руханий –адеп тарбиясынын конкреттүү баалуулуктар жана балдардын турмушундагы кырдаалдарга байланыштыруу; маек үчүн тандалып алынган материалдын кыска жана таасирдүүлүгү; маектерде элдик макалдарды жана жомоктордун сюжеттерин көбүрөөк колдонуу; балдарга берилүүчү суроолордун алдын ала такталышы; маектешүү процессинде кургак, жадатма акыл насыят айтуудан качуу, балдардын өзүн ой жүгүртүүгө шыктандыруу; маекти өткөрүү үчүн ыңгайлуу учур тандоо, мажбур жолу менен өткөрбөө.

2. *Өз балдарын адамгерчиликтин, адептүүлүктүн асыл үлгүлөрүнөн сабак алууга багыттоо. ата-эне*лер бул ишти төмөнкүдөй ыкмалар аркылуу жүзөгө ашырышты: тандалып алынган үлгү, өрнөктөрдүнулуттук, адамзаттык, үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарга, жогорку моралдык ченемдерге шайкештиги; башталгыч класс окуучуларынын курактык өзгөчөлүктөрүнө дал келген фольклордук чыгармалардын, балдар адабиятынын, кинофильмдердин каармандарынын өрнөктүү жорук жосунун иргеп, тандап алуу; балдардын кырдаалдагы жүрүм-турумун коррекциялоо үчүн ата-энелердин өздөрүнүн, айылдаштарынын, тууган-туушкандарынын, курубуларынын турмушунан алынган өрнөктүү сапаттарга таянуу.

3. *Адептик жүрүм турумду калыптандыруучу түрдүү иш чараларды уюштуруу.* Бул багытта ата-энелерди бала тарабынан конкреттүү социалдык топко таандык руханий–маданий баалуулуктарды, нормаларды өздөштүрүшүнүн таасирдүү мектеби катары элдик оюндардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонууга багыттадык. Бүгүнкү кыргыз оюндарынын фонунда балдарды эмгекке, абийир, уяттуулукка, намыска чыдамкайлыкка, достук, ынтымакчылыкка, сөзгө бекем так болууга,

боорукеликке, салттык этикетти сактоого тарбиялоо мүмкүнчүлүгү кеңири оюндар арбын. Экинчиден, балдарда чынчылдык, сылыктык, кайрымдуулук, сабырдуулук, элпектик боорукердик сыяктуу сапаттарга көнүктүрүүгө багытталган багытталган турмуштук кырдаалдарды уюштурууга өзгөчө маани берилди. Мындан тышкары балдар адептик жүрүм турумга адат алдыруучу мейманга ээрчитип баруу, мейман тосууда балдарга таандык жумуштарды аткартууга тартуу, бөбөктөрүн кароого көмөк көрсөтүү, улгайган адамдарга жакшы мамиле кылып алкышын алуу сыяктуу турмуштук кырдаалдар пайдаланылды.

Калыптандыруучу эксперименттин натыйжалуулугун текшерүү үчүн башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын деңгээли аныктоочу экспериментти кошкондо үч ирет 2018-2019-окуу жылдын *башында, ортосунда, аягында* текшерүүчү көзөмөлдөн өткөрүлдү. (2-таб.)

Мурда белгиленгендей баштапкы аныктоочу эксперименттин алкагындагы текшерүүнүн натыйжалары боюнча конторолдук жана эксперименталдык топтогу окуучулардын ортосунда олуттуу айрымачылык байкалган эмес.

Калыптандыруучу эксперименттин биринчи этабындагы ирети боюнча экинчи текшерүүнүн жыйынтыктары башталгыч класс окуучуларынын руханий-адептик жактан тарбиялангандыгынын көрсөткүчтөрүндө айрым позтивдүү өзгөрүүлөр болгондугун көрсөттү. Эксперименталдык программанын алкагында ата-энелердин руханий-адептик тарбия тууралуу педагогикалык билимдеринин өнүгүшү, тарбия ишине карата көз караштарынын өзгөрүшү үй-бүлөдө педагогикалык чөйрөнүн өзгөрүшүнө өзгөргөн чөйрө балдардын адептик сапаттарынын позитивдүү багытта өнүгүшүнө таасир этээри тууралуу божомолдорубузду бекемдөөгө өбөлгө түздү.

Ошону менен бирдикте эксперименттин жүрүшү жана локалдык жыйынтыктары башталгыч класс окуучуларынын руханий-адептик жактан

тарбиялоо ишинин сапаттык көрсөткүчтөрү ата-энелердин максаттуу жана методикалык жактан негиздүү иш аракети аркылуу гана камсыз болоорун көрсөттү.

Муну үчүнчү текшерүүнүн жыйынтыктары даана көрсөтүп турат. Таблицада чагылдырылгандай башталгыч класс окуучуларынын руханий-адептик жактан тарбиялангандыгы бардык критерийлер боюнча эң азы 2, 2 балдан жогорулаган.

Мындай топко кирген окуучулардын руханий-адептик жактан тарбиялангандыгынын өнүгүшү төмөнкүдөй сапаттык мүнөздөмөлөрүнөн ачык байкалды: адамдардын жүрүм турумундагы жакшы менен жаман, ак көңүлдүк менен карөзгөйлүк, жапакечтик менен кайдыгерлик, мээнеткечтик менен жалкоолук, элпектик менен одонолук, сылыктык менен оройлук, марттык менен сараңдык, боорукерлик менен кайдыгерликтин айрымасы тууралуу түшүнүктөрү кеңейип, конкреттешип адамкерчиликтин, адептүүлүктүн эреже нормаларын ичтен ынанып кабылдап, жүрүм турумунда чын ыкластан жетекиликке алууга карата умтулуулары байкалды. Эң олутту натыйжа катары балдардагы өзүнүн жана башка балдардын жорук жосунуна рефлекция жасап ичтен толгонуу, бушайман болуп уялуу же кубаттоо сезимдери кыйла өнүккөндүк байкала баштады.

Алынган маалыматтардын салыштыруунун жыйынтыгы (2-таб.) көрсөткөндөй, калыптандыруучу эксперименттин жүрүшүндө текшерүүчү топтогу балдардын руханий-адептик жактан тарбиялангандыгынын көрсөткүчтөрү мурдагы абылынан анчейин жогорулаган эмес. Көрүнүп тургандай, критерийдин алынган сандык бөлүштүрүлүшүнө карата өзгөрүүнүн маалыматтарын колдонуу статистикалык тенденциянын мүнөзүнө ээ ($p<0,01$).

**8-таблица. Үч жолку текшерүү эксперименталдык топогу окуучулардын руханий-адептик тарбиялангандыгынын орточо бааларынын бөлүштүрүлүшү**

| Кат-его- | 1-текшерүү | | | | 2-текшерүү | | | | 3-текшерүү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | К1 | К2 | К3 | К4 | К1 | К2 | К3 | К4 | К1 | К2 | К3 | К4 |
| 1 | 2,48 | 2,98 | 2,85 | 2,78 | 2,61 | 2,98 | 2,89 | 2,80 | 2,54 | 3,04 | 2,89 | 2,80 |
| 2 | 2,48 | 2,61 | 2,76 | 2,54 | 2,52 | 2,67 | 2,85 | 2,57 | 2,54 | 2,63 | 2,85 | 2,57 |
| 3 | 2,70 | 2,85 | 2,13 | 2,41 | 2,70 | 2,89 | 3,13 | 2,43 | 2,70 | 2,89 | 3,15 | 2,43 |
| 4 | 2,37 | 2,52 | 2,76 | 2,65 | 2,39 | 2,52 | 2,76 | 2,67 | 2,37 | 2,54 | 2,78 | 2,70 |
| 5 | 2,89 | 2,46 | 2,89 | 2,52 | 2,89 | 2,46 | 2,89 | 2,52 | 2,89 | 2,46 | 2,89 | 2,52 |
| 6 | 2,72 | 2,72 | 2,61 | 2,52 | 2,72 | 2,74 | 2,63 | 2,59 | 2,74 | 2,74 | 2,63 | 2,54 |
| 7 | 2,59 | 2,72 | 2,46 | 2,61 | 2,61 | 2,72 | 2,48 | 2,63 | 2,59 | 2,76 | 2,52 | 2,61 |
| 8 | 2,61 | 2,57 | 2,83 | 2,30 | 2,61 | 2,57 | 2,83 | 2,30 | 2,65 | 2,57 | 2,85 | 2,30 |
| 9 | 2,26 | 2,70 | 2,57 | 2,20 | 2,28 | 2,70 | 2,57 | 2,22 | 2,35 | 2,70 | 2,57 | 2,24 |
| 10 | 2,52 | 2,35 | 2,43 | 2,48 | 2,52 | 2,37 | 2,46 | 2,52 | 2,54 | 2,35 | 2,48 | 2,50 |

**Критерийлер:** К1 – руханий-адептик билимдер системасы; К2 – руханий-адептик сезимдер, баалуулуктарга карата сезимдер, ишенимдер, мамилелер; К3 – адептик жүрүм-турум; К4 – руханий-адептик рефлексия.

**Категориялар:** 1. «жакшылык –жамандык»; 2. «жакшы-жаман»; 3. «чын – жалган»; 4. «болот – болбойт»; 5. «сылыктык – оройлук»; 6. «кайрымдуулук – кайдыгерлик»; 7. «сабырдуулук – сабырсыздык»; 8. «элпектик – одонолук»; 9. «боорукердик – таш боордук»; 10. «марттык – сараңдык».

Алынган натыйжалар үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоонун структуралык-функционалдык моделинин алкагындагы үй-бүлөдө руханий-адептик жактан тарбиялоо үчүн жагымдуу чөйрө түзүү, ата-энелердин балдарды максаттуу тарбиялоо багытында иш аракетин активдештирүүгө багытталган педагогикалык шарттар ишке киригизүү натыйжалуу болгондугун тастыктады.

Алынган сандык материалдын графикалык сүрөттөлүшү текшерүүчү тандоого кирген башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын абалындагы текшерүүчү өлчөмдөрдүн үч чекитиндеги айрым айырмачылыктарды белгилөөгө мүмкүнчүлүк берет (2-сүрөт).




а) 1-критерий




б) 2-критерий




в) 3-критерий




г) 4-критерий

**2-сүрөт.** 3 текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча текшерүүчү тандоодогу окуучулардын тарбиясынын орточо маанисин графикалык бөлүштүрүү:1-критерий- руханий-адептик муктаждыктарды канааттандыруу боюнча өз алдынча ишмердүүлүктү камсыздоочубилимдер системасы; 2-критерий- руханий-адептик баалуулуктарды карманууга карата мамилелер; 3-критерий – практикада руханий-адептик билимдерди, жөндөмдөрдү, көндүмдөрдү колдонуу; 4-критерий – руханий-адептик баалуулуктарды тутунуу позициясынан жүрүм-турумун аңдоо.

Текшерүүчү тандоодогу башталгыч класстын окуучуларынын тарбиясынын графикте берилген каралып жаткан төрт орточо маанисин визуалдык салыштыруу алардын ортосундагы айрым ажырымды аныктоого

мүмкүндүк берет, б.а. алынган чийиндер бири-бирине дал келбейт. Ошону менен бирге эле, аталган айырмачылык анчейин деле чоң эме с.

Текшерүүчү тандоодогу үч текшерүүнүн натыйжаларын $x^2$ критерийинин жардамы менен критериалдык салыштыруу статистикалык жактан маанилүү болуп эсептелбейт. Ошентип, эксперименталдык тандоонун үстүндө жүргүзүлгөн калыптандыруучу эксперименттин жүрүшүндө башталгыч класстын окуучуларынын турмушунда, жалпысынан, алардын руханий-адептик тарбиясынын абалын өзүнөн өзү эле өзгөртүүгө өбөлгө түзүүчүэч кандай окуя болгон жок.

Текшерүүчү тандоону түзгөн окуучулардын тарбиясынын абалынын өзгөрүүсүз экендигин аныктоо менен, биз эксперименталдык тандоону түзгөн башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын өзгөрүүсүндөгү өзгөчөлүктөрдү кылдат изилдеп чыкмакчыбыз. №1 жана №2 текшерүүнүн натыйжаларын салыштырабыз (9-таблица).

Ар бир критерий боюнча окуучулардын тарбиясынын деңгээлин мүнөздөөчү орточо маанилерди жуптук салыштыруу башталгыч класстын окуучуларынын билиминде руханий-адептик баалуулуктардын мазмуну тууралуу көбүрөөк өзгөрүүлөр болгондугун көрсөтүп турат. Мындай өнүм 5-категория (сылыктык-оройлук) боюнча минималдык 0,85 баллдан 9 категория (боорукердик-таш боордук) боюнча 1,92 балл максималдык чоңдукка чейинки өсүшкө ээ.

Башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик баалуулуктар тууралуу өз билимдерин колдонуу критерийи боюнча өнүмдүн эң кичине экендиги белгиленди. Көрүнүп тургандай, башталгыч класстын окуучуларына өзүнүн жүрүм-турумунда «жакшы-жаман» абстракттуу категориясын жетекчиликке алуу кыйынчылыкка турду (өнүм 0,85 баллды түздү). Адептик жүрүм-турумдун эң жогорку өнүмү «жакшылык-жамандык» (0,98 балл) жана «болот-болбойт» (0,98 балл) категориясы боюнча белгиленди.

**9-таблица. – №1-3 текшерүү боюнча эксперименталдык тандоодогу башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын орточо баасын бөлүштүрүү**

| Категориялар | 1-текшерүү | | | | 2-текшерүү | | | | 3-текшерүү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **К1** | **К2** | **К3** | **К4** | **К1** | **К2** | **К3** | **К4** | **К1** | **К2** | **К3** | **К4** |
| 1 | 2,67 | 2,76 | 2,52 | 2,67 | 3,61 | 3,70 | 3,50 | 3,61 | 4,74 | 4,76 | 4,74 | 4,74 |
| 2 | 2,28 | 2,70 | 2,46 | 2,35 | 3,24 | 3,65 | 3,33 | 3,35 | 4,65 | 4,78 | 4,63 | 4,65 |
| 3 | 2,63 | 2,63 | 2,52 | 2,41 | 3,50 | 3,59 | 3,43 | 3,39 | 4,67 | 4,78 | 4,70 | 4,63 |
| 4 | 2,70 | 2,46 | 2,76 | 2,67 | 3,67 | 3,43 | 3,74 | 3,65 | 4,80 | 4,74 | 4,87 | 4,78 |
| 5 | 2,93 | 2,59 | 2,65 | 2,70 | 3,78 | 3,54 | 3,59 | 3,67 | 4,76 | А,12 | 4,76 | 4,85 |
| 6 | 2,65 | 2,65 | 2,43 | 2,48 | 3,57 | 3,59 | 3,39 | 3,46 | 4,74 | 4,83 | 4,72 | 4,72 |
| 7 | 2,76 | 2,65 | 2,30 | 2,89 | 3,72 | 3,57 | 3,26 | 3,87 | 4,85 | 4,76 | 4,63 | 4,89 |
| 8 | 2,72 | 2,30 | 2,54 | 2,33 | 3,65 | 3,26 | 3,48 | 3,30 | 4,78 | 4,70 | 4,63 | 4,59 |
| 9 | 2,04 | 2,48 | 2,39 | 2,39 | 3,96 | 3,41 | 3,35 | 3,37 | 4,93 | 4,72 | 4,74 | 4,80 |
| 10 | 2,24 | 2,65 | 2,57 | 2,30 | 3,17 | 3,63 | 3,52 | 3,17 | 4,61 | 4,74 | 4,76 | 4,70 |
| | *25.59* | *25,87* | *25,14* | *25,19* | | | | | | | | |

*Белгиленишии:*

**Критерийлер:** К1 – руханий-адептик билимдер системасы; К2 – руханий-адептик сезимдер, баалуулуктарга карата сезимдер, ишенимдер, мамилелер; К3 – адептик жүрүм-турум; К4 – руханий-адептик рефлексия.

**Категориялар:** 1. «жакшылык – жамандык»; 2. «жакшы – жаман»; 3. «чын – жалган»; 4. «болот – болбойт»; 5. «сылыктык – оройлук»; 6. «кайрымдуулук – кайдыгерлик»; 7. «сабырдуулук – сабырсыздык»; 8. «элпектик – одонолук»; 9. «боорукердик – таш боордук»; 10. марттык – сараңдык.

Жалпысынан, экспериментке катышкан башталгыч класстын окуучуларынын тарбиясынын деңгээлин №2 текшерүүгө карата төрт категориянын орточо маанисинин өнүмүнүн чоңдугунун төмөндөшү менен ыраattуу түргө ээ: К1 (руханий-адептик муктаждыктарды канааттандыруу

боюнча өз алдынча ишмердикти камсыздоочу билимдер системасы), К4 (руханий-адептик баалуулуктарды кармануу позициясынан жүрүм-турумду аңдоо), К2 (руханий-адептик баалуулуктарды кармануга карата мамилелер), К3 (иш жүзүндө руханий-адептик билимдерди, жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү пайдалануу).

Ошентип, үй-бүлөлүк чөйрөнүн өзүн жана ата-энелердин балдарына болгон мамилесин өзгөртүүгө багытталган калыптандыруучу эксперименттин баштапкы этабында эле башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын абалына позитивдүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө өбөлгө түздү. Үй-бүлөлүк чөйрөнүн өзгөрүүгө көбүрөөк дуушар болгон жери баланын таанып билүүсү. Ата-энесинин мамилесинде, башка адамдарга ж.б. болгон мамилесинде позитивди сезүү менен бала негизги руханий-адептик категориялар тууралуу өзүнүн түшүнүктөрүн байытат. Алар ата-энелерине окшошууга аракет кылуу менен, руханий-адептик баалуулуктарды аркалоо көз карашынан өзүнүн жүрүм-турумун аңдай баштайт (рефлексиялайт).

Ошону менен бирге эле, балага максаттуу багытталган тарбиялык таасирдин жоктугунда үй-бүлөлүк чөйрөнүн өзгөрүүсү анын жүрүм-турумунда руханий-адептик баалуулуктарды пайдалануу тажрыйбасын өздөштүрүүгө мүмкүндүк бербейт. Башталгыч класстын окуучуларынын тарбиясынын деңгээлинде өзүнөн өзү болуп жаткан өзгөрүүлөр маанилүү бойдон калууда, бул баланын жагымдуу үй-бүлөлүк чөйрөгө баланы жайгаштырып коюу эле жетиштүү экендигин айтууга мүмкүндүк бербейт. Көрүнүп тургандай, критерийдин алынган сандык бөлүштүрүлүшүнө карата өзгөрүүнүн маалыматтарын колдонуу статистикалык тенденциянын мүнөзүнө ээ ($p<0,05$). Аталган тенденцияны өнүктүрүү, бекемдөө жана аны мыйзам-ченемдүүлүккө айландыруу «Руханий-адептүү идеал» программасынын алкагында практикада руханий-адептик баалуулуктарды колдонууга карата баланын даярдыгын калыптандыруу багытында ата-энелери тарабынан балага тарбиялык таасир этүүчү максатты караган

калыптандыруучу эксперименттин экинчи, негизги этабы мүмкүнчүлүк берди деп айтууга болот.

Демек, алынган натыйжалардын негизинде биз иштеп чыккан «Руханий-адептүү идеал» программасы башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын деңгээлинин статистикалык туруктуу өсүүсүнө алып келет деген жыйынтык чыгарууга болот.

Ата-энелердин максат багыттуу тарбиялык аракеттери башталгыч класстын окуучуларынын жүрүм-турумун аңдоосунун өсүүсүнө өбөлгө түздү. Руханий-адептик принциптерге негизделген жүрүм-турумга карата маалыматтуулуктун жана позитивдүү мамиле олуттуу өсүүгө дуушар болду. Өзгөрүүлөрдөгү белгиленген артыкчылыктар №2 текшерүү этабындагы биз аныктаган өзгөрүүлөрдөн айырмаланып турат. Алынган эмпирикалык материалдардын негизинде ата-энелердин башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик чөйрөсүнө максаттуу түрдө таасир этүүсү өзүнүн натыйжасы боюнча ага жагымдуу үй-бүлөлүк чөйрөнүн пассивдүү таасиринен натыйжалары боюнча айырмаланып турат. Мындай өзгөрүүлөр комплекстүү мүнөзгө ээ болуп, базалык руханий-адептик баалуулуктарга карата баланын маалымдуулугуна эле эмес, руханий-адептик баалуулуктарды аткаруу көз карашынан өз жүрүм-турумун аңдоого да, ошондой эле аларды өзүнүн күнүмдүк ишмердигинде реалдуу пайдалануусуна да тиешелүү. Аталган көрүнүштөр башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын калыптангандыгы тууралуу күбөлөндүрүп турат.

Текшерүүчү тандоодогу башталгыч класстын окуучуларында калыптандыруучу эксперимент учурунда руханий-адептик тарбиясындагы деңгээлинде анчейин байкаларлык өзгөрүүлөр болгон жоктугун эске алуу менен биз белгилеген балдардын тарбиялык абалындагы эксперименталдык тандоодогу позитивдүү өзгөрүүлөр биз жүргүзгөн калыптандыруучу иштин натыйжасы болуп эсептелет.

Ошентип, биз жүргүзгөн калыптандыруучу эксперимент натыйжалуу болуп чыкты. Биз жетишкен позитивдүү өзгөрүүлөр үй-бүлөдө башталгыч

класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясына өбөлгө түзүүчү биз иштеп чыккан «Руханий-адептүү идеал» программасынын эффективдүүлүгүн тастыктоого мүмкүндүк берди.

## 3.3. Үй-бүлөдө окуучуларга руханий-адептик тарбия берүү боюнча эксперименттик иштердин жыйынтыгы

Педагогикалык эксперименттин баштапкы баскычынын *максаты* – башталгыч класс курагындагы балдардын руханий-адептик тарбиясынын деңгээлинин алгачкы деңгээлин изилдөө.

Биз башталгыч класс курагындагы балдардын руханий-адептик тарбиясы балдардын руханий-адептик жүрүм-турумун ишке ашырууга даярдыгынын маалыматтык, мотивациялык, ишмердиктик компоненттеринин бирикмесин билдирет деген *жоромолду* текшердик, мында үй-бүлөлүк тарбия берүү шарттары менен байланышкан бузулуулар көрүнүшү мүмкүн.

Коюлган максатка ылайык аталган жоромолду текшерүү төмөнкү *изилдөө милдеттерин* чечүүнү караган:

1. башталгыч класс курагындагы балдардын руханий-адептик жүрүм-турумду ишке ашырууга даярдыгынын абалын аныктоо;

2. башталгыч класс курагындагы балдардын руханий-адептик тарбиясындагы бузулууларды аныктоо жана аларды ачып берүү;

3. руханий-адептик тарбиянын калыптануусу боюнча башталгыч класс курагындагы балдардын тобун белгилөө;

4. башталгыч класс курагындагы балдардын руханий-адептик тарбиясы менен үй-бүлөлүк шарттын ортосундагы изилденип жаткан тарбия ишке ашырылуучу байланышты белгилөө.

Изилдөө башталгыч класс курагындагы балдары бар 180 үй-бүлөнүн бзасында жүргүзүлдү. Биздин экспериментте катышуу шарты катары 7 жаштан 9 жашка чейинки баласы бар үй-бүлөнүн болушу эсептелет.

Белгиленген милдеттерди чечүү үчүн биз изилдөө усулдарынын төмөнкү комплексин пайдаландык:

– диагностикалык усулдар – А.Я. Варганын ата-энелик мамилелер диагостикасынын методикасы, көйгөйлүү кырдаалдарды анализдөө жана адептик мазмундагы маселелерди чечүү (моралдык диллема), диагностикалык тесттик картасы;

– педагогикалык усулдар – балдардын жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүүнү камтыган аңгемелешүү;

– праксиметрикалык усулдар – ата-энелердин тарбиялык ишмердигин изилдөө жана жалпылоо, балдардын жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрүн иликтөө.

Белгиленген усулдарга жана аларды пайдалануунун натыйжаларына мүнөздөмө беребиз.

А.Я. Варганын (РОП) ата-энелик мамилелердин диагностикасынын методикасы.

Аталган методика үй-бүлөлүк мамилелер жаатында эрежелерди изилдөгө багытталган. Ал методикадагы саналып өткөн функциялар, ошондой эле аталган функцияларды ишке ашырууда жубайлар ортосунда ролдорду бөлүштүрүүнү каалоосу тууралуу субъекттин пикирин изилдөөгө багытталган.

Ата-энелерге нике, үй-бүлө, аялы менен күйөөсүнүн ортосундагы мамилелер сыяктуу ар кандай пикирлер бар бланк берилет. Бул боюнча аларга: а) толугу менен кошулам; б) жалпысынан, бул туура; в) бул таптакыр эле андай эмес; г) бул туура эмес деген төрт вариантка таянуу менен өзүнүн жеке пикирин айтуусу сунушталат. Жыныстык тиешелүүлүгүнө жараша методиканын аялдарга же эркектерге ылайыкталган варианты тандалат. Тапшырманы аткарууга 20-25 мүнөт берилет.

Кийинки экспериментте каралып жаткан үй-бүлөлүк функциялар боюнча уюлдук мааниге ээ болушкан үй-бүлөлөрдүн көрсөткүчтөрү гана эске алынды (жогорку деңгээл – төмөнкү деңгээл). Ар бир жуп чакан топтон

(подгруппадан) алынган сандык тутумдун анализи анын саны салыштыруу үчүн жетиштүү экенин көрсөттү.

Үй-бүлөлүк функциянын методикасынын жардамы менен белгиленүүчү ар түрдүүлүгү алардын кайсынысы өзүнүн маанисинин кандай уюлунда үй-бүлөдө баланын руханий-адептик тарбиясына таасир этет.

Мындан тышкары, маанилүү болуп башталгыч класс курагындагы балдарга карата үй-бүлөдө колдонулуучу тарбия берүүнүн стили каралды.Ата-энелик тарбия стилдеринин кеңири таралган бөлүштүрүлүшү авторитардык, демократиялык жана либералдык-кайдыгерсиздик стилдерди бөлүп карайт. Аталган стилдердин ар бири бала инсандын өнүгүүсүнө таасир этүүчү өзүнүн өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт.

Элестетилген карама-каршылыкка карабастан, кайдыгер жана авторитардык баарлашуу стилдеринин жалпы өзгөчөлүктөрү болуп аралыктан мамилелер, ишенимдин жоктугу, ачыктан ачык эле өзгөчөлөнүү, өзүнчөлөнүү, өзүнүн доминанттык абалын баса белгилөө эсептелет.

Демократиялык стилде ата-энелерди тарбиялоо баланын карым-катышуудагы субъекттик ролуна, ар бирин жалпы ишти чечүүгө тартууга багытталган. Аталган стилдин негизги өзгөчөлүгү – ич ара кабылдоо жана өз ара багытталуу. Пайда болуучу маселелерди ачык жана эркин талкуулоонун натыйжасында бала ата-энеси менен биргеликте тигил же бул чечимге келет. Тарбиялоонун демократиялык стили – ата-эне менен баланын жакын мамилелерин уюштуруунун реалдуу ыкмасы.

Бул стилди карманган ата-эне үчүн балага карата активдүү-оң мамиле, алардын мүмкүнчүлүктөрүнүн, ийгиликтеринин жана каталарынын адекваттуу баа берүүсү мүнөздүү. Алар баласы үчүн кеңешчинин, жардамчынын, досунун да милдетин аткарышат. Алар үчүн балага кошо тынчсыздануу, аны менен кошулуп анын турмушунда болуп жаткан окуяларга аралашуу мүнөздүү. Демократиялык стилде ата-энесинин тарбиясы балдарды чыгармачылыкка, демилгеге стимул берип, өзүн өзү ишке ашыруусуна шарттарды уюштуруп берет.

Үй-бүлөлүк тарбиянын реалдуу практикасында көпчүлүк учурда «аралаш» стилдер мааниге ээ. Ата-энелер көбүнчө, тарбиялоонун авторитардык стилинин айрым ыкмаларын өз арсеналынан толугу менен алып салууга күчтөрү жетпейт.

Белгиленген стилдер үчүн критериалдык көрсөткүчтөр катары төмөнкүлөрдү айтууга болот: балдар менен кызматташуу, кошо тынчсыздануу, алар менен биргелешип ишмердик жүргүзүүсүн айтууга болот. Алардын үй-бүлөдө орун алышына жараша 0дөн (тарбиялоо стилин колдонуунун минималдык деңгээли) 5ке (тарбиялоо стилин колдонуунун максималдык деңгээли) чейинки баллдар берилген.

Үй-бүлөдө колдонулуучу стилди аныктоо үчүн биз *ата-энелер менен аңгемелешүү* жүргүздүк.

Аңгемелешүү усулдары – бул кандайдыр бир нерсени түшүнүүдө кызыктыруучу аспектилери, кандайдыр бир кырдаалдардагы жүрүм-турум, турмуш-тиричиликти кандайдыр бир жак (жактар) тарабынан уюштуруу ж.б. боюнча, изилдөөчү менен изилденүүчү ортосундагы суроо-жооп карым-катышуусунун негизинде маалымат топтоого мүмкүндүк берүүчү педагогика илиминин базалык усулдарынын бири болуп эсептелет.

Аңгемелешүүнүн өзгөчөлүгү жана башка психологиялык изилдөө усулдарынан артыкчылыгы изилдөөчү изилденүүчү менен түздөн-түз байланышка чыккандыгында. Бул ишке бир катар кошумча факторлорду тартууга мүмкүндүк берет. Мисалы, респонденттин атылып жаткан маалыматты тактоого, анын сөз болуп жаткан кырдаалга карата мамилесин аныктоого мүмкүндүк берүүчү вербалдык эмес аракеттери ж.б. Аңгемелешүүнү жүргүзүүдө изилдөөчүгө коюлуучу негизги талап – бул коммуникация процессинин табигый өтүүсүнө өбөлгө түзүүчү психологиялык климатты түзүү жөндөмү эсептелет.

Аңгемелешүүнүн жүрүшүндө төмөнкүдөй болжолдуу суроолор коюлду:

1.Сиз кандай деп ойлойсуз, ата-эне үчүн эмне маанилүү:

а) баланын жүрүм-турумун көзөмөлгө алуубу же аны менен өз ара түшүнүү мамилелерин орнотуубу?

б) баланын материалдык муктаждыктарынын баарын толук канааттандыруубу же анын турмушунда ар дайым жанында болуп, күн сайын анын турмушунда болуп жаткан нерселерге аны менен кошо түйшөлүүбү?

1. Сиз бала менен канча убакытты бирге өткөрөсүз (күн сайын, жумасына, айына)?

2. Акыркы жумада сиздин балаңыз менен кандай маанилүү окуялар болуп өттү?

3. Бала дем алышта, каникулда кайда бараары ж.б. тууралуу чечимди Сиз кантип кабыл аласыз?

4. Баланы тарбиялоодо Сиз кандай стратегияны кармanasыз?

Ата-энеси менен аңгемелешүүнүн жыйынтыгы боюнча алардын тандоосу үч подгруппага бөлүндү: тарбиялоонун авторитардык стили менен үй-бүлөлөр – 54, демократиялык тарбиялоо стили менен үй-бүлөлөр – 69, тарбиялоонун либералдык стили менен үй-бүлөлөр – 57.

Балдардын руханий-адептик тарбиясын баалоо үчүн усулдардын комплекси колдонулду: көйгөйлүү кырдаалдарды анализдөө жана адептик мазмундагы маселелерди чечүү (моралдык диллемалар), диагностикалык тесттик карта жана аңгемелешүү.

*Көйгөйлүү кырдаалдары анализдөө жана адептик мазмундагы маселелерди чечүү (моралдык диллемаларды)* изилдөөчү балдардын өзүнүн жүрүм-турумуна жана башка адамдардын жүрүм-турумуна шарттуу түрдө колдонууга сунуштаган кырдаалда алар жасаган тандоонун негизинде балдардын өзгөчөлүктөрүн изилдөөнүн педагогикалык усулдарын билдирет.

Балдарга ой жүгүртүү үчүн төмөнкүдөй тапшырмалардын пакети сунушталат:

4.1. Дем алыш күнү үй-бүлө шаар четинде жаратылышка чыкты. Үй-бүлө кайтып кеткенде, алардын ордунда абдан көп таштанды калган. Мындай жүрүм-турумду кантип баалоого болот?

4.2. Мышыктын бир нече баласы туулду. Аларды эшикке таштап салышты. Мындай жүрүм-турумду кантип баалоого болот?

4.3. Үйлөрдүн дубалдарында айрым окуучулар графикалык сүрөттөрдү тартышат, муну менен алар тышкы келбеттин сулуулугун жана тыкандыгын бузушат. Мындай жүрүм-турумду кантип баалоого болот?

4.4. Мектепте балдар үйүнүн тарбиялануучуларына жардам акциясы жүргүзүлдү. Сен аларга жакшы көргөн китебиңди бере аласызбы?

4.5. Көчөдө бир адам кулап калганын көрдүң. Сен ага жардам бересиңби?

4.6. Эгер сага орой сүйлөп кайрылса, сен аларга жооп бересиңби?

4.7. Жакшылыкка жооп иретинде кандай сезимдер пайда болот? Жамандыккачы? Одоно мамилегечи? Кайдыгерликке? Оройлукка?

4.8. Кандай учурларда сен кайрымдуулук кылууга даярсың? Боорукерликчи? Марттыкчы?

Балдардын жоопторунун негизинде изилдөөчү беш баллдык шкала боюнча баа берет:

4.8.1. мазмунду түшүнүү

4.8.2. мамиле

4.8.3. пайдалануу

4.8.4. балдардын түшүнүүсү

Төмөнкү руханий-адептик баалуулуктарды: «жакшылык-жамандык», «жакшы-жаман» «чын-жалган», «болот-болбойт», «сылыктык-оройлук», кайрымдуулук-кайдыгерлик», «сабырдуулук-сабырсыздык», «элпектик-кара мүртөздүк», «боорукердик-таш боордук», «марттык-сараңдык».

Балдардын руханий-адептик тарбиясынын абалын так каттоого алуу үчүн ата-энелерге диагностикалык тесттик картаны толтуруу сунушталат.

Башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууга даярдыгын изилдөө үчүн диагностикалык тесттик карта И.П. Раченко тарабынан педагогдордун ишмердигин баалоо үчүн сунуштаган диагностикалык тесттик картасынын негизинде иштелип чыккан изилдөө

инструментарийин билдирет. Изилдөө инструменти катары диагностикалык тесттик картаны тандоо анын жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжаларын бекемдөөнүн документалдык формасы катары ишенимдүүлүгү менен шартталган. Аталган ишенимдүүлүк анын педагогикалык практикада жайылтылуу жана колдонулуу жыштыгы менен тастыкталып турат. Мындан тышкары, диагностикалык карта анын экспресс-сурамжылоонун өзгөчө варианты катары колдонууда ыңгайлуулугу менен да мүнөздөлөт.

Бирок диагностикалык тесттик картанын мазмуну жана жүргүзүү методикасы биздин изилдөөлөрүбүздө каралган маселелерге карата толугу менен өзгөртүлгөн (1-тиркеме). Биздин изилдөөлөрүбүздө карта башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик жүрүм-турумду ишке ашырууга карата даярдыгын изилдөө үчүн колдонулду.

Башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик баалуулуктарды ишке ашырууга карата даярдыгын баалоонун диагностикалык тесттик картасы баалоонун негиздеринин (параметрлеринин) төрт тобунан турат, алар биз белгилеген: маалыматтык, мотивациялык, ишмердиктик жана рефлексивдик критерийлерге туура келет. Негиздердин ар бир тобу, өз кезегинде, өзүндө аталган группанын мазмунун ачып берүүчү параметрлердин комлпекстик деңгээлдерин камтыйт.

Диагностикалык картадагы биринчи критерий болуп балдардын руханий-адептик керектөөлөрүн канааттандыруу боюнча өз алдынча ишмердигин камсыздоочу билимдердин системасы эсептелди.

Төмөнкү базистик руханий-адептик категорияларды түшүнүүсүн баалоо жүргүзүлдү:

1.1. «жакшылык – жамандык»;

1.2. «жакшы – жаман»;

1.3. «чын – жалган»;

1.4. «болот – болбойт»;

1.5. «сылыктык – оройлук»;

1.6. «кайрымдуулук – кайдыгерлик»;

1.7. «сабырдуулук – сабырсыздык»;

1.8. «элпектик – одонолук»;

1.9. «боорукердик – таш боордук»;

1.10. «марттык – сараңдык».

Экинчи критерий менен балдардын руханий-адептик баалуулуктарды аткарууга мамилеси аныкталган:

2.1. «жакшылык – жаманык»;

2.2. «жакшы – жаман»;

2.3. «чын – жалган»;

2.4. «болот – болбойт»;

2.5. «сылыктык – оройлук»;

2.6. «кайрымдуулук – кайдыгерлик»;

2.7. «сабырдуулук – сабырсыздык»;

2.8. «элпектик – одонолук»;

2.9. «боорукердик – таш боордук»;

2.10. «марттык – сараңдык».

Үчүнчү критерий катары башталгыч класстын окуучусунун руханий-адептик билимдерди, жөндөмдөрдү жана көндүмдөрдү практикада колдонуусу каралды:

3.1. «жакшылык – жамандык»;

3.2. «жакшы – жаман»;

3.3. «чын – жалган»;

3.4. «болот – болбойт»;

3.5. «сылыктык – оройлук»;

3.6. «кайрымдуулук – кайдыгерлик»;

3.7. «сабырдуулук – сабырсыздык»;

3.8. «элпектик – одонолук»;

3.9. «боорукердик – таш боордук»;

3.10. «марттык – сараңдык».

Төртүнчү критерий катары баланын руханий-адептик баалуулуктар позициясынан жасалган жүрүм-турумун түшүнүүсү эсептелди:

4.1. «жакшылык – жамандык»;

4.2. «жакшы – жаман;

4.3. «чын – жалган»;

4.4. «болот – болбойт»;

4.5. «сылыктык – оройлук»;

4.6. «кайрымдуулук – кайдыгерлик»;

4.7. «сабырдуулу – сабырсыздык»;

4.8. «элпектик – одонолук»;

4.9. «боорукердик – таш боордук»;

4.10. «марттык – сараңдык».

Баалоо үчүн ата-энелерге баллдарды төмөнкүдөй «толуктоо» («наполнение») сунушталды:

– «5» балл – норма, мүнөздөмөнүн толугу менен калыптанышы;

– «4» балл – оптималдык деңгээл, үлгү нормага максималдуу жакындатылган деңгээл;

– «3» балл – оптималдуу деңгээлден анчейин маңыздуу эмес бир катар алыстоолорго ээ жетиштүү деңгээл;

– «2» балл – оптималдуу деңгээлден бир катар негиздери боюнча кыйла артта калган чекке жеткен деңгээл;

– «1» балл – изилденип жаткан мүнөздөмөнүн оптималдуу деңгээлинен толугу менен четте калган жетиштүү эмес деңгээл.

Ата-энелери тарабынан диагностикалык карта толтурулгандан кийин алардын ар бири менен изилдөөчү тактоо аңгемелешүүсүн жүргүзөт. Мындай аңгемелешүү ата-энесинин балдарындагы руханий-адептик тарбиялуулуктун күнүмдүк турмуштагы жүрүм-турумун байкоого алган конкреттүү фактылар менен дал келтирүүгө мүмкүндүк берди.

Башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын абалы тууралуу изилдөөчү бир нече усулдарды пайдалануунун натыйжасын жалпылоонун негизинде жыйынтыктоочу корутунду жасады:

1) көйгөйлүү кырдаалды анализдөөнүн жана адептик мазмундагы маселелерди чечүүнүн алкагында башталгыч класстын окуучулары менен жүргүзүлүүчү жеке иши;

2) диагностикалык тесттик карталардын ата-энелер тарабынан толтурулушу;

3) күнүмдүк турмуш тиричиликте руханий-адептик принциптерди кармануу көз карышынан алганда балдардын жүрүм-турумундагы өзгөчөлүктөр тууралуу ата-энелер менен тактоо аңгемелери.

Белгиленген натыйжаларды жалпылоонун негизинде изилдөөчү тарабынан ар бир балага анын руханий-адептик баалуулуктарды кармануюга даярдыгын мүнөздөөчү диагностикалык тесттик карта толтурулат.

Ар бир 4 категориянын (маалыматтык, мотивациялык, баалуулук, рефлексивдик) ичиндеги руханий-адептик баалуулуктарга туура келүүчү 10 шкаланын бааларын жана ошондой эле бул ар бир категория боюнча орточо бааларды бөлүштүрүү иликтөөгө алынды («жакшылык-жамандык», «жакшы-жаман», «чын-жалган», «болот-болбойт», «сылыктык-оройлук», «кайрымдуулук-кайдыгерлик», «сабырдуулук-сабырсыздык», «элпектик-одонолук», «боорукердик-таш боордук», «марттык-сараңдык»).

Алынган натыйжаларга ылайык, башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын компоненттеринин калыптануусунун орточо мааниси 3 баллдан ашпайт (1-таблица).

Мындай чоңдук 2 баллдык (оптималдык деңгээлден олуттуу четтөөлөргө ээ болгон бир катар негиздер боюнча чекке жеткен деңгээл) же 1 баллдык деңгээлдеги (изилденүүчү мүнөздөмөнүн оптималдык деңгээлинен толугу менен четтеген жеткиликтүү эмес деңгээл) башталгыч класстын окуучуларынын көпчүлүгү руханий-адептик тарбиянын өнүгүүсүнө ээ болгондугунан кабар берет.

**3.1-таблица. – Башталгыч класстын окуучуларынын руханий-адептик тарбиясынын компоненттеринин калыптануусунун орточо баллдарынын бөлүштүрүлүшү (*жыйынтыктоочу вариант*)**

| **Критерийлер** | **Руханий-адептик баалуулуктар** | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **10** |
| Маалыматтык | **2,6** | **2,8** | **2,8** | **2,8** | **2,7** | **2,7** | **2,5** | **2,5** | **2,5** | **2,6** |
| Мотивациялык | **2,6** | **2,6** | **2,6** | **2,7** | **2,5** | **2,5** | **2,5** | **2,5** | **2,5** | **2,5** |
| Ишмердиктик | **2,6** | **2,6** | **2,5** | **2,7** | **2,5** | **2,4** | **2,4** | **2,5** | **2,4** | **2,4** |
| Рефлексивдик | **2,4** | **2,5** | **2,3** | **2,5** | **, 2,6** | **2,3** | **2,3** | **2,2** | **2,3** | **2,2** |

Руханий-адептик баалуулуктарды белгилөө: *1* – «жакшылык-жамандык»; 2 – «жакшы-жаман»; 3 – «чын-жалган»; 4 – «болот-болбойт»; 5 – «сылыктык-оройлук»; 6 – «кайрымдуулук-кайдыгерлик»; 7 – «сабырдуулук-сабырсыздык»; 8 – «элпектик-одонолук»; 9 – «боорукердик-таш боордук», 10 – «марттык-сараңдык».

Алынган бөлүштүрүүнү мындан да деталдуу карайлы. Ар бир критерий боюнча белгиленген орточо баллды сап-сап боюнча суммалайбыз.

Натыйжа төмөнкүдөй:

- маалыматтык критерий – 26,5 балл;
1. Бири-бириңерди уга билгиле. Бул сүйлөп жаткан адамга кароо жана анын сөзүн бөлбөө зарылчылыгын билдирет. Кимдир-бирөө сүйлөп бүтсө, андан кийинки сүйлөй турган адам өз оюн түшүндүрөөрдөн мурун ага чейинки айтылган сөздөрдү кыскача кайталайт. Сүйлөп жаткан адамдын көңүлүн өзүнө буруу үчүн дискуссиянын жүрүшүндө колдон колго өтүүчү кандайдыр бир предмет колдонулат (мисалы, кол топ). Кимдир бирөө сүйлөп жатканда калгандары унчукпай угушат.

2. Ток этер жерин айткыла. Кээде катышуучулар талкууга алынып жаткан темадан алыстап кетишет. Катышуучун оңдоп тургандын ордуна дискуссиянын жетекчиси бул учурда минтип айтышы мүмкүн: «Мен бул нерсе биздин тема менен кантип байланышкандыгын түшүнө албай турам. Эмнени айтып жатканыңды түшүндүрүп бере аласыңбы?».

3. Сый менен мамиле кылгыла. Айтылып жаткан сөздөрүндөгү ачык-айрымдуулук окуучулар кимдир бирөөнүн пикирине кошулбаган учурда, жана ал айтылган пикирдин негизинде башка адамдарга карата баа берүүгө жол берилбеген учурда пайда болот.

4. "нөл-нөл" мыйзамы (пунктуалдуулук тууралуу). Катышуучулардын баары белгиленген учурда чогулушу керек.

5. Конфиденциалдуулук. Сабакта болгон нерселер катышуучулардын ортосунда гана калат.

6. "Токто" эрежеси. Эгер катышуучулардын кандайдыр бир жеке тажрыйбасын тандоо жагымсыз же кооптуу боло турган болсо, ошол тажрыйбасы талкууга алынып жаткан адам «токто» деп теманы жаап сала алат.

7. Ар ким өзү үчүн жооп берет, өз атынан сүйлөйт. «Баары … деп эсептейт», ал эми «Мен … деп эсептейм» ж.б. деп айтуу керек.

**Көнүгүү:** ***«Досуңдун каалоосу»***

Көнүгүү биргелешкен иш алып баруунун максатын жана күтүүлөрүн аныктоо үчүн өзүнүн сабакка катышуусунун маңызын ачып берүү үчүн топтун катышуучулары үчүн кызмат кылат.

Ар бир катышуучуга өзүнүн көңүлүн топто иштөөнүн маанисине жана максатына буруусу сунушталат. Андан соң позитивдүү өзгөрүүлөргө кызыкдар болгон маанилүү адамды тааныштыруу сунушталып, анын топтук сабакка катышуусунан ал эмне күтөөрүн жоромолдоого болот. Андан соң эки өзгөчө маанилүү каалоо түзүлөт. Катышуучуларга жазып алгандарын башка катышуучулардын жазуулары менен салыштыруу сунушталат. Топтун күтүүлөрү тренингдин милдеттери менен салыштырылат.

## ИНСАНДЫК ӨСҮҮ ТРЕНИНГИ

**Көнүгүү:** ***«Сиздин МЕНдин сыйкырдуу оюму».***

***Тапшырма:*** түстүү кагаздардан анча чоң эмес сегиз тегеректи кесип алып, бир айлананын ичинде кагаз бетинде жайгаштырабыз. Мунун баары – сиздин МЕНдин оюму. Аны карап туруп, анын бардык элементтери сизге канчалык тааныш жана аларды сиз турмушуңузда кантип колдоносуз, ойлонуп көрүңүз. Өзгөчө, сиздин мамилеңизди чагылдырып туруучу №5 тегерекке көңүл буруңуз. Сиздин МЕНдин бардык бөлүктөрү ортосунда толук шайкештикти (гармония) камсыздоо үчүн сизге эмне жетишпей тургандыгы тууралуу жеке жообуңузду бериңиз же корутунду чыгарыңыз.

**Көнүгүү:** ***«Жакшылык».***

Биздин ар бирибизде тигил же бул деңгээлде жакшылык сезимдер, адамдарга карата жакшы мамиле өнүккөн. Биз азыр адамдар тууралуу жакшылык сөздөрдү угабыз. Ар бирибиз кезеги менен башка катышуучуларга кайрылып, «Мисалы, мен сенде … баалайм» деген фразаны айтып, бул учурда кимге кайрылган болсоңуз алардын ар биринде сиз эмнени баалай тургандыгыңды баса белгилегиле.

Талкуулоо: Эмнени айтуу оңой болду? Эмне кыйынчылык жаратты? Өзүңүз жана башкалар тууралуу жаңы нерселерди билдиизби?

**Көнүгүү:** ***«Ресурстар».***

Алып баруучу угуучуларга алардын турмуштагы максатын ишке ашыруусуна мүнөзүндөгү кандай сапаттар өбөлгө түзөөрүн ойлонуп көрүү сунушталат.

Өзүңүздөгү төрт күчтүү сапатты (жакты) жазгыла, аларды кандайдыр бир символдор түрүндө сүрөттөгүлө. Бул сиздин жашооңузда жардамга келүүчү ресурстар.

**Көнүгүү:** ***«Ийгиликке карай кадамдар».***

Б663тын сол жагына тепкичти тарткыла (беш баскычтан кем эмес). Тепкичтин чокусуна өзүңүздүн максатыңызды жазгыла. Ар бир баскычында сиздин максатка алып баруучу аракеттерди жазып чыккыла. Көзүңөрдү жуумп ар бир кадамды так элестеткиле. Аларга туура келүүчү сөздөрдү жана образдарды көрүүгө аракет кылгыла. Ар бир кадамды так элестетмейинче көзүңөрдү ачпагыла. Сизге жолтоо боло турган нерселердин тизмесин түзгүлө (мисалы, теле программа же кимдир бирөөнүн жагымсыз сөздөрү тууралуу ойлор). Терең дем алгыла жана алаксыткан ойлорду «дем менен чыгарып сал».

**Көнүгүү:** ***«Күчтүү жактары».***

Топтун ар бир мүчөсү өзүнүн күчтүү жактары тууралуу – эмнени жакшы көрөт, эмнени баалайт, өзүнө эмнени кабылдайт, ага эмне ички ишеним сезимдерди жана ар кандай кырдаалдарда өзүнө ишеним берeринайтып бериши керек. Мүнөздөгү оң сапаттар тууралуу гана айтуунун кажети жок, жашоонун ар кандай учурларында эмне таяныч болуп кызмат кылаары тууралуу белгилеп кетүү зарыл. Сүйлөп жаткан адам түз сүйлөп, эч кандай «бирок», «эгер» ж.б. сөздөрдү колдонбогону мааниге ээ. Бул көнүгүү өзүн өзү ачып берүүгө эле эмес, өзү тууралуу оң жагынан ачып берүүсү тууралуу ой жүгүртүү жөндөмүнө да багытталган. Андыктан аны аткарып жатып, өзүнүн кемчиликтери, каталары, алсыз жактары тууралуу айтуудан качуу керек. Алып баруучу өзүн сындоого, өзүн талкууга алууга жасалган ар бир аракетке тыюу салышы керек.

Топтун башка мүчөлөрү суроо беришпейт, алар угуучу бойдон калышат. 3-4 мүнөттөн кийин мурунку мүчөнүн оң жагында отургантоптун кийинки мүчөсү сүйлөй баштайт, ошентип отуруп баары кезеги менен айтып бүткөнчө кайталанат.

Мындан кийин өзүнүн күчтүү жактарын «инвентаризациялап», аларды жазып чыгуу керек.

Андан соң катышуучулар 2-3 адам болуп топторго биригип, өзүнүн күчтүү жактарына таянып, өзүнүн жеке кызыкчылыктары жана муктаждыктары менен гана чектелбестен, чындап эле баалуу нерсени кантип жасай ала тургандыгын талкуугa алышат.

Соңунда катышуучулар жалпы айланага кайтып келишет жана бири-бирине өзүнүн күчтүү жактарын кантип пайдаланганы жатканын айтып беришет.

**Көнүгүү:** ***«Күч».***

Топ эки чакан топко бөлүнөт (эркин). Биринчи чакан топ адам өзүнүн күчүн кээде көбүртүп-жабыртып көрсөткөндүгүнүнсебебин таап жазып чыгышы керек. Экинчи чакан топ адам өзүнүн алсыз жактарын көбүртүп-жабыртып көрсөтүүсүнүн себебин ачып бериши керек. Аталган себептер турмуштагы окуялар менен иллюстрацияланышы керек. Иштин соңунда чакан топтун өкүлдөрү анын натыйжасын көрсөтөт.

## ЭМПАТИЯ ТРЕНИНГИ

**Көнүгүү:** ***«Мен сага ишенем».***

Ишеним топтогу баарлашуунун мүнөздөмөсү болушу мүмкүн, ошондо топтогу кырдаалдын нормалдуу өнүгүүсү учурунда бул механизмди топтон тышкары баарлашууга да алып чыкса болот. Катышуучулардын саламаттыгы жана конструктивдүү иши үчүн чечүү болуп топтун мүчөлөрүнүн бири-бирине болгон ишениминин потенциалы эсептелет.

Катышуучуларга төмөнкүдөй көрсөтмөлөр сунушталат: «Бири-бириңерге канчалык деңгээлде ишенесиңер же ишенбейсиңер, ойлонуп

көргүлө. Сизде канчатоп болсо ошончо карточка бар. Карточкага плюстарды (ишеним) жана минустарды (ишенбөөчүлүк) койгула. Андан соң, топтогу бардык катышуучулар көздөрүн жумганда, топтун ар бир мүчөсүнүн алдына кезеги менен карточкаларды коюп чыккыла. Бүткөндөн кийин ордуңа кайтып келип, кошунаңды акырын түртүп койгула».

Талкуулоо үчүн суроо катары төмөнкүлөр сунушталат: сиздин божомолуңуз алынган карточкалардын саны менен канчалык деңгээлде туура келди, кандай карточкалардын саны көбүрөөк экен, өзүңүз үчүн кандай жыйынтык чыгара аласыз?

**Көнүгүү:** ***«Мен – жакындарымдын көзү менен».***

Аталган көнүгүү башкалардын сезимдерин жана ойлорун, өзүңдүн жеке сезимдериңдин жана башка адамдарга карата ойлоруңдун проекциясынтүшүнүүгө жардам берет. Топтун катышуучуларына баарлашуунун маанилүү кырдаалдарында башкалар эмне сезип жаткандыгын сезүүгө жана айта берүүгө аракет кылуусу, андан соң анын жакын адамдары экзистенциалдык маселелерди башынан кечирип жатабы, эгер андай болсо, анда кандай формада болуп жатканын элестетүүсунушталат.

**Көнүгүү:** ***«Адамдын көрүүдөгү образын куруу».***

***Тапшырма:*** Өзүңө өнөктөштү тандап ал. Ага бет маңдай отургула. Бири-бириңерди сүрөткө тартып жатам деп элестеткиле. Бир мүнөттүн аралыгында аны абдан кунт коюп карагыла. Бул учурда сүйлөшүүгө болбойт. Бетиндеги ар бир чийинди, үстүндө кийген кийимин, мүчө түзүлүшүн, мүнөздүү кыймылдарын кылдат карап чыккыла. Андан кийин көзүңөрдү жумгула. Бул адамдын келбетин ички көрүү сезими аркылуу элестетип чыккыла. Эгер кайсы бир жерин унутуп калган болсоңор көздү ачып, калып калган деталды көңүл коюп кайрадан карап чыккыла. Төмөнкү суроого оюнузда жооп бериңиз: Бул адам сага кимдир бирөөнү элестеткен жокпу (ата-энеңди, жакындарыңды, досторуңду, белгилүү актерлорду ж.б.) Ички монологдон кийин көзүңөрдү ачып, өзүңөрдүн өнөктөшүңөргө эмне

ойлогонуңарды айтып бергиле. Өз кезегинде өнөктөшүңөр да өз ойлорун айтат.

**Көнүгүү:** ***«Тийгизүү».***

***Тапшырма:*** Сиз жана сиздин өнөктөшүңүз бет маңдай отурасыздар. Бир мүнөттүн аралыгында бири-бириңерди карап отургула. Андан соң көздү жуумп бири-бириңерге кол сунгула жана аларды акырындык менен изилдей баштагыла. Алып баруучунун командасы менен колуңарды тийгизүү менен сүйүүнү, коркууну, суктанууну, кош көңүлдүктү, ишенимди ж.б. конкреттүү аракет жасалат. Кичинекей эле өзгөрүүлөрдү сезгенге аракет кылгыла. Бир мүнөттөн кийин бири-бириңерди какпай, коштошуп, колуңарды тартып алгыла. Тынч отургула. Көнүгүүнүн жүрүшүн толук эстеп чыккыла, сезимдериңиз менен өнөктөшүңөр менен бөлүшкүлө.

**Көнүгүү:** ***«Эмпатия».***

Катышуучуларга жубу менен бөлүшүп, көңүлүн өнөктөшүнө буруу сунушталат. Элестетүү керек: ал үчүн азыркы учурда эң актуалдуу эмне, эмнеге ишенет, кимге таарынат, өзүнөн жана башкалардан эмнени талап кылаарын элестетиш керек. Андан соң партнердун атынан «өзү тууралуу» айтып берүү сунушталат. Талкуу учурунда катышуучулар ортосунда болжолдонгон реалдуулукка дал келүүсү, сүрөттөө формасы ачыкталат. Төмөнкү мүнөздөгү маселелер талкууга алынат: башка адамды сезе алдыңбы, адам тууралуу элестеткендери жана анын субъективдүү реалдуулугу канчалык жакын, өзүнүн ойлорун жана сезимдерин өнөктөшүнө өткөргөн учурлар болду беле? Андан ары катышуучулар эмпатиялык угуу техникасы менен таанышат.

**Көнүгүү:** ***«Тастыктоо».***

***Тапшырма:*** Өнөктөшүңүзгө сиз чындык деп эсептеген тастыктоолорду билдириңиз. Ал сиз атйкандарды сиздин үнүңүздү, тонду, интонацияңызды, бетиңиздеги көрүнүштү, позаңызды тууроо менен кайталашы керек. Канчалык деңгээлде туура кайталанганын текшериңиз, эгер сиздин аңгемелешүүчүңүз жаңылбаса, ал тууралуу ага айтыңыз. Ачык-айрым жана

чынчыл болуңуз, бул оюнду таап ал оюнуна айлантып жибербеңиз. Андан соң ролдоруңар менен алмашып, жогоруда айтылгандарды кайталагыла.

**Көнүгүү:** ***«Макулдугуна жетишүү».***

***Тапшырма:*** Өнөктөшүңүз менен бетме бет отуруңуз. Отургандардын бири ал үчүн туура деп эсептелген тастыктоолорду айта баштайт. Уккан адам, аларга карата өзүнүн пикирин «Сен … айтайын дедиң беле?» деген сөздөр менен башталган фраза менен жооп берет, бош жерге айтып жаткан адамдын оюн кайталап айтат, муну менен ал айтылган ойлорду түшүнөгүн билдирет. Сиздин максат – үч жолу анын макулдугуна жетишүү. Эгер суроо берген адамтийиштүү туура жооп алууга жетишпесе, анда жооп берип жаткан адам тигил же бул сөздөрдө кандай маани жаткандыгын суроо берген адамга түшүндүрүшү керек.

## КОММУНИКАТИВДИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮК ТРЕНИНГИ

**Көнүгүү:** ***«Мени уксаң».***

Катышуучулар жуптарга бөлүшүп, ким сүйлөчү жана ким угуучу болоорун чечишет. Алып баруучу угуучулардын милдети – 2-3 мүнөт аралыгында «абдан тажатма аңгемени» кунт коюп угуу экендигин айтат. Андан соң болочок «Аңгемечилерди» ары чакырып алып, аңгемени кантип «абдан тажатма» кылуу керектиги боюнча көрсөтмө берет. Чындыгында, иштин чоо-жайын түшүндүрөт («угуучулар» укпай тургандай кылып), бул жерде негизгиси аңгеменин канчалык деңгээлде тажатма экендигинде эмес, айтып берүүчүнүн угуп жаткандардын кандай таасирленгендиги эсепке алуу. Бул үчүн айтып берүүчүгө бир мүнөттүк кептен кийин ыңгайлуу учурду таап тыныгуу жасап, андан соң угуучулардын кандайдыр бир таасирденүүсүн (баш ийкөө, жаңсоо, сөздөр ж.б.) байкагандан кийин аңгемесин улантуу сунушталат. Эгер 7-10 секунд аралыгында эч кандай реакция байкалбаса, анда аңгемесин дагы бир мүнөттөй улантуу керек жана кайрадан токтоп, угуучулардын реакциясын эстеп калышы керек. Ушуну менен бул көнүгүү аяктайт.

Топтун бардык мүчөлөрүнө көрсөтмөлөр жана көнүгүүнүн максатын ачып берет. Айтып берүүчүдөн угуучулардын реакциясынын мазмунун эсинде сактоосун суранат (реакциянын көз көрүнөө жоктугун «унчукпоо» катары карап). Алып баруучу угуунун типтүү ыкмаларынынын тизмесин келтирет, аларды атоо менен аларга зарыл түшүндүрмөлөрдү берет.

**Көнүгүү:** ***«Саламдашуу».***

Катышуучулар айлана болуп олтурушат жана кезеги менен бири-бири менен саламдашат, бул учурда алар милдеттүү түрдө өнөктөлүнүн өзгөчөлүгүн баса белгилешет, мисалы: «Мен сени көргөнүмө кубанычтуумун, абдан келишимдүү болуп кетиптирсиң» же «Салам, сен ар дайым күүлүү-күчтүү жана шайыр жүрөсүң». Биринчи эле жолукканда адам өзү баса белгилеген жекече сапаттар тууралуу эстөөгө болот. Катышуучу дароо эле баарына же конкреттүү бир адамга кайрыла алат. Мына ушундай психологиялык машыгуу учурунда топ баарлашуунун ишеним көрсөтүүчү стилине таурланып, бири-бирине болгон жакшы мамилесин көрсөтүшү керек. Алып баруучу байланыш түзүү манерасына көңүл бурушу керек.

Соңунда алып баруучу катышуучулар кетирген типтүү каталарды карап чыгып, саламдашуунун продуктивдүү ыкмаларын көрсөтөт.

**Көнүгүү:** ***«Интервью».***

Катышуучулар жуп-жуп болуп бөлүнүшүп, 10 мүнөт аралыгында өзүнүн өнөктөшү менен аңгемелешет, бул учурда ал мүмкүн болушунча ал тууралуу көбүрөөк маалымат алганга аракет кылат. Андан соң ар бири өзүнүн аңгемелешүүчүсүн кыскача тааныштырууга даярданат. Эң башкы милдет – анын индивидуалдуулугун, башкаларга окшошпогондугун баса белгилөө. Андан кийин катышуучулар кезеги менен бири бирин тааныштырат.

Катышуучулар көнүгүү маалында алган маалыматы менен бөлүшөт. Талкууга 10-15 мүнөт берилет.

**Көнүгүү:** ***«Көргөнүмдү айтам».***

**Көрсөтмө:** «Тегерек болуп отуруп, силер азыр башкалардын жүрүм-турумуна байкоо жүргүзөсүңөр, анан кезеги менен каалаган катышуучу тууралуу көргөнүңөрдү айтып бересиңер. Мисалы: «Коля бутун учкаштырып отурат», «Катя жылмайып күлдү».

Алып баруучу көнүгүүнү аткаргандан кийинбаалоону пайдалануу тенденциясы көп байкалдыбы, бул көнүгүү татаал болдубу, катышуучулар эмне сезди деген сыяктуу баа берген пикирлерди жана ойлорду пайдаланбаганга аракет кылуусун көзөмөлдөйт.

**Көнүгүү:** ***«Диспут».***

Көнүгүү диспут формасында жүргүзүлөт. Катышуучулары саны боюнча тең эки командага бөлүнөт. Чүчү кулак аркылуу кайсы командакайсы бир маселе боюнча алтернативалуу позицияны ээлей тургандыгы аныкталат, мисалы: «күнгө күйүү», «тамеки чегүү», «айрым тамактануу» ж.б. «жактоочулары» жана «каршылары». Тигил же бул көз караштын пайдасына аргументтерди команда мүчөлөрү кезеги менен келтиришет. Ойноп жаткандар үчүн милдеттүү талап катары атаандашынын айткандары жана маанилүү аргументтерди түшүндүрүүсү эсептелет. Угуу процессинде кезеги келе турган команда мүчөсү дуулдап, кош жаңырык кылып колдоп турушу керек, эгер аргументация мазмуну толук түшүнүктүү болбосо тактоочу суроолорду берип, эгер толугу менен түшүнүксүз болсо парафраза жасашат. Өзүнүн командасынын пайдасына айтылган аргументтерди сүйлөп жаткан адам тигил же бул ыкма менен анын айткандарын туура кабыл алгандыгын билдиргенден кийин (башын ийкөө, «ооба, мен ушуну айтайын дегем») айтылат.

Алып баруучу угуучулар такттарды, парафразаларды өткөрүп жибербей, тийиштүү такт реакциясын пайдалануу менен айтылгандарга колдоо көрсөтүүсүн ишке ашыруусу үчүн сүйлөгөндөрдүн кезегин көзөмөлгө алат. «Ооба, Сиз мени туура түшүндүңүз» деген сыяктуу аңгемелешүүчүнүн сөзүн кайталап, ал эми туура түшүнгөндүгүн айткандарды кайталап айтуу менен түшүндүрмө берүү баарынан оңой. Катышуучунун аңгемелешүүчүнүн

ойлорун улантуу жана өнүктүрүү аракеттерине жол бербөө, ага анын сөздөрү эместигин билдирүү. Көнүгүүнүн аягында алып баруучу парафразанын жардамы менен «диспуттун» катышуучусунун позициясын тактоого жетишүү учуруна көңүл буруу менен анын жүрүшүнө түшүндүрмө берет.

**Көнүгүү:** ***«Басма машинке».***

Катышуучуларга сөз же фраза жашыруун айтылат. Текстти түзгөн тамгалар топтун мүчөлөрү ортосунда бөлүштүрүлөт. Андан соң фразаны мүмкүн болушунча тезирээк айтканга аракет кылышы керек, болгондо да ар бир катышуучу өзүнө бөлүнгөн тамганы гана айтат, ал эми сөздөрдүн ортосун бөлүштүрүүдө катышуучулардын баары алакандарын чабышат.

**Көнүгүү:** ***«Кагылышууда мен эмне кылам жана кандай эмоцияларды башымдан кечирем?».***

Топтун катышуучуларына кагылышууга кабылганда алар көпчүлүк учурда эмне кылаарын жана кандай эмоцияларды башынан кечирерин жазуу сунушталат. Топтун мүнөзүнө жана сабактын түрүнөжараша аракеттердин сүрөттөлүшү бир аз шөкөттөлүшү мүмкүн, ал эми эмоциялар реалисттик маанайда сүрөттөлөт жана алардын арасында кайра эле негативдүү же жагымсыздары басымдуулук кылат.

**Көнүгүү:** ***«Эгер..., мен ... болмокмун».***

Көнүгүү айлана түрүндө жүрөт: катышуучулардын бири шарт коет, мында кандайдыр бир кагылышуу кырдаалы айтылат. Мисалы: «Эгер дүкөндө мени алдаган болсо…». Андан кийинки отурган адам сүйлөмдү улантат (бүтүрөт). Мисалы: «… анда мен доо-арыз китебин бер деп сурамакмын».Бул көнүгүүнү бир нече этап менен өткөрүү максатка ылайык болмок, алардын ар биринде отургандардын бары катышып, андан соң талкууга өтүшөт.

Алып баруучу кагылышуу кырдаалдары, жана ошондой эле андан чыгуу кайталанышы мүмкүн.

**Көнүгүү:** ***«Кагылышууларды жайгаруу».***

Алып баруучу кагылышууларды ыкчам жана эффективдүү жайгаруу жөндөмүнүн маанилүүлүгү тууралуу айтып берет; ал азыркы учурда тажрыйбалуу жол менен кагылышууларды жайгаруунун негизги усулдарын аныктоого аракет кылуу керектигин жарыялайт.

Катышуучулар үчтөн бөлүнөт. 5 мүнөттүн ичинде ар бир үчилтик сценарий ойлоп табышат, анын негизинде 2 катышуучу кагылышуучу тараптарды билдиришет (мисалы, урушуп жаткан жубайларды), ал эми үчүнчүсү – калысты, арбитрды ойнойт. Алып баруучу талкууга төмөнкү суроолорду алып чыгат:

- Кагылышууну жайгаруучу канда усулдар көрсөтүлдү?
- Оюн маалында катышуучулар кандай кызыктуу табылгаларды колдонушту?
- Кагылышууну жайгара албаган катышуучу менен кантип өзүн алып жүрүү керек?

**КОРУТУНДУ САБАК**

**Көнүгүү:** ***«Телеграммалар».***

Ар бири телеграмма жазат, мында алар башкалар жана өзү тууралуу билген жакшы нерселер тууралуу жазат. Телеграммалар жалпы папкага чогултулуп, анан окулат.

**Көнүгүү:** ***«Мен … болгонуна ыраазымын».***

Тренингдин катышуучулары бир нерсеге үйрөнгөнүнө, жана ал билгендерин өз алдынча турмушунда колдоно ала тургандай ишеним менен кетиши керек. Көнүгүү болуп жаткан окуяларда позитивдүү аспектилерге көңүл буруруга жардам берет. Катышуучуларга төмөнкүдөй көрсөтмө берилет: «Ар бири өзүнүн турмушунда «Мен бул үчүн ыраазымын» деп айта ала турган бир нече нерсени же окуяны тапканга аракет кылышы керек. Бул ойлорду жазып жатып, ар бир жолу «Мен ыраазымын…» деген сөздөр менен башташы керек.

**3-ТИРКЕМЕ.**

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ РУХАНИЙ-АДЕПТИК ТАРБИЯЛООНУН МАЗМУНУ

**1-класс.**

**1-тема: Баласы 1-класска барган ата-эне эмнени билүүсү керек же кайрадан мектеп партасында.**

**Максаты:** Ата-энелердин башталгыч мектеп жашындагы бал-дардын өсүүсүндө психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу. Башталгыч мектеп курак балдардын интеллек-туалдык өнүгүүсүндөгү маанилүү этап. Биринчи жыл ичинде мектеп-те ой жүгүртүүсүнүн негизги багыттарын өзгөртүү. Бул курак балдар-га интеллектуалдык жактан өнүктүрүүгө дем берүүчү убак. Кенже курактагы балдардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн зарыл түрдө калыптандыруунун бардык түрү. Кенже мектеп окуучулары-нын ишинин негизги түрү: окуу, эмгек, баарлашуу, жана оюн. Бул куракта окуу ишин өнүктүрүүдө өзгөчө роль ойнойт. Таанытуучу процесстерди (кабыл алуу, көңүл буруу, эс тутум) түздөн түз жөнгө салат. Кенже мектеп окуучуларынын өзүндө шарттарды тездик менен өстүрүү жана өркүндөтүү. Жети жылда кризи с. Кризистин терс симптоматикалары: кежирлик, негативдүүлүк, жүрүм-турумдун өзгөрүшү. Ата-энелердин жүрүм-турумунун стратегиясы.

**2-тема: Кенже мектеп жашындагы инсанды калыптандыруу.**

**Максаты:** ата-энелер жамааты менен башталгыч мектеп кура-гындагы баланын жеке инсандык өзгөчөлүктөрүнүн сапатынын калыптануусу менен тааныштыруу. Кенже мектептик курак – инсандын жеке менчик укуктары менен ийгиликке жетүү үчүн бышыктоочу убак. Өзүн-өзү таануу жөндөмүн көзөмөлдөө жана жөнгө салууну күчөтүү. Баланын шайкеш келген талаптарын нормалдуу деңгээлде өзүн-өзү баалоону калыптандыруу. Кенже

мектеп жашында инсандык эмгекти сүйүү сапатын калыптандыруу жана жөнгө салуу шарттары. Баланын өз алдынчалуулугунун өнүгүүсү. Мектепке барган күндөн тарта баланын чөйрөдөгүлөргө болгон өз ара мамилесинин өзгөрүшү. Башкалар менен мамилелешүүдө баланын ички абалынын мазмуну, башка адамдар менен болгон өз ара мамилеси, ички абалынын мазмуну, өзгөрүп жаткан дүйнөдө сезүү, алардын ою. Баланын эмоционалдуу жан дүйнөсүнө теңтуштарынын мамилелешүү мүнө-зү көз каранды.

**3-тема: 1-класстын окуучуларынын мектепке ылайыкташуу кыйын-чылыктары. Кантип аларды чечүү керек?**

**Максаты:** алгачкы окуу жылында балдардын мектепке көнүү мезгили, кыйынчылыктары менен ата-энелерди тааныштыруу, аларды жоюу боюнча практикалык сунуштар. Биринчи класс-майрам жана стрес с. 1-класстардын мектепке көнүүсүнүн психоло-гиялык кыйынчылыктары. Ылайыкташуу мезгилдин негизги көйгөй-лөрү: жаңы жөндөмдүүлүктүн кошулушу, жаңы мамиленин систе-масына чыгуу, көнө албаган күн тартибине жана ишке көнүү, жаңы милдеттердин пайда болушу. Мектептеги ылайыкташуу мезгилдин жолундагы кыйынчылыктарды жеңүү.

**4-тема: 1-класстын окуучусунун сергек жашоонун мүнөзүн өнүктүрүүнүн жана тарбиялоонун таасири.**

**Максаты:** балага сергек жашоонун мүнөзүн уюштуруу боюнча сунуш киргизүү, “сергек жашоонун мүнөзү” деген түшүнүктү аныктоо жана анын баланы өнүктүрүүдө жана тарбиялоодо тийгизген таасири.

Сергек жашоонун мүнөзү: түшүнүк, структуралык компоненттери. 1-класста сергек жашоонун мүнөзү боюнча тарбиялоо-нун маанилүүлүгү. Окуучунун өз алдынча иши жана окуу процессинин рационалдуу уюшулбагандыгы, окуу процессинин интенсификациясы, балдардын курактык мүмкүнчүлүктөрүнө окуу методикасынын фукционалдык ылайыкталышы жана технологиянын талапка жооп бербегендиги, педагогикалык тактиканын стресстик таасири баланын ден соолугунун бузулуусунун мектептик таасири болуп эсептелет. 1-класстын ата-энелерине

балдардын ден соолугун сак-тоо боюнча педагогикалык-психологиялык сунуштар. 1-класстын баласынын ден соолугун сактоо жана бекемдөө – күн тартибинин негизи.

**5-тема: кенже мектеп окуучусунун негизги ишмердүүлүгүнүн түрү. Ата-энелер окууда балага кантип жардам берүүсү керек.**

**Максаты:** Балдардын окуудагы көйгөйлөрүн белгилөө, окуу ишин уюштуруу боюнча балага жардам берүүнү сунуш берүү. Бала окуучу болуп, окуу ишмердүүлүгүндө катышуучу, чоң чыналууну, эркти, күчтү, интеллектти талап кылуучу жаны социалдык позицияга ээ болот. Ата-энелердин жардам берүү максатындагы жалпы стра-тегиялык жүрүм-туруму баланын окуусунда бир канча ийгилик жаратат. Баланын окуусунда ата-энелердин мотивациясынын таасири өтө чоң. Эмне үчүн биринчи этапта окуучунун окуусун ийгиликтүү камсыз кылуу маанилүү. Үй тапшырмасын даярдоодо балага жардам көрсөтүү боюнча практикалык сунуштар. Үй шартында баланын таанып билүүчү кызыкчылыктарын колдоо үчүн ата-эне-лерге кеңештер.

**6-тема: Кенже мектеп окуучусунун жашоосундагы оюн жана эмгек.**

**Максаты:** Кенже мектеп жашындагы баланын оюн жана эмгек ишмердүүлүгүн уюштуруу боюнча сунуш киргизүү, кенже мектеп окуучусунун жашоосундагы эмгек жана оюндун ордун жана маанисин аныктоо.

Кенже мектеп окуучусунун жашоосунда оюндун мааниси. Кенже мектеп окуучусу үчүн оюн ишмердүүлүгүнүн мүмкүнчүлүк-төрү. Кенже мектеп жашында балдардын оюндагы өзгөртүү мүнөзү. Балдардын интеллектуалдык жана ишкердик жөндөмдүүлүгүнүн сапаттары таймаштык жана конструктордук оюндардын таралышы, пайда болушу. Балдар үчүн спорттук оюндардын өнүгүүсүнүн мааниси. Оюн бул балдардын жана чоңдордун жашоосундагы биргелешкен идеалдуу формасы. Оюн – баланын жашоосундагы баштапкы жана продуктивдүү чыгармачыл потенциянын пайда болуусуна, жашоосундагы өз ролун түзүүгө көмөк берет. Баланы

эмгекке үйрөтүү. Эмгек ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн түрлөрү. Бала үчүн үйдө жана мектепте эмгекти уюштуруу. Эмгек инициативалык, өз алдынча жана чыгармачылык катары иш. Бала үчүн эмгектин зарылдыгы жана аны стимулдаштыруунун ыкмалары.

**7-тема: Кенже мектеп окуучусунун жүрүм-турумунун маданияты жана тарбиянын таанып-билүүчүлүк адаттары.**

**Максаты:** Балдарды тарбиялоо боюнча адеп ахлактык адаттар жана жүрүм-турум маданияты боюнча ата-энелерге практикалык сунуштарды сунуштоо. 7-8 жаштагы курак – бул моралдык ченемдерди өздөштүрүү үчүн ыңгайлуу мезгил. Кенже мектеп окуучусунун психологиялык даярдыгы эрежелерди жана аларды аткаруу, түшүнүүнүн кажети, ченемдери. Адеп-ахлактык реализмден адеп-ахлактык релятивизмге (обьективдүү дүйнөнү билүүгө боло тургандыкты танган жана бардык билимди билим деп эсептөөчү идеалисттик окуу) өтүү – колдонуудагы белгилүү ченемдерди түшүнүү. Таанып билүүчүлүк жана жөндөмдөрү алардын тарбиясында. Баланын жүрүм-турум маданияты жана аны тарбиялоонун жолдору. Ата-энелердин оң сапаттары. Балдарга чоңдор тарабынан коюлган ченемдерди, эрежелерди, тыюу салууларды өздөштүрүүгө кантип жардам берүү керек.

**8-тема: Балдардын кенже мектеп жашында эмне менен алек болуусу.**

**Максаты:** 1-класстардын бул куракта эмне менен алек болуу мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмүн жаш өзгөчөлүктөрү боюнча калыптандыруу ата-энелер жамаатына тааныштыруу.

Кенже мектеп курагы – баланын чыгармачылык өнүгүүсү үчүн өзүнүн жөндөмүн жана мүмкүнчүлүктөрүн таанып билүү жана чөйрө менен активдүү таанышуу үчүн эң жагымдуу мезгил. Кенже мектеп окуучусунун дүйнө кызыкчылыктары менен алек болуусу. Кенже мектеп окуучусунун дүйнөнү таанып билүү ишмердүүлүгүндө жана ишмердүүлүк аркылуу дүйнөнү таанып билүү. Ишмердүүлүк чоңдор (ата-энелер) аркылуу берилген. Бала жашаган чөйрөгө, анын шартына, чөйрөдөгүлөрдүн алек болуусунун

түрдүүлүгүнө байла-ныштуу. Ата-энелердин жүрүм-турум эрежелери: баланын тиешелүү мүмкүнчүлүгүнө жараша шарттарды түзүү, талапка жооп бериши, айланадагылардын жүрүм-турумун көчүрмөлөө, баланын умтулуу-ларын чектебөө.

**9-тема: Үй-бүлөлүк окууну уюштуруу.**

**Максаты:** Үй-бүлөлук окууну уюштуруу боюнча ата-энелерге практикалык сунуштарды сунуштоо, кенже мектеп окуучусун тар-биялоодо үй-бүлөлүк окуунун ролун аныктоо.

Китеп – үй-бүлөдө жана баланын руханий өнүгүүсүндө. Үй-бүлөлүк китепкана. Баланы окуутууда ыкмаларды жана методдорду тиркөө. Окуунун жүрүшүндө балдардын окугандарын талкуулоо, элестетүүсүн жана чыгармачылык ойлоосун өнүктүрүү. Кантип баланын сабаттуулугун өнүктүрүү, окууга, китепке болгон сүйүүнү жөнгө салуу, тарбиялоо, үйдө байытылган чөйрөнү түзүү керек: жазуу сабаттуулугу, чоңдордун гезит окуусу, өзүнүн өзгөчө максаты үчүн китеп окуу, үй-бүлөлүк үн чыгарып окуу, ар кандай сөздөрдүн мааниси жана жазылышы, балдар оюндарынын ар кандай усулдары, эрежелери, конструкторлор ж.б. мүмкүнчүлүктөрү менен таанышат. Ата-энелердин үй-бүлөлүк окууну уюштурууда кеңештер жана сунуштар.

**10-тема: Мына биз 1 жылга чоңойдук.**

**Максаты:** Ата-энелерди балдардын жетишкендиктери – 1-класстын бүтүрүүчүлөрү менен тааныштыруу.

**Өткөрүү формасы:** Оозеки журнал, окуучулар менен ата-энелердин ортосунда биргелешип жүргүзүлөт.

**2-класс.**

**1-тема: Балдары 2-класска барган ата-энелер эмнелерди билүүсү керек?**

**Максаты:** Ата-энелерди экинчи класстын окуучуларындагы, балдардагы өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү менен тааныштыруу. Ушул курактагы балдарды тарбиялоо боюнча практикалык сунуштама-ларды берүү.

Окуу процессинин аң сезимдүүлүгү. Ушул курактагы балдарды окутуудагы мотивациянын өзгөчөлүктөрү. Мугалимге жана курбуларына теңтуш мамилесинин ишеничтүүлүгү. Экинчи класстын окуучуларынын ушул курактагы жаңыдан пайда болуп жаткан рефлексиясы. Берилген курактагы балдардын көрсөтмө-аракеттик жана көрсөтмө-образдык ой жүгүртүүсүнө басымдуулук кылуусу. Ички жана сырткы өзүн-өзү башкаруу жөндөмдүүлүгүнүн калыптануусунун мезгили. Алгачкы экинчи класстын окуучулары менен иш алып баруудагы, мамиле жасоодогу, тарбиялоодогу кыйынчы-лыктар жана бул проблемаларды чечүүнүн жолдору.

**2-тема: Кенже мектеп жашындагы балдардын индивидуалдык өзгөчөлүктөрү.**

**Максаты:** Балдардын жекече өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана өрчүтүү боюнча ата-энелерге сунуштарды берүү. Баланын ички дүйнөсү. "Жетиштүү областы" жана "чектөө областы". Кенже мектеп жашындагы балдардын мүнөзүнүн өзгөчөлүктөрү. Балага жана анын өзгөчөлүктөрүнө жекече мамиле жасоо. Балдардын талантын өрчүтүү жана жетишпеген жактарын компенсациялоо. Баланын жөндөмдүүлүгү жана аны өрчүтүү жолдору. Ата-энелер жана мугалим тарабынан баланын жекече сапаттарын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү.

**3-тема: Личносттун калыптануусундагы балалыктын орду. Бала - баланын субъекти.**

**Максаты:** Баланын инсан катарында калыптануусундагы балалыктын мааниси жана орду. Балалыктын өзүн-өзү сыйлоо сезими. Инсандын үч топтогу негизги касиеттери бала чакта калыптанат: стилдик, инструменталдык жана мотивациялык. Аталган үч топтогу сапаттардын пайда болуу ыраааты инсандын өнүгүүсүндөгү негизги мезгилдер менен байланыштуу. Баланын өнүгүүсүндөгү таанып-билүүчүлүк жана инсандык өнүгүүсүнүн дал келбөөчүлүгү. Инсандын калыптануусунда мектеп курак эң маанилүүсү болуп саналат. Бала чактагы баланын инсандык өнүгүүсүнүн эң негизги максаты – туруктуу нравалык жөндөмдүн калыптануусу, өз

алдынчалуулукка ээ болуу, көз карандылык жана ички эркиндик. Азыркы коомдо инсандын өнүгүүсүнүн мүмкүн болгон жолдору. Ишкердик нравалык баштал-ма приоритети, балдарда нравалык жөндөмдүн бекемделүүсү менен аларда жашоого болгон грамматикалык көз карашты калыптандыруу. Бала куракта агрессивдүүлүктү калыптандыруудагы коркунуч. Бала чактагы окуялар.

**4-тема: Башталгыч класстын окуучусунун өзүн-өзү баалоосу.**

**Максат:** Ата-энелерге класстын окуучусунун адекваттуу өзүн-өзү баалоосун калыптандыруу жолун үйрөтүү. Окуучулардын дооматтары, өзүн-өзү баалоосу жана адекваттуу баалоонун кесепеттери. Адекваттуу эмес өзүн-өзү калыптандыруу себептери: Тарбиялоонун коомчулук стили, кежирликти жоюу, объек-тивдүү мактоо, баланын көйгөйлөрүнө кайдыгер мамиле жасоо баланын ийгиликтерине кош көңүл мамиле кылуу жана башкалар. Окуучунун ийгиликтерин, жетишендиктерин салыштыруу-адекваттуу өзүн-өзү баалоонун калыптануусундагы негизги фактылар.

**5-тема: Башталгыч класстын окуучулары менен ата-энелердин ортосундагы мамиле.**

**Максаты:** Балага ишенүүчүлүк менен мамиле жасоонун эң негизги экендигине ата-энелердин көңүлүн буруу; бала менен мамиле жасоого сунуштама берүү. Биринчи класстын окуучусунун өнүгүүсүндө жана калып-тануусунда ата-энелер менен болгон байланыштын мааниси, балдар менен ата-энелердин бири-бирине тийгизген таасири. Ата-эне менен баланын ортосундагы мамилелердин типтери: чыгармачылык, кызматташтык, приоритеттик, көз карандысыз, конкреттик конфликтик, авторитардык, үй-бүлөдөгү мамилелердин стилине ата-энелердин жоопкерчилиги. Ата-энелердин позициясы. Үй-бүлөдөгү ишенүүчүлүүлүк мамиле. Бала менен турмуш-тиричилик көйгөйлөрүн талкуулоо. Бала менен ата-эне ортосундагы күндөлүк жана жетиштүү мамиле. Мамиле жасоонун максаты: окуу иш-ара-кетти талкуулоо, информация бөлүшүү, иш-аракетти стимулдаштыруу, баланын активдүүлүгүн жана кызыкчылыгын жогору баалоо, сыналгыдагы

көрсөтүүлөрдү талкуулоо. Ата-энелердин бала менен болгон мамилесинин эрежелери. Баланын улуулар менен тилдик байланышуу дефицити жана анын кесепеттери.

**6-тема: Башталгыч мектепте баланы коллективизмге тарбиялоо.**

**Максаты:** Кенже мектеп окуучусунун коллективдин ролун аныктоо; баланы теңтуш коллективге кошуу боюнча сунуштама берүү.

Кенже мектеп окуучусунун инсандык өнүгүүсү жана коллектив. Мамиле түзүүнүн мазмуну жана баланын мамиле сферасынын кеңейтүүсү, баланы адамдык мамилелердин татаал системасына тартуу. Мамиленин тереңдеши жана балдардын жеке кызыкчылык-тарынын негизинде официалдуу эмес түзүмдөрүнүн башталышы. Мектеп окуучусу личностуна реалдуу коллективдин эки жактуу таасири.

Кенже мектеп личностуна коллективдин оң таасирин күчөтүү жана терс таасирлерди жоюу жолдору. Уялчаак, түнт балдар. Кенже мектеп окуучусун теңтуш балдар коллективине тартуу, коллективди бириктирүү жолдору.

**7-тема: Дени сак муунду тарбиялоодо үй-бүлөнүн жана мектептин ролу.**

**Максаты:** Баланын дени сак болуусуна багытталган информацияларды берүү; дени сак баланы тарбиялоо боюнча сунуштарды берүү.

Кенже мектеп окуучусунун физикалык жана психикалык ден соолугу. Дени сак муунду тарбиялоодо үй-бүлөнүн жана мектептин ролу. Мектеп окуучуларынын физикалык ден соолугун сактоо факторлору: жашоо шарты, эмгек жана эс алуу режимин сактоо, айкалыштыруу, иммундук системаны бекемдөө, зыяндуу адаттарды жок кылуу, балансталган тамактануу жана башкалар. Кенже мектеп окуучусунда психикалык ден соолуктун бузулуу себептери: коркунуч, өтө катуу чарчоо, ашыкча иштөө. Психикалык ден соолукту сактоо жолдору: физикалык көнүгүүлөр, искусствонун ар түрдүү түрлөрү менен алек болуу, сейилдөө жана башкалар.

Психикалык ден соолукту сактоо эрежелери. Ден соолукка аяр мамиле

жасоо идеясы.

**8-тема: Балдардагы агрессивдүүлүк жана анын себептери.**

**Максаты:** Балдардын агрессиясынын себептерин ата-энелер менен биргеликте талкуулоо, анын баланын жүрүм-турумуна таасир этүүсү, ата-энелерде балдардын агрессиясын түшүнүүнү калыптандыруу жана аны жоюунун жолдору. Агрессия түшүнүгү жана ага мүнөздүү сапаттар. Агрессиянын түрлөрү: инструменталдык агрессия – белгилүү бир максатка жетүүнүн каражаты катарында; кастык агрессиясы – адамга залал келтирүүнүн жолу. Агрессиянын кырдаалдык жана туруктуу формалары. Жаш балдардагы агрессиянын себептери. Ар бир нерсенин орду жана кастык балдардагы агрессиянын калыптануусундагы позитивдик жана негативдик фак-тору катарында. Ата-энелердин өзүнө жана балдарга жасаган аң-сезимдүү талабы-балдардын агрессивдүү жүрүм-турумун жоюнун эң негизги шарттарынын бири. Балдар агрессиясынын профи-лактикасы жана аны коррекциялоо боюнча ата-энелерге сунуштар: жомок-терапиясы, психологиялык оюндар, режиссердук оюндар жана башкалар.

**9-тема: Кенже мектеп окуучусунун тиричилик аракетин уюштуруудагы үй-бүлөлүк салттар.**

**Максаты:** Окуучунун жашоосунда үй-бүлөлүк салттардын орду жана мааниси; үй-бүлөлүк салттарды калыптандырууда практикалык сунуштарды берүү. Мектеп жашындагы балдардын инсан катарында калыптануусунда үй-бүлөлүк салттардын ролу. Үй-бүлөлүк тарбиянын улуттук салттары. Үй-бүлөлүк майрамдар жана алар-дын балага тийгизген таасири. Үй-бүлөлүк этикет. Үй-бүлөлүк салттарды калыптандыруу жана сактоо. Үй-бүлөлүк салттарды презентациялоо.

**10-тема: Мына, дагы бир жашка чоңойдук.**

**Максат:** Үй-бүлөдөгү каада-салттын маанисин жана ордун баланын жашоосунда белгилөө.Үй-бүлөлүк каада-салттын түзүлүшүнө практикалык жактан кеңеш берүү. Башталгыч класстарынын балдарынын «инсан» болуп калыптануусунда үй-бүлөлүк каада-салттын ролу. Үй-бүлөлүк тарбиянын

улуттук каада-салттары. Үй-бүлөдөгү майрамдар жана анын балага берген таасири. Үй-бүлөлүк этикет. Үй-бүлөлүк каада салттардын түзүлүшү жана сакталышы. Үй-бүлөлүк каада-салттардын презентациясы (бет ачары)

**3-класс.**

**1-тема: Эгерде бала 3-класска барса ата-эне эмне билүү керек?**

**Максаты:** Ата-энелерди үчүнчү класстардын окуучуларынын өзгөчөлүктөрүнүн өнүгүшү менен тааныштыруу. Үчүнчү класстардын окуучуларынын психикалык өзгөчөлүктөрүнүн өнүгүшү, окуучунун көңүл буруусунун ылдамдыгы, көңүл буруунун туруктуулугу жана топтолуусу, сөздүк жана логикалык ойлонуунун өнүгүшү, үч түрдүү планда тапшырма аткаруунун жөндөмдүүлүгү, образдык, сөздүк логикалык (вербалдык); өзүн-өзү башкаруу жөндөмдүүлүгү жана сырткы – өзүнүн ачык жүрүм-туруму, жана ички – өзүнүн психологиялык процесстери жана сезимдери. Ата-эне, мугалим, классташтары менен болгон мамиленин оорлошу.

**2-тема: Жаш курактагы окуучунун аң -сезими жана адамдык кейпи.**

**Максаты:** Жаш окуучулардын аң-сезиминин, «Мен» деген образынын түзүлүшүнүн жолдорун ата-энелер коллективине сунуш кылуу. Башталгыч классынын окуучуларынын эң биринчи муктаждыгы бул окуучу болуу (окуучу болуу мүмкүнчүлүгүнө жетишүү, ийгиликтүү окуучу болууга максат кылуу, өзүн окуучу катары таанууга багыт алуу, биринчиден мугалим менен, андан кийин курбулары менен. Өзүн-өзү билүү, «Мен» – образы, анын дүйнөгө жана адамдарга болгон мамилеси. Адептүүлүктүн өнүгүүсү күнүмдүк тажрыйбанын жыйынтыгы. Жүрүм-турум этикасынын өздөштүрүү жолдору. Баланын жоопкерчиликтүү болууга жөндөмдүүлүгү. Психологиялык критерийлердин адептүүлүктүн өнүгүүсү. Педагогикалык кырдаалдардын калыптандыруучу анализи.

**3-тема: Биздин балдардын сырдуу дүйнөсү, же бала жана көчө.**

**Максаты:** Курбулардын ролун аныктоо, башталгыч класстарда баланын инсандык өнүгүүсүндө досторунун салымы; ата-энелерге баланын

достору менен мамиле түзүүдөгү сунуштарды берүү.

Башталгыч класс жашындагы баланын жашоосунда достордун, достошуунун, мааниси. Башталгыч класс жашындагы баланын достукту кабыл алуунун жаш өзгөчөлүктөрү. Баланын группадагы орду жана өзүн баамдоо. Коллективдеги белгилүү жана белгисиз балдар.

Баланын ыңгайлуулугу жана ыңгайсыздыгы. Башталгыч класстагы балага канааттандырарлык жана канааттандырарлык эмес (б.а. оң жана терс) таасири. Баланын жалгыздыгы. Баланын дос тандоосундагы кыйынчылыктары. Ата-эненин жүрүм-турум стратегиясы: адептүүлүк, тууралуулугу, түшүнүү жана жардам берүү.

**4-тема: Үй-бүлөдөгү тарбиялоонун ыкмалары. Үй-бүлөдөгү жазалоо жана мактоо: жакшы жана жаман жактары.**

**Максаты:** Үй-бүлөдө баланы тарбиялоодо оптималдуу ыкмаларды тандоо. Тарбиялоо ыкмаларын классификациялоо: ынандыруу ыкмасы, жүрүм-турумдагы туруктуу ыкмасы (көнүгүү ыкмасы); инсандын сезимтал жана эрктүү болуп өзүн-өзү тарбиялоо ыкмасы (дем берүү ыкмасы). Мактоо ыкмасы. Жазалоо ыкмалары. Үй-бүлөдө тарбиялоодо оптималдуу ыкманы кантип тандоо керек? Ата-энелердин үй-бүлөдөгү тарбиялоо ыкмаларын биргеликте тандоосу. Ата-энелердин үй-бүлөдөгү тарбиялоо ыкмаларын тандоодогу макулдугу.

**5-тема: Эзелтеден бери келе жаткан үй-бүлөлүк тарбиялоодо баары кетирген 10 ката.**

**Максаты:** Үй-бүлөлүк тарбиялоодо кетирген каталарды таанып билүү алардын алдын алуу жана жоготуу жолдорун сунуштоо.

Үй-бүлөлүк тарбиялоодогу катачылыктар: жакшы көрбөө жөнүндө сөз берүү, эркелетүүнүн жетишсиздиги, ашыкча катуу болуу; принциптер; «баланы эркелетпөө керек», «Көп акча – жакшы тарбия», «напалеондук пландар», арттырылган роль, сиздин маанайыңыз, баланы тарбиялоого болгон убакыттын аздыгы; жана алардын үй-бүлөлүк тарбиялоодогу катачылыктарды жоюу.

**6-тема. Үй-бүлөлүк убакыт; оюндар , майрамдар, окуу.**

**Максаты:** Ата-энелерди үй-бүлөлүк убакытты уюштуруудагы формалар менен тааныштыруу. «Үй-бүлөлүк убакыт» – түшүнүгү. Башталгыч класстагы бала-нын инсандык өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүүдөгү биргеликте убакыт өткөрүүнүн мааниси. Үй-бүлөлүк убакытты уюштурудагы ыкма-оюн: стол үстүндөгү, спорттук ж.б. оюндар. Үй-бүлөлүк оюндарды уюштуруудагы жана үй-бүлөлүк салттарды сактоо ыкмасы. Үй-бүлөлүк окуу жана аны уюштуруу. Ата-энелердин балдары менен бирге өткөрүү убактысы.

**7-тема: Балдардын коркунучтары жана аларды жеңип алуу жолдору.**

**Максаты: башталгыч** класстагы балдардын коркуу себептерин таанып билүү; аларды жеңип өтүү жолдорун сунуштоо. Башталгыч класстагы балдардын коркуу объекттери. Баланын коркунучу жана тарбиялоо өзгөчөлүгү. Балдардын коркууну жеңип өтүү ыкмасы.

**8-тема: Бир жашка чоңойдук.**

**Максаты:** Ата-энелерди балдардын жетишкендиктери менен тааныштыруу (3-класстын бүтүрүүчүлөрү). Тематикалык, жеке жана тайпада баарлашуу ата-энелердин өтүнүчү боюнча же көйгөйлөр бар болсо гана жүргүзүлөт. Ата-энелер атайын чакыруу менен тематикалык баарлашууга катыша алат. Тематикалык баарлашууга көйгөйдү чечүү жолдорун билген атайын эксперттер катышат. Ата-энелер баарлашуудан кийин, аларды тынчсызданткан көйгөйлөргө жооп алып кайтышы керек. Баарлашууга даярданууда кылдаттык менен баланын досторун, мугалимдерди, баланын өзү менен көйгөй тууралуу сурап алуу керек. Талкууга коюлган маселени ар түрдүү көз караш менен карап чыгуу керек: баланын, ата-эненин, мугалимдин, айлана-чөйрөдөгүлөрдүн. Талкуу учурунда ата-энелер менен балдарды салыштыруу мүмкүн эмес, пикир алмашуу достук маанайда өтүшү маанилүү.

**4-класс.**

**1-тема: Баласы 4-класска барган ата-эне эмнени билиш керек?**

**Максаты:** 4-класста окуган окуучулардын өзгөчөлүктөрү менен ата-энелерди тааныштыруу; ата-энелердин жүрүм-турумунун стратегиясын аныктоо. 4-класстардын окуучуларынын психологиялык процесстерин интелектуалдаштыруу жана өндүрүмдүүлүгүн көтөрүү. Билимге өздүк шыктандырууну калыптандыруу менен адекватуу өзүн-өзү баалоо, өзүнүн окуу ишмердүүлүгүнүн өзгөрүлүшүн түшүнүп билүү. Ата-энелерден көз каранды эместигин түшүнүү. Бирге окуган балдарга караганда чоң адамдар менен сүйлөшүүнү артык көрүшөт.

Баланын ички дүйнөсүндөгү өзгөрүлүштөрүн жана дүйнөгө болгон мамилесин түшүнүп билүү. Ата-энелерден көз каранды эместигин түшүнүү. 4-классынын окуучусунун эмоционалдык абалына таасир эте турган факторлор: сабактагы ийгиликтери, мугалимдер менен болгон мамилеси, теңтуштарынын өз ара класстагы ишкердик жана жеке мамилелери, өз жөндөмдүүлүктөрүн ишке ашыруу даражасынын системадагы орду. Социалдык карым-катнаштын жаңы башталышы: балдар чоңдордун дүйнөсүн баалап жана анын эрежелерин өспүрүмдөрдүн дүйнөсүнө которот.

Балдардын организминдеги физиологиялык өзгөрүүлөрүнө жана алардын дүйнөгө, өзүнө кабыл алуусуна таасир берет.

Ата-энелердин милдети: балдардын ички дүйнөсүндөгү байланышты сактоо, алар менен улуу дос жана насаатчы болуу.

**2-тема: Башталгыч класстарда окуган окуучулардын бош убактысын уюштуруу.**

**Максаты:** Балдардын бош убактысын жана ата-энелер менен бирге эс алуусун уюштуруу жана башка жолдорун анализдөө. Маанилүү ишмердүүлүгүн, максаттуу убактысын үнөмдөөнүн жолдорун уюштуруу, күн тартибин так аткаруу; маалымат берүүчү оюндарды түзүү, балага убакытты максаттуу жана пайдалуу өткөргөнгө багыт берүү, балдарга максатуу жана пайдалуу оюндарды жана сабактарды туура тандоого дем берүү; бала өзү жакшы көргөн сабагына кызыгууга дем берүү, сыналгыны, магнитофонду жана башка техникаларды пайдалуу колдонуу.

Ата-эне менен баланын чогуу дем алуусунун формалары: биргелешкен интелектуалдык чыгармачылык менен эмгектенүү, спорттук ишмердүүлүк, биргелештирилген кыймылдуу жана ролдоштурулган оюндар.

**3-тема: Сыналгы жардамчыбы же душманбы?**

**Максаты:** Өспүрүм балдарга сыналгынын позитивдүү жана негативдүү таасир берүүсүн аныктоо. Башталгыч класстарда окуган окуучулардын тарбиясына сыналгынын таасири. Балдарга сыналгыдан берилген телекөр-сөтүүлөрдү көрүүгө туура тандоого багыт берүү. Балдар менен чогуу сыналгы көрүү жана аны талкуулоо, балдарды жакшы тарбиялаганга жана аны менен тыгыз байланышта болууга көмөк берет.

**4-тема: Баланын курдаштары менен болгон мамилеси.**

**Максаты:** Баланын жашоосуна коллективдин ролу жөнүндө түшүнүк берүү. Балага коллективизмди өнүктүрүү рекомендациясын сунуш кылуу. Баланын коллективи жана анын маанилүүлүгү. Баланын коллективде өзүн-өзү сезүүсү: кыз, бала. Баланын өзүн-өзү таануусу жана өз алдынчалуулугун ишке ашыруусу зарыл. Референттүү топту изилдөө. Лидерликтеги кыйынчылыктар менен болгон мамилесин оңдоого кантип жардам берүү керек (баланын курбулары менен болгон мамилесине көз салуу; бала менен курбуларына биргелешкен оюндарды уюштуруу. Баланы тарбиялоодо болгон көйгөйлүү суроолорду мугалим менен талкулоо).

**5-тема: Башталгыч класстын окуучусу менен чоңдордун диалогу дүйнө таануу жөндөмдүүлүгүнө жана өзүн-өзү түшүнүүгө алып келет.**

**Максаты: башталгыч** класстагы окуучу менен диалог уюштурууну ата-энелер коллективине сунуш кылуу.

Үй-бүлөдөгү педагогикалык диалог. Диалог жана маектешүү баланын ой жүгүртүүсүн, дүйнөнү, адамдарды түшүнүүгө жана өзүн-өзү түшүнүүгө алып келет.

**6-тема: Балдардын окуу үчүн өз алдынчалыгын өнүктүрүүнү андан ары маанинүүлүгү.**

**Максаты:** Окуучулардын өз алдынчалыгын баалоого өнүктүрүү;

балдарды өз алдынчалуулукка өнүктүрүү боюнча ата-энелерге сунуштарды берүү. Баланын өз алдынчалык инсандык сапаты. Өз алдынчалуулуктун критерийлери жана көрсөткүчтөрү. Кенже курактагы балдарды тарбиялоодо өз алдынчалуулугуна ишеним көрсөтүү же көрсөтпөө учурунда келип чыккан оптималдуу чечимдин терс таасири.

Бул курактагы балдардын өз алдынчалыгын тарбиялоонун жолдору, ыкмалары, каражаттары, жаматтык формаларын уюштурууда машыгууларды пайдалануу жана мектепте башталгыч класстарда балдарды эмгекке болгон өз алдынчалуулугун өнүктүрүү.

**7-тема: “Кош бол, башталгыч класс”.**

**Максаты: башталгыч** класста окутуунун жыйынтыктарын чыгаруу. Өткөрүүнүн түрү: окуучулар жана ата-энелер менен биргелешип жүргүзүлгөн оозеки журналдар, методикалык көрсөтмөлөр. Ата-энелер менен жылына бир жолу өткөрүлгөн үй-бүлөлүк тажрыйбаны презентациялоо, жетишкен үй-бүлдөгү балдарды тарбиялоодогу тажырыйбасы сунушталат.